Сл.фл
И 87

Ризван ИСМАИЛОВА



ДҮЙНӨСҮ ТҮГӨЛ ШВЕЙЦАРИЯ

Формуляр книги
Скарг 483713
И-87 Исмаилова Р.
тугол
ория

Скарг
И 87

Ризван ИСМАИЛОВА

ДҮЙНӨСҮ ТҮГӨЛ ШВЕЙЦАРИЯ

Жол очерктери

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483713

«Турар»
Бишкек 2014

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 87

Исмаилова Ризван.
И 87 **Дүйнөсү түгөл Швейцария.** Жол очерктери.
– Б.: Турар, 2014. – 112 б. + 16 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-355-4

Швейцария Батыш мамлекеттеринин ичинен эң бай, кымбат жашоосу, баа жеткис байлыгы, таза абасы, жаратылышы, мөңгүсү, бүткүл дүйнө жүзүнө таанылган брендилер – сааттары, шоколады, сүт азыктары жана банк сектору, камсыздандыруу тармагы, жыл мезгилин тандабаган туризми менен даңктуу. Анын биздин заманга чейинки жашоосунан тартып, азыркы XXI кылымдагы турмуш образына кантип кол тийбей, бузулбай сакталганын, согушсуз жаңжалсыз күн кечирүүнүн артыкчылыгын, кандайча төрт тараптуу дүйнөсү түгөлдөнгөнүн колуңуздагы китептен окуй аласыз.

И 4702300400-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-355-4

© Исмаилова Р., 2014

АЛГЫ СӨЗ

Швейцария бизге тааныш, бизге жакындай туюлганынын бир себеби Кыргызстандын туңгуч Президенти «экинчи Швейцария болобуз» дегени кулакка сиңип, ал тургай эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында ооздон түшпөй айтылганынан ой-кыялыбызда окшошуп да калгансыдык... Ушул сөздүн төгүн жерден айтылбаганын байкадым. Жери, рельефи, климаты, ландшафты, тоолору, абасы да бизге окшош (жеринин аянты, калкынын саны боюнча анчалык чоң айырмачылыгы жок), бирок жашоо шарты, жашоо деңгээли жана жашоо образы боюнча асман менен жердей айырмачылык бар. Батыш Европа өлкөлөрүнүн ичинен жашоосу эң кымбат, бейиштегидей жыргалчылыкта деп таанылган мамлекет – Швейцария.

Швейцарлардын жерге болгон мамилеси мамлекет түптөлгөнгө чейин эле калыптанган. Мыйзамдуу коргоого камкордукка алынган, этият, сарамжалдуу, илимий негиздеги ыкластан жер кыртышын иликтеп, табигый рельефин бузбай, экологиялык маселелерин ийне-жибине чейин эске алып, токоюнда жалгыз үй болсо да ага жол салып берип, коммуникацияны – байланышты түзүп, биринчи кезекте өлкөнүн пайдубалын тургузганда автомобиль жана поезд жолдорду куруп, ички инфраструктураны жогорку деңгээлде өнүктүрүүгө маани беришкен. Нейтралдуулук, Конфедерациянын артыкчылыгы, кантондордун өзүнчө бир мамлекеттей статусу, согушту көрбөй, согуштун апаатын баштан

өткөрбөй келиши гүлдөгөн мамлекеттин оожалышына негиз болгон. Өлкөнүн мамлекеттик түзүлүшүнүн үч бутагын – Конфедерация, кантондор жана коомдор (общины) түзөт. Швейцариянын 23 кантону болсо, анын ар биринин суверенитети таанылган, өз алдынчалыгы сакталган, алар өзүнүн Конституциясын кабыл алууга да укуктуу, өз өкмөтү, администрациясы, сот бийлиги жана полициясы бар.

Жашырганда эмне, биздин карьера-мансап, байлык, бай адамдар жөнүндөгү көз караш, түшүнүгүбүз ар башкача. Байлыкка болгон мамиле, көз карашыбыз көрпендечиликтен өйдө көтөрүлө албаганын моюнга алган оң. Биздин байлар эл аралап жүргөндө жалгыз жүрбөйт. Тойго келгендей кычырап кийинет, элден өзүн окчун кармап, этияттанып турат. Жок эле дегенде экиден жансакчы жардамчысы, дипломатын же костюмун көтөргөн бирөө-жарым жандап жүрөт. Кимдин эсебинен, кандай жолдор менен байыганын эл көрүп-билип турса деле, атасынан калган мурастай, бай болуп туулгандай түр көрсөткөнү, эч кимди теңине албай зыңгыраганы жипкиртет. Байлык деген эмне, анын классикалык үлгүсү кандай болорун Швейцариядан билдим. Бир эле мисал. Бизнесмен Анри Нестле – шоколаддын түрүн, таттуулуктарды чыгарган бүткүл дүйнөлүк «Нестле» фирмасынын негиздөөчүсү. Бир нерсени өндүрүп, аны экспортко чыгарып, өзүнүн бизнесин да кеңейтип, өнүктүрүп, мамлекетке салык төгүп, пайда келтирип, аны баласына мураска таштаган, баласы атасынан кем калтырбай жаратмандыкты көрсөткөн инсандарды бай адамдар дешет. Алардын өз өлкөсүнөн тышкары да бир канча мамлекеттерде фирма, концерн, ишканалары бар. Жумуш орундары мыйзамдын негизинде, укуктук негизде түзүлөт. Бай кишилерден «былк» эттирбей салык алынат, ошолордун эсебинен жарды-жалчы, эмгекке жарамсыз, аялуу катмарды кармап, үй-жайын, тамак-ашын белендеп

беришет. Биз Бернде «Бризол» деген мейманканага токтодук. Анын ээсинин айтымында беш-алты муунунан калган мураскер экен. Төртүнчү кабатта Швейцариянын эң бай адамдары турарын, алар менен эртең мененки тамакты бирге ичерибизди айтты. Швед столу деп, тамактардын түрлөрүн, ассортиментин, ширелерди, балмуздакты, мөмө-жемиштерди жайнатып коюп, каалаганыңызды алыңыз деген тейде, официанткалар сизди байкамаксанга салат. Жупуну, денеге жагымдуу, натуралдуу материалдан тигилген, стилдүү кийинген, жарык маанайлуу бай адамдарга астыртан көз кырыбызды салып коёбуз. Ким болбосун жылмая саламдашып, жактырган тамак-ашын өзү апкелип, тейлегендер менен сылык, илбереңки мамиледе болушту. Мейманкананын ички жасалгасы, интерьери, буюм-тайымдары (кылым карыткан антикварианттар өзгөчө баалануат) жада калса бөлмөнүн дубалына илинген картиналардын мазмуну, тематикасы да искусствонун кайсы бир жанры же кайсы бир агымынын өкүлдөрүнүн чыгармалары. Аянтынын кең же тарлыгы маниге ээ эмес, кандай эстетикалык табитте, кандай маани - мазмунда жасалганы маниге ээ...

Швейцариянын экономикасы өтө өнүккөн, анын экономикалык базасын, негизинен, банк сектору, камсыздандыруу жана туризм түзөт. Бир эле көчөдөн кеминде 20–30 чакты банкты кезиктиресиз. Туризм тармагы өнүгүүнүн апогейине жеткен деп айтууга толук негиз бар. Мейманкана, отелдер, ресторан бизнеси андагы шарттар, тейлөө, комфорт, сервис, кулинариясы, кыскасы, эшигинен төрүнө чейин өзүнчө илим. Отелдин дизайны – жасалгалоо үчүн же мейманканага гүл өстүрүү үчүн да атайын курстарда окутат. Ар бир кантондо меймандостуктун тээ илгертеден келаткан улуттук салттарын бекем карманышат.

Өлкөнүн жалпы аймагынын көпчүлүк бөлүгүн тоолор ээлегендиктен айыл чарбасына жарамдуу жерлер болго-

ну 25,6 пайызды түзөт. Мал чарбасы абдан өнүккөн. Айрыкча ири мүйүздүү малдан сүт, быштак, май, сыр өндүү азыктарды чыгаруу боюнча бүткүл дүйнөгө таанылган. Бекеринен таргыл уйду символикалык белги катарында даңазалашпайт. Мамлекетти экономикалык бренд катары ай-ааламга таанытқан саат өндүрүшү жөнүндө өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Сааттын түрү, дизайны, кызматы, сейрек сериясы, таандыктыгы, кимдерге арналганы, кыскасы, жаралуу тарыхынан тартып, азыркы доорго чейинки этап-этап боюнча өнүгүү жолун, өндүрүштүк эволюциясын-прогрессин, баа-наркын чагылдырган атайын музейлер бар. Саат өндүрүшү өзүнчө илим катары калыптанган, атадан балага, муундан муунга уланган, атагы дүйнөнү дүңгүрөткөн фирмалар адамзатты таң калтыруу менен алек.

Шаарды аралап баратканда же көлдүн эки жээгинен жыгачтан салынган оймо-чиймеси кооз, архитектуралык турпаты өзгөчө бир табиттеги көпүрөлөрдү көп учуратасыз. Алардын үстүн жамгыр же күндөн калкалоо максатында тосмолоп коюшкан. Алдында бүгүнкү, кечээги, өткөнкү турмуштун илебин сездирген, кыял чабытыңды элирткен искусство чыгармаларынын же кол өнөрчүлүгүнүн галереясы жайнамазын жаят. Кайсы кантондо канча бай жана белгилүү адамдар жашап өткөнүн алар жашаган үйлөрдүн фасадындагы бир бурчуна илинген кара-көк табличкалардан билүүгө болот. Ал эми үйлөрдүн архитектурасы, ага иштетилген табигый таштар, табигый курулуш материалдардын баа-наркы, салмагы, орду, ээсинин тарых-таржымалы өзүнчө эле окулуп бүтпөгөн чыгармадай сезилет... Алар мамлекет тарабынан коргоого алынган. Швейцариянын кайсы аймагына барбаңыз же кантонунда болбоңуз шаардык, айылдык жә тоолук деп бөлүүгө болбой турган турмуш бар. Бир кылка, тегиз өнүккөн, бирдей шарттар түзүлгөн бакубат жана бай жашоону көрөсүз. Тоолуу аймагында, токойлорунда көпчүлүктүн катарында, же болбосо өзүнчө бөлүнүп, обочодо бирден-экиден турган жомоктогудай сырдана, пейзаждуу, чакан жана кооз, чатыры жерден көтөрүлө албагандай швейцарларга гана мүнөздүү, швейцарларга тиешелүү, типтүү (домик) дыйкандардын үйүн (шале) жолуктурасыз. Швейцариялыктардын эң жакшы жөрөлгөсү тарыхка, тарыхый фактыларга, тарыхый из-табылгаларга болгон адилет жана калыс мамилеси урматтоого татыйт. Алар тарыхка урмат-сый менен мамиле кылууга адаттанышкан, ошондуктан ар бир кантондун энчилүү ат берилген жеринде ал шаарбы, же кыштакчабы, же тоо этегиндеги калк жашаган пункттардын дээрлик бардыгында Орто кылымдагы кварталдар адепки абалында сакталган, ар бир жердин өзүнүн жеке мекен таануу, археологиялык, тарыхый музейлери бар. Ток этерин айтканда, ар бир жердин тарых-таржымалынын жандуу эстеликтери, экспонаттар, кылымдардын көөнөрбөс боекторуна күбө болосуз. Темир жол, магистралдык автомобиль жолдорунун тептегиз, кынтыксыз, көркөмүн караңыз. Бийик тоо чокуларына салынган жолдордун бири-бирине дал келген бардык ыңгайлуулуктары эске алынганы жаратылыштын белегиндей таасир калтырат. Адамдары бир гана нерсени – ден соолукту жана өмүрдү жогору, кымбат көрөөрү байкалды, ден соолуктун камын жеген, спорт менен машыккан, табият менен мамыр-жумур адамдарды жолуктуруп, узак өмүр сүрүүчүлөрдүн көп экени суктандырды.

Качандыр бир кезде Сизге да, Швейцарияны көрүүкыдыруу (эгер барган болсоңуз окуп эске түшүрүү артыкбаш болбос) шыбагасы насип этсин деген тилекте, бай жана байманалуу Швейцария жөнүндөгү баянымды кош колдоп сунуш кылып турам, азиз окурман!

Сиздерди терең урматтоо менен автор.

БУТКА ЧАЛЫНГАН АЮУЛАР, КЕРБЕЗДЕНГЕН БЕРН

Берн өтө тынч, өтө пейзаждуу, кооз шаар. Берн кантонунун борбору. Швейцариянын мамлекеттик түзүлүшүнө ылайык Конфедерациянын да борбору. Ар тараптан келип-кеткендердин көп экенине карабай шаар өзүнүн ички тартибин сактап, кечки саат сегизде кафе-ресторандар жабылат, андай деле шаан-шөкөттү, шаңдуу турмуш образын жактыра бербейт. Саат менен иштеп, сааты менен жашаганга көнгөндөй... Жылдын кайсы мезгилинде келбеңиз, кайсы бир артыкчылыгы, таң каларлык нерсеси менен өзүнө тартып турат. Орто кылымдарда өзгөчө бир табит менен курулган тыпыйган, романтикалуу, жомоктогудай көчөлөрүндө баскыңыз эле келет. Шаардын жашы 800 жылдан ашканына карабай, XVI–XVII кылымдардагы тарыхый эстеликтер адепки калыбында турат. Кууш, тар көчөлөрү аркылуу бөлүнгөн көгүш-жашыл түстөгү үйлөрдүн архитектуралык турпаты да бири-бирине жуурулушкан. Борбордук бөлүгүнөн бүгүнкү, заманбап курулуштарды эмес, XVIII–XIX кылымдардагы ошол доордун, ошол мезгилдин өңү-түсү, үн-дабышы катылган келбетине кол тиелектей, эч өзгөрбөгөн. Жергиликтүү тургундардын жана меймандардын көңүлүн өзүнө магниттей тартып турган Кляйне-Шанце паркы. Анын аянты аюулардын аңгегинен баштаулып, Кирхенфельдбрюке көпүрөсүнө чейин созулат. Шаардын кайсы жеринде туруп деле, тээ алыстарга көз чаптырсаңыз, Альпы тоолорунун бирде чаңгылт, бирде кашкайган панорамасын көрөсүз. Бернди эң гүлгө бай, гүлдү сүйгөн шаар деп макташат. Абдан кызыгы «Розалар багынан» роза гүлүнүн эки жүз жыйырмадан ашык, ал эми иристин эки жүзгө жакын сортторун кездештиресиз. Бул ажайып бак Аргауерштальд көчөсүндө. Швейцарлар герань гүлүнө өтө куштар. Дарыянын жээгиндеги Эльфенад паркынан герандын сан миң түр-түстөрүн көрүп, жыл сайын май айында ушул гүлдүн урматына өткөрүлгөн фестивалга Европанын туш-тарабынан келишет. Шаардын жалпы аянты 52 миң кв. метрди түзсө, анын үчтөн эки бөлүгүн бактар, парктар ээлейт.

Берндиктер уйкудан эми эле ойгоно баштаганда, биз шаарды кыдырып жөнөдүк. Жыл тогошор маалында, жаңы жылдын босогосунда шаарды колдон келишинче кооздоп, жомоктогудай жасап коюшкан. Биз жашаган «Бризолдун» жанында катарлаш «Аюу» мейманканасы жайгашкан. Элестетиңиз, көп кабаттуу имаратка майпандап араң баскан аюулар жонундагы белекти көтөрүп алып баратышат... Бирөөсү терезеге жетип алып, үйдүн ээсин чакыргандай айнек каккылайт. Балкон, терезелерге жапжашыл, жалбырагынан күндүн күмүш нурлары жымыңдаган тирүү, ымыркай балатыларды отургузуп коюшкан. Шаардын символу – аюу. Ал мамлекеттин Туусунда, Гербинде чагылдырылган, шаардан кадам баскан сайын кезигет. Дүкөнгө кирсеңиз аюунун сувенирлери толтура, открытка, дептер, толгон-токой кенсе буюмдарында, сааттын мунарасын карасаңыз, анда да аюу отурат балпайып. Аюуну неге мынчалык жакшы көрүшөт деп ойлосом, көрсө...

1191-жылы герцог Бертольд V Церинген тарабынан шаар негизделген. Ал аңчылыкка чыкканда биринчи жолуккан жаныбары аюу болуптур. Аны атып алып, ошол Аре дарыясынын жээгиндеги жарым аралды аюунун аты менен атайт. Орто кылымда абал тынч болгондуктан аралдын жанындагы, жака-белиндеги эмен токойлорун кыйып келип, шаар курушкан. Капыстан өрттөнүп кеткен шаарды кайрадан таштан мунараларды жасап тургузушкан. Андагы «Саат мунарасы» (Часовая башня) эски шаардын чегарасын аныктап турат. XIII кылымда граф Савойскийдин мезгилинде шаарды кеңейтип, Түрмө мунарасына чейин жеткиришкен. Мурдагы эмен токоюнан тургузулган шаар XIV кылымда ар кандай табигый кырсыктан сактануу жана душмандардан коргонуу максатында таштан курулган. Азыркы Бернде сакталган тарыхый имараттардын дээрлик бардыгы XVI–XVII кылымдарга таандык. Берн биринчилерден болуп Конфедерацияга өткөн, андыктан анын бийлик башындагылар жерлерди кеңейтип, өзүнө кошуп алат, XVI–XVII кылымдарда өтө кубатту мамлекетке айланган. 1798-жылы Наполеондук экспансия башталат. 1815-жылы Берн өзүнүн жарым аймагын жоготот. 1848-жылы шаар федеративдүү мамлекеттин борбору болуп калат. Мына ушул статус анын кадыр-баркын көтөрөт, өсүп-өнүгүшүнө шарт түзөт. Биринчиден, шаар федерациянын турмушунда саясий-экономикалык маанилүү роль ойносо, экинчиден, географиялык жактан өлкөнүн бардык кантондору үчүн ынгайлуулугу болсо, үчүнчүдөн, эки улуттун маданий салтын синтездеген немец жана франк тилдүүлөрдүн Швейцариянын чегара зонасынын ортосунда турган. XVIII кылымдан бери Швейцарияда үч расмий мамлекеттик тилдер жашап

келе жатат. Анын 63 пайызын швейцар-немец, 23 пайызын француз, 7 пайызын италия тилиндегилер түзөт. Үч тилдин бирдей статуска, бирдей расмийликке ээ болуп калышынын тарыхый-этникалык себептери бар. IV–V кылымдарда алемандардын герман уруулары римдиктердин чегара аймагын басып алууга көптөгөн аракеттерди, жортуулдарды жасашкан. Натыйжада, V кылымда алар өз бийлигин өлкөнүн түндүгүндө, борборунда жана чыгышында аябай күчөтүшкөн. Так ошол доордон баштап, Швейцариянын ар кайсы бөлүктөрүндө лингвистикалык ажырым, бөлүнүү башталган. Алемандар бийлик жүргүзгөн бөлүктөрдө алардын тилин, салтын, маданиятын кабыл алууга аргасыз болушса, Женева көлүнүн жээгиндегилер германдардын таасиринен чыга албаган. Ал эми роман тилиндеги элдер менен жанаша жашаган бөлүгү алардын маданиятынын кыя өтүп кете албай, күчтүү таасиринде калган.

Бернди эски жана жаңы шаар деп кесе айтууга болбойт. Эски шаарда Бахофплац деген аянт бар. Качандыр бир кезде мында канчалаган кылымдарда Ыйык Христофордун дарбазасы болуптур. Ал талкалангандан кийин 1726–1729-жылдары ушерге барокко стилинде жасалгаланган Ыйык Дух чиркөөсүнүн имараты курулган. Шпитальгассе соода көчөсү вокзалдан тартып, шаардын тарыхый бөлүгүн бүт ээлейт. Берндиктер эски шаардын борборун Беренплац (аюулар аянты) деп аташат. Аны Түрмө мунарасы, байыркы Берндин Батыш дарбазасы өтө көөнөлүгү, кайталангыстыгы менен кооздоп турат. Бул мунара 1256-жылы граф Савойскийдин мезгилинде тургузулган. Анын ибадатканасы 1643-жылга таандык. Ушул жерде өлкөнүн сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө өзүнчө из калтырган художник Ферди-

нанд Ходлер жарык дүйнөгө келген. Энеси түрмөнүн ашканасында нан бышыргыч болуп иштеген. Ходлердин чыгармачылыгында мистикалык-символикалык картиналар, модерн стилине мүнөздүү фрескилер басымдуулук кылат. Ал 1853-жылы Бернде туулган. Ар түрдүү манерада иштеген. Импрессионисттик-эмпрессионисттик стилде, фрескиден скульптурага чейин жасаган. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Европадагы эң мыкты пейзажисттердин бири. Кыл калемгердин чыгармаларында ошол доордун бүтүндөй элеси калтырылгандай таасирде болосуң... Мунаранын сол кол тарабын «Голландардын мунарасы» деп коюшат. Швейцар-гвардиячылар Голландиядан кайтып келишкенде тамеки тартканды үйрөнүп келип, мунаранын эң ылдыйкы кабатында чылымдын кумарына батышкан, анткени ошол убакта өлкөдө чылым чегүүгө катуу тыюу салынган экен. Нидегг көпүрөсүнүн уландысы Крамгассенин жанынан ушул кезге чейин сакталып турган диаметри жыйырма метр, терендиги үч жарым метр аюулар кармалган аңгекти көрөсүз. Швейцарлар аюуларга өзгөчө мамиле жасашат. Үй-бүлөнүн бир мүчөсүндөй десем жаңылышпайм. Мамлекеттин символу үчүнбү же ата-тегинин урматы үчүнбү аларды аздектеп, жаш баладай мамиле кылганына караганда аюу алар үчүн ыйык жана таберик. Ошол аянттын эң аягында полициянын казармасы жайгашкан. Мурда 1782–1786-жылдары тоголок жетим балдардын үйү болгон. Анын карама-каршысындагы аянтты Бундесплац деп аташат. Бийлик төбөлдөру отурган, тагыраак айтканда, Федералдуу өкмөттүн сарайы Кайра Жаралуу доорунун флорентиялык стилинде XIX кылымдын ортосунда курулган. 1894-жылдан 1902-жылга чейин бул имаратта парламент отурган. Имараттын оң-сол жагында, жака-белинде бүтүндөй банктар жайгашкан. Эмне себептен экени белгисиз, ошол жердеги субъектилерге катар номур коюлганда №1 белги Өкмөттүн сарайына коюлбастан, Швейцариянын Улуттук банкына коюлган. Элде аңыз болуп айтылып жүргөн банктар так ушурде. Сиздин бутуңуздун астында аянтынын баш-аягы канча экени белгисиз, кимге таандыктыгы жашыруун, эч кимге эсеп-кысабы берилбеген, жер төлөсүндөгү беш кабаттуу имараттын эшик-терезеси темирден, брондолгон сейфтерде кымбат баалуу, асыл буюмдардын, алтын куймаларынын казынасы бар дешет. Бүткүл дүйнөнүн, ар түрдүү континенттердин бай адамдары мында байлыгын сакташат, гидессанын айтымына караганда үстөк пайызы да жогору. Мурда кимдин канча эсеби бар деген маалымат такыр таанылган эмес. Жакынкы жылдарда Швейцариянын банктары Эл аралык келишимге ылайык кайсы бир мамлекеттин жараны экономикалык-финансылык кылмышка шектүү деп, же сот жообуна тартылса, тиешелүү органдар тарабынан Кылмыш-жаза кодексинин беренеси коюлуп, полиция же фиксалдык, ички иштер органынын расмий мөөрү басылган тастыктамасы аркылуу суратылса, анын байлыгы так айтканда, жеке эсебинде канча каражаты бар экендиги туралуу маалымат берилет. А эгерде сиз өзүңүздүн жеке эсебиңизди ачкыңыз келсе, эч кандай көйгөй деле жаралбайт. Эсепти ачуу үчүн болгону артында жети нөл сандан турган франк, же евро, же долларыңыз болсо, жылмайып туруп кабыл алышат. Бул мамлекеттин гүлдөп өнүгүшүндө тышкы саясатындагы нейтралитеттүүлүгү өзгөчө роль ойногонун белгилеп койгон оң. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин өлкө экиге бөлүнгөнү менен мам-

лекеттин нейтралдуулугун сактаган. Анын пайдасы экинчи дүйнөлүк согушта ачык билинген, анткени Швейцария нейтралитеттигин формалдуу сактап, эч кайсы мамлекетке жан тартпай, союздаш болбой эле өлкөнүн банктары фашисттер конфискациялаган баалуулуктар, алтындын, акчанын эсебинен байып кеткен. Алар Германияга немецтик фашисттердин аскерий потенциалын күчтөндүрүү максатында жаңы технологияларды берип турган. Бир гана Швейцария немецтик нацисттер басып алган өлкөлөрдөн тартылып алынган алтынды сатып алган бирден бир мамлекет болгон. Экинчи жагынан, саясат таануучу, дипломат, серепчилердин айтымында экономикалык алгалоонун бирден бир жолу ишкердикке жана соода жүргүзүүгө шарт түзүп, эркиндик берилип, кантондор ортосундагы салык төлөмдөрүн алып салышканда өнүккөн. XIX кылымдын экинчи жарымында темир жолдун бүткүл өлкөнү кучагына алган, кошуна мамлекеттер менен да байланышкан бекем тармагын түзгөн, суу-энергетикалык потенциалды кеңири пайдаланган, өнөр жайы, машина куруу, химиялык жана саат өндүрүшү болуп көрбөгөндөй өнүккөн.

Биз эски шаарда баратабыз. Түрмө мунарасынан кийин Марктгассе көчөсү башталат. Чакан, бирок өтө тыкан, кооз, көркөмдүү дүкөндөр, гүлдөр сатылган күркөлөр бири-бирине көрк берип турат. Ушул көчөнү оргумалардын (фонтан) ансамбли десе жарашат. Шпиталгассе, Крамгассе көчөсүндөгү он бир оргума 1542–1545-жылдары курулган. Өз мезгилинде ушулар шаардын калкын суу менен камсыздаган бирден бир булак болгон. Айрыкча кечкисин, түндөсү мындагы суунун басымына, музыканын ыргагына жараша кубулган түстөрдүн айкалышы көз

кубантат. Бассейндеги бир скульптура шаардагы биринчи госпиталды негиздеген Анна Зайлерге арналган. Өлкөнү өтө коркунучтуу эпидемия каптаганда, Анна өзүнүн үйүндө оорулууларды жаткыртып дарылаткан. Библиянын сюжетинде жасалгаланган «Стрелоктун» сол тарабында «Пожиратель детей» деп аталган оргума орун алган. Анын колонкаларында шаардын аскер кубаттуулугун даңазалаган мамалактардын фигуралары каз-катар тизилген. Ошол эле аянттын жанында Негелигассе көчөсүндө шаардык театрдын имараты бар. Театрдын сол жагында эң көөнө, байыркы доордон кабарын айткан француздардын чиркөөсү орун алган. Корнхаусплац көчөсүнө кайрадан кайрылабыз. Анткени бурула бериште шаардын атактуу Саат мунарасы бар.

Ырас, биздин Кыргызстан менен Швейцарияны салыштырууга болбойт деңизчи. Бирок ар бир мамлекеттин кайсы шаарына барбаңыз ошол элдин-жердин менталитетине, колоритине, дүйнө таанымына жарашкан, үрп-адат, каада-салтын ичине камтыган улуттук маданият, улуттук образ жана улуттук мүнөз жуурулушуп турат, мен муну айрыкча Батыш Европа мамлекеттеринен байкадым. Суктандым, ал гана эмес ичим күйдү. Эмнеге биздин борборубуз Бишкек, Ош же болбосо Жалал-Абад сыяктуу башка шаарларыбызга барсак, бирдей типтеги–стандарттагы, коёндой окшош, же кыргыздыкы эмес, же орустуку эмес, же батыштыкы эмес, Прибалтика менен Россия же башка бир мамлекеттегиби айтор, интернеттен оңой эле башы ооруп, кыйналып- кысталбай көчүрүп алган (архитекторлор чыгармачылык менен иштесе кана...) турак үйлөрдүн, же башка имараттардын долбоорун карап отуруп баш чайкайсың. Айрым бир үйлөрдүн сырткы короосунун дарбазасына кыр-

гыздын оймо-чиймесин салганы эле болбосо маңызмаанисине, улуттук колоритке кызыккан киши жок. Биздин ата-бабаларыбыз чарбасын коргондогон эмес, ал тургай үйүнө кулпу салбаган. Уурудан коркуппу же башка жагдайдан уламбы биздин чоң шаарларыбызда турак үйлөр, имараттар, мекемелер деле коргондолуп, туш-тарабы тосулуп калды. Таш коргондордун ичинде эмне болуп жатканын бир Кудай билет. Ашыкча чыгым, экинчиден, ошол таш дубалдын ортосунда жандүйнөң кысылып, тарып, кичирейип бараткансыйбыз... Ошол үч-төрт метрлик таш-темир тосмолордун ордуна декоративдүү өсүмдүктөрдү, же гүл өстүрүп кооздосок, кеңдик да, сулуулук да шаардын ажарын ачмак. Европада чейрек кылымга чейин созулган курулуштар, имараттар бар, аларды шашпай, кол менен жасалгалап, шөкөттөп, образдуу, ар бир доордун сүрөтүн кошуп тартышкан. Кандай имарат же эстелик тургузбасын, оболу долбооруна конкурс жарыялап, мыктынын мыктысы тандалгандан кийин курулушка тендер өтөт. Бизде бай адамдар жок эмес. Аларга идея берип, мекенчил сезимдерин ойготуп, салыктан бошотуп, кийин-соң мамлекеттин, улуттун байлыгына айлана турган, акындар айтмакчы кыргыз жыттанган, кыргыздын өң-келбетине жарашкан, улуттук мүнөзү менен айырмаланган, кыргыз улутуна таандык өзгөчөлүгү кашкайып турган көп кабаттуу турак үйдүбү же башка маанидеги курулуштарды курууга неге болбосун?... Казактардын Астанасын кандай сонун чыгармачылык менен курушту. Кайсы жактан келген киши болбосун биринчи шаар менен жүздөшкөндө «кыргыздыкы» экен деп билсин. Атадан балага, муундан-муунга кызмат кылган тарыхый баалуулук катары курулуштун ээсинин ысмы

тарыхта жазылат. А биз болсо кытайдын сапатсыз, алдамай темир-тезеги менен нарыдан-бери чампалап куруп таштап, эптеп тыйын түшсө деп көзүбүз чачырайт. Түбөлүктүүлүккө эмес, күнүмдүгүнө кызыккан жанбыз. Ош менен Бишкекте эмне көп? Кафе, ресторан, чайкана, күйүүчү май куюучу жайлар көп. Ош шаарында искусство чыгармалары үчүн түзүк курдай галерея жок, китеп саткан дүкөндөр жөнүндө айтпай эле коёюн. Биздеги курулуштарга тендер жарыяланат, анда сапаты, архитектуралык өзгөчөлүгү, дизайны эмес, арзан жана тез бүтүшүнө маани берилет. «Арзандын тузу татыбайт» болуп, кыска убакыттан кийин ремонтту талап кылган, урап-көчө баштаган курулуштарга баш чайкагандан башка аргабыз жок. Оштун көчөлөрү кеңири, кере-кере дем алсаң жарашкыдай эле болчу. Базар экономикасына өткөндөн баштап, жободогу кызыл сызыкты көзгө илип койбостон, менчикке кескилеп берип отуруп, тарытып, чүңүрөйтүп таштады. Биздеги табигый сырьёлор иштетилбестен, жер астында жатат. Мармар, гранит өңдүү таштын түрдүү породаларынан кылымдан кылымга кебелбей тура турган курулуштарды курууга неге болбосун?

Саат мунарасы Берндин сыймыгы. Канча кылымдардан бери көөнөрбөй, бир бүтүн ансамблдей иштеп турат. 1191–1250-жылдары курулуп, ошол мезгилде крепостнойлордун дарбазасы катары кызмат кылган. Анын астрономиялык сааты 1405-жылы курулган. Бир мезгилдерде шаарды чоң масштабдуу өрт каптаганда мунаранын жарымы күйүп түшкөн. 1527–1530-жылдары анын жебелери (куранттары) орнотулган. Так убакыт болгондо короз кыйкырып, мамалактар, мифологиялык образдар кыймылга келет. Убакыттын туура жана так экенин токой жаны-

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 483713
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана НЕГИЗГИ ФОНД БӨЛҮМҮ

барларынын падышасы Арстан тастыктайт. Хотельгассе көчөсүнө бурулуп, сол жакта шаардык мунарага туш болосуз. Рыцардын сөлөкөтү түшүрүлгөн эски үйдүн эшигинен №1 деген жазууга көзүңүз түшөт. Андан арыраак жүрө түшсөңүз Театерплац аянтынан чыгасыз. Бернплацка караганда мында ызы-чуу азыраак, мемиреген тынчтык, жагымдуу маанай өкүм сүрөт, анткени автомобилдердин кыймылына тыюу салынган. Өтө кылдат, чоң чеберчилик менен жасалган аземдүү, укмуштуудай кооз кол өнөрчүлүгүнүн буюм-тайымдары сатылат. Швейцарлар дегеле европалыктардын көпчүлүгү белек алганда же белекке бергенде колдо жасалган буюмдарга астейдил карашат. Кол эмгегинен жаралган буюмдардын чыгармачылык менен жасалганына, көздүн, колдун, жүрөктүн энергетикасына каныккан нерселердин кайталанбастыгын баалашат. Швейцарка Долли мага жапжашыл ийне жалбыректуу шагына эки колдун алаканына араң баткан тобурчактар менен кооздолуп, кыпкызыл тасма байланган балатынын жалбырагын тартуу этти. Немка Дагмар жыйырма беш-отуз сантиметрлик актай баракчага немецче «Позитив» деп жазылган, боосунда үлпүлдөгөн апапакай куштун жүнү сеңселген картон-маанайды «дайыма позитивдүү нерселер жөнүндө ойлонуу керек» деп белекке берди.

Андан ары Казиноплацка бет келесиз. Казино бул бүткүл дүйнөгө белгилүү концерттик зал. № 61 үй – XVII кылымдагы эски амбар, ушул кезде китепкана болуп калган. Эгер бийик жерге чыгып шаарга көз чаптырсаңыз, Швейцариядагы эң бир бийик архитектуралык турпаты өзгөчө Мюнстерплацтагы Мюнстерн кафедралдык мунарасы заңкаят. Конгурос каккан минаретинин өзү 100 метрлик мунараны

курулушу 1893-жылы бүткөрүлгөн. Мунаранын фасады готика стилинде жасалгаланып, Реформация доорунда декору өзүнүн көпчүлүк бөлүгүн жоготкон. Ичи өтө кенен, XV кылымдагы витраждар, XVI кылымдагы статуялар, Ренессанс стилиндеги отургучтар, өтө кымбат баалуу фрескалар, укмуштуудай кооз мозаикалар менен кооздолгон. Өткөн доорлордун каары менен азабына кабылганына карабай, 1475-жылдагы башкы порталы (кире бериши) эң сонун сакталган. Таш скульптурасы өтө бай, кеңири жана зор чеберчилик менен иштетилген. Ошол эле аянтта капитула имараты турат. Анын түркүктөрү 1745–1755-жылдары Альбрехт Штюлердин долбоору боюнча жасалган. Анын артында жердин бетинде тырмактын агындай боштук жок, жапжашыл майсаңга оронгон парк бар. Шаардын төрт тарабын курчап аккан Аре дарыясынын мелмилдеген суусун, анын жака белиндеги дөңсө-дөбөлөрдү көрөсүз. Кышкысын шаардыктар буерде лыжа тээп жыргашат. Парктан бак-шакка оронгон Орто кылымдагы кол өнөрчүлөрдүн кварталы - Матте алаканга салгандай көрүнөт. Андан башка көөнө доордун элесин берген заңкайган хан сарайларды, бүгүнкү күндүн стилиндеги заманбап турак үйлөр жыш. Алардын арасына көзгө өзгөчө бөлүнүп көрүнгөнү 1446–1449-жылдары курулган Беатрисе Ваттевилге таандык хан сарай айырмаланат. 1934-жылдан бери бул имаратта федералдык кеңеш өзүнүн маданий иш чараларын өткөрүп келет. Дагы бир башкача стилдеги көрүнүшү бай хан сарайдын бири бир мезгилдердеги аскер башчысы, кийин шаардын мэри болуп турган Иеронимус фон Эрлахтын үйү. 1746-жылы курулушу башталып, ээсинин көзү өткөндөн кийин 1752-жылы бүткөн. Бүгүнкү күндө Берндин мэрия-

сынын резиденциясы. Илгертен эле Швейцарияда бай адамдар өтө көп. Аларда атын түбөлүккө калтырууга болгон куштарлыктан өзгөчө бир табиттеги, өзгөчө бир стилдеги, кымбат нарктагы хан сарайлар, кафе-ресторандарды куруп, кийинки муунуна калтырышкан. Атадан балага, баладан небере-чебересине мурас катары калып келаткан өндүрүштүк ишканалар, фирмалар да арбын.

Юнкергассе көчөсүнө өткөнүңүздө үйлөрдүн бир тарабына ак, экинчи тарабына жашыл табличкалар илинген. Булар Наполеондун армиясы басып кирген Экинчи дүйнөлүк согуштан калган эстеликтер, согуш мезгилинде немецтер Бернди кварталдарга бөлгөн, ошондон улам ушул кезге чейин сакталып турат. Мюнстергассе менен Крамгассе көчөлөрүндө илгерки кол өнөрчүлөрдүн цехтеринин символдору сакталган. №39 үйдүн жанындагы дагы бир мифологиялык сюжеттин негизинде «Самсон, разрывающий паста льву» оргумасы турат. Ушул көчөнүн бир артыкчылыгы жана өтө кооздугу алты километрге созулган аркалар менен кооздолгондугунда. Биз болгону Берндин эски, тарыхый бөлүгүн ЮНЕСКО тарабынан Бүткүл дүйнөлүк баалуу мурастарга кат талган жана корголууга алынган тарабын кыдыр дык. Бруннгассе көчөсүндө таптакыр көзгө башкач учураган, таңыркаткан № 44 үйдүн готика стилинд жасалгаланган терезеси алыстан байкалат. Ал эм №50 үй бүтүндөй илгерки кол өнөрчүлөрдүн устака насы менен курчалган. Анын жанында кылымдарды карыткан эски лавкалар, тыпыйган күркө, дүкөндө жайнайт. Кыскасы, Берн канча кылымды башына өткөрсө, канча дооронун күбөсү болсо, ошолорду баарынын изин өчүрбөй, образын жоготпой, сар майдай сактаганга аракеттенген. Атайын номур к

юлган үйлөрдүн өзүнчө сыры бар. № 49 үйдү «Эйнштейндин үйү» деп коюшат Бир мезгилде, тагыраак айтканда, ушул үйдүн үчүнчү кабатында 1903-жылдан 1909-жылга чейин Берн университетинин профессору, бүткүл дүйнөгө белгилүү улуу физик, Нобель сыйлыгынын лауреаты Альберт Эйнштейн жашаган.

1895-жылы он алты жашында Альберт Цюрихтеги Жогорку техникалык училищага (Политехникум) кирүү сынактарын тапшыруу үчүн келет. Математикадан эң мыкты тапшырып, ботаника менен француз тилинен кулап калат. Училищанын директору аттестат алып, кайра тапшыруу үчүн Араудагы мектептин бүтүрүү классына тапшырууга кеңеш берет. Кантоналдык мектепте окуп жүргөн мезгилинде эле бош убактысында Максвеллинин электромагниттик теориясын үйрөнө баштаган. Бир жылдан соң кайрадан тапшырат, бирок француз тилинен чабалдыгына карабай, Политехникумдун педагогикалык факультетине кабыл алынат. 1900-жылы окуу жайын бүтүрүп, математика жана физика окутуучусу деген дипломго ээ болот. Бүтүрүү сынактарын эң мыктыга эмес, жакшыга тапшырат, көптөгөн профессорлор студент Эйнштейндин өзгөчө жөндөмдүүлүгүн баалашканы менен бирөө да анын илимий карьерасын улантканга жардам берүүнү каалабаптыр. Ал өзү: «Менин эч кимге баш ийбеген, көз карандысыздыгыман улам профессорлор жактырышкан эмес» – деп айткан. 1901-жылы ал Швейцариянын атуулдугун алат, бирок бир жылга чейин жада калса мектепке мугалимдикке да иш таба албай, аябай кыйналат. Акчасы жок Бернди, Цюрихти жөө кыдырып иш издейт, көп күндөр бою оозуна наар албай, ачка жүргөн күндөр болот. Ошол ачкачылыктан боор оорусуна

кабылып, өмүрү өткөнчө азабын тартат. Ошентип, кыйналып жүргөндө бирге окуган курсташына жолугуп калат. Ал ойлоп табууларга патент берүүчү Федералдык бюрого 3-класстагы эксперт болуп кирүүгө жардамдашат. Бош убактысында көгөрүп-көшөрүп отуруп, теоретикалык физика боюнча изилдөөлөрдү жүргүзөт. Патенттик бюродо баш-аягы жети жылдай иштейт. Ошол жылдар аралыгында өзү туулуп-өскөн Германиядан жарыкка чыккан физика боюнча башкы журналга болочок окумуштуунун салыштырмалуулуктун атайын теориясы жөнүндөгү алгачкы илимий макалалары жарык көрөт. Бүткүл дүйнөлүк физика илимине революция жасаган, мейкиндик жана убакыт жөнүндөгү жаңы окууну – салыштырмалуулуктун атайын теориясын түзгөн окумуштуу үчүн да 1905-жыл укмуштуу жыл деп аталып калат.

Эйнштейндин үйүнүн алдынан эл үзүлбөйт. Так ушул көчөнүн башында эски доордун дагы бир фактысы XVI кылымда курулган дарыкананын имараты бар. Ал эми Брунгассе көчөсүндөгү № 44 үй башкалардан таптакыр айырмаланат. Үйдүн катуу жыгачтан жасалган чаканыраак терезелери бүтүндөй готика стилиндеги оймо-чиймелерге толгон. № 50 үй илгерки кол өнөрчүлөрдүн устаканасы, айлана-тегерегинде бүтүндөй өзү окшогон эски күркө, лавкалар жада калса отургучтары да байыркымын дегенсийт. Демек, номур коюлган үйлөрдүн дээрлик бардыгы өткөн дооpлордон калган тарыхый эстеликтер.

ЭҢ СТИЛДҮҮ ШААР, РЕФОРМАЦИЯНЫН БЕШИГИ – ЦЮРИХ

Цюрих Швейцариядагы кантондун жана шаардын аты, ал Цюрих көлүнүн Түндүк жээгинде жайгашып, бүгүнкү күндөгү Европанын эң бир стилдүү, заманбап жана чоң шаарларынын бири. Биздин эрага чейинки 15-жылдары азыркы шаардын ордунда Рим империясынын гарнизонунун күзөтү туруптур. V кылымда шаар азыркы атын алат. XIII кылымда эркин империялык шаар статусуна ээ болот. 1336-жылдары шаарды Цюрихтеги кол өнөрчүлөрдүн өкүлдөрүнөн турган шаардык совет башкарат. 1351-жылы Конфедерацияга кирет. Шаар эркин ой жүгүрткөн, эркиндикти даңазалаган реформациялардын бешиги катары илгертеден бери даңкталып келет. 1877-жылы дүйнөгө аты таанылган Цюрих биржасы түзүлгөн, азыркы мезгилде ири ишкерлердин борборуна айланган.

Шаарды тең ортосунан бөлүп, цюрихтегилер айткандай, ага-инидей болгон «чоң шаар» жана «кичине шаар» деп, экиге бөлгөн Лимат дарыясы. Чоң шаар 1871-жылы курулган, Борбордук вокзалдан башталат. Өлкөдөгү Цюрих-Баден багыты боюнча жүргөн биринчи поезд 1847-жылы ушул вокзалдан жөнөгөн. Азыркы Банкофбрюке көпүрөсүндө качандыр бир кездерде поезддер өтүүчү рельстер болуптур. Вок-

залдын имаратынын кире беришинде аллегориялык мүнөздө чагылдырылган скульптуралык группанын жанында өлкөнүн темир жол тармагынын алгачкы карлыгачы жана аталган тармактын өнүгүшү үчүн көп эмгек жасаган, азыркы Швейцариянын атасы деп атоого татыган саясатчы, өнөр жай өндүрүшчүсү Альфред Эшердин статуясы орнотулган. Ал 25 жашында Цюрих кантонунун Чоң советине мүчө болуп шайланган. 1846-жылы өлкөнүн депутаттар Жыйынынын мүчөсү, 1848-жылы Улуттар кеңешинин биринчи отурумунда вице-президент болгон. Үч жолу ушул кызматына шайланып, өмүрүнүн аягына чейин эки жүздөй комиссиянын мүчөсү болуп дайындалган. Эшер Швейцариядагы чоңдугу боюнча экинчи орунду ээлеген банктын жана ири камсыздандыруучу компаниянын, Жогорку техникалык мектеп – Политехникумдун негиздөөчүсү. Ал өндүрүшчү катары өзүнүн талантын, жигерин Готард темир жолунун курулушунда көрсөткөн. Саясий карьерасынын гүлдөгөн мезгили да Швейцариянын темир жол тармагынын долбоорун жана менчик компаниялар үчүн концессия эрежесин иштеп чыкканда аппогейине жеткен. Ошол долбоорду талкуулоого атайын комитет түзүлгөн. Комитеттеги көпчүлүк жана Федералдык кеңештегилер темир жолдун курулушу мамлекеттин колунда болуш керек деп эсептешсе, азыраак бөлүгү менчик компанияларга берүүнү туура көрүшкөн. 1852-жылы Улуттук Кеңеш темир жол жөнүндөгү мыйзам кабыл алат. Анда жеке менчик компаниялардын укугу мыйзам тарабынан коргоолору, эгер согуштук кырдаал эле түзүлүп калбаса, Конфедерация алардын концессиясынан ажырата албай турганы жазылат. Ойлогон ою ордунан чыккан Эшер менчик компаниялар темир жолдун курулушуна катыша ала турганын далилдеп, Цюрих-Боденсеебан компаниясын түзүп, анын президенти болуп калат. Кийин аталган компания Швейцариялык түндүк темир жолу менен биригет. 1882-жылга чейин, тагыраак айтканда, өмүрүнүн акырына чейин Эшер темир жол башкармалыгынын төрагасы болуп келген. Анын өзгөчө уюштуруучулук таланты 1872-жылы Готард темир жол курулуш башкармалыгын жетектегенде жемишин берген. Жаңы жолду куруу өтө көп кыйынчылыктар жана эбегейсиз чоң карашатты талап кылган. Эшердин артынан өйдө-төмөн сөздөр ээрчип, олуттуу сынга кабылган. Ал отставкага кетүүгө аргасыз болгон. 1882-жылы 1-июнда Готард туннели салтанаттуу ачылган, бирок анын негиздөөчүсү чакырылган эмес. «Чындык ийилгени менен сынбайт» эмеспи. Көп жылдардан кийин Альфред Эшердин кызматы акталып, Мекени үчүн жасаган эмгеги эске алынып, Цюрихтин эл батпаган тарыхый вокзалына эстелигин орнотушкан. Биз сиз менен чоң шаарды аралап баратып мүмкүн болушунча дүйнө жүзүн абасы, аурасы жана таптакыр эч кимдикине окшобогон турпатын көкүрөктө кармап калууга далалаттандык.

Крепостнойлук көөнө дубалдардын сол жагы тарыхый борбор, оң тарабы азыркы Цюрих. Вокзалдан бири-биринен жасалгасы менен өзгөчөлөнгөн соодасатык көчөлөрү нук алат. Швайцергассе аянтында XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башталышындагы бүткүл дүйнөгө белгилүү педагог-гуманист, педагогикалык илимдеги теория менен практиканын өнүгүшүнө чоң салым кошкон швейцариялык педагог Иоганн Генрих Песталоццинин айкели тургузулган. Биринчилерден болуп личностту калыптандырууда интеллектуалдык, физикалык жана нравалык

жактан параллелдүү, гармониялуу тарбиялоо керек. тигин, баланы кургак жаттатып кыйнай бербестен, акыл-эсин өстүрө турган өнүктүрүлгөн окутуунун зарылдыгын айтып, башталгыч класстарда эне тил, жазуу, эсеп, сүрөт тартуу жана гимнастика боюнча окутуунун усулдарын иштеп чыккан. Педагогика илиминдеги эмгеги жана «Песталоццинин усулдары» аны биринчи эл мугалими деген таанымга татыктуу кылган. Анын идеясын дүйнөнүн ири педагогдору Ф. В. А. Дистервег, К. Д. Ушинский, А. А. Хованский жана башкалар улантышкан.

Эстеликтин артында ири соода борбору бар. Европалыктардын табитине төп келген экстраваганттуу, түлкү, сүлөөсүн, кундуз жана башка жаныбарлардын терисинен – мехтен тигилген наркы өтө кымбат кийимдер, саат, кол өнөрчүлөрдүн аземдүү буюмдары сатылат. Буюм-тайымдардын баасы Швейцарияда өтө эле кымбат, баасына жараша өзү да сонун.

Банхофштрассеге жанаша жайгашкан Линтеш-трассе көчөсүндөгү жапжашыл майин чөбү сеңселген чоң аянтта көчө ырчы-музыканттарынын ыр-бий, спектаклдерин керели-кечке тамаша кылсаңыз болот. Орто кылымдардагы турмуш образы, ийри-буйру, тар көчөсүндөгү дубалынын өң-түсү түрлүү-түмөн боёкторго жыш толгон, ар биринин аты жазылган римдиктердин калтырган эстелиги Каминфегергассе көчөсүндө. Байыркы Рим сепилдеринен өз доорундагыдай кебелбестик, турган турпаты менен эн белгилерин өзүнө сиңирген айбаттуулугунан дүйнөгө түркүк болчудай дух сезилет.... Ушул жерден шаар алакан-га салгандай болуп тегиз көрүнөт, айрыкча деңизден сүзүп келаткан кемелер, судналар таасын байкалат. XIII кылымдын башталышында Цюрих эркин шаар статусун алганда көптөгөн байыркы сепилдер, чеп-

тер сүрүлүп ташталганын өкүнүү менен эстешет. Кийинчерээк тарыхый эстеликтер турган жайлардын чекеси чертилбесин деген мыйзам чыгарышат. Лимат дарыясы жактан эки узун имаратка көзүңүз түшөт. Сол жагындагысы Политехникалык институт, оң тарабындагысы Европадагы эң чоң окуу жайларынын бири Цюрих университети. Окуу – стресс деп коюшат европалыктар, чындыгында, окуу аябай оор, машакаттуу, ал жерде тааныш-билиштик, «пара бермей» деген түшүнүк жок, биздегидей студенттин группа, курсу дегендер болбойт. Болон системасы боюнча билим берилет. Студенттин аты-фамилиясы өзүнүн жекече баракчасында сандар менен туюнтулат да, пароль аркылуу ачылат. Компьютерден сабактын жообу, аткарылган тапшырманын жыйынтыгы, баасы билинет. Бир семестрде төрт же беш сабактан милдеттүү түрдө сынак тапшырмай, төрт-беш жылда бүтүрмөй жок, студент мүмкүнчүлүгүнө жараша кайсы предметтен тапшырып, күчү жетсе аз эле мөөнөттө, жетпесе тогуз-он жылда окуу жайын бүтүрөт. Бир предметтен тапшыра албаса, үч жолу мүмкүнчүлүк берилет, эгер өтпөсө башка окууга тапшырууга акысы жок, биротоло четтетилет. Китепканада керелиден-кечке китепке тигилип отургандар. Император Улуу Карл курдурган мунаранын чокусу алыстан шаңкаят. Нидердорф кварталынын бурчунда Орто кылымдардагы францискандардын монастры болгон, готика стилинде кооздолгон, гүлгө оронгон Цюрихтеги массондордун ложасы бар. Андагы аскер формачан аялдын тулкусун чагылдырган фонтан шаардын өткөн тарыхынын бир эпизодун эске салат. XIII кылымда шаарды Габсбургдардын армиясы курчоого алат. Шаарды коргоого катышкандардын дээрлик көпчүлүгү мерт кетет, ошондо аялдар аскер

формасын кийип алып, крепостной дубалдарга жар-машып чыга башташат. Аны көргөн баскынчылар шаарды коргоого кошумча күч кошулуптур деп арт-ка чегинүүгө аргасыз болушат.

Антикалык доордо Цюрих Турикум деп аталган. Байыркы Рим эпохасынын калдыктарын, XVIII кы-лымдагы ташка чегип жазылган таш жазууларын, ошол доорго мүнөздүү сүрөт чиймелерин Пфальгассе көчөсүндөгү эски имараттар күбөлөйт. Европадагы эң чоң, эң байыркы Санкт-Петер чиркөөсүнөн коңгуроо кагылган мунарасы 1538-жылдары курулган. Ци-ферблаты, курантынын көлөмү 8,64 метрди түзөт. Чымын учса, канат какканы сезилчүдөй тыптынч, эски кол өнөрчүлөрдүн буюм-тайымдары, зергер-лик өнөрдүн табылгаларын, көөнөлүгүн, сырдуулу-гун даңазалагандай, ууздардын оокат-ашы сатылган кварталга карабай өтө албайсыз. Шарап дейбизби же вино сүйүүчүлөрдү бура бастырбай, өзүнө чакы-рып турган винобазары Вайнплац аянтында, мында жергиликтүү вино өндүрүүчүлөрдүн продукциясы сатылат. Деңиздин жээгиндеги алкакта шаардык ратуштун имараты, дубалы, чатыры дегеле фасады байыркы Италиянын Ренессанс стилинде жасалга-ланган, ал эми ички интерьерлери барокко стилинде кооздолгон. Канча доор, кылымдардын кыйырын ка-рытып келаткан тарыхый эстеликтердин кечээ жа-салгандай сыр бербей турушу, реставрациялоого өтө чоң маани берилерин туюнтат. Абдан кооз отелдин жанындагы анчалык чоң эмес булуңдар Италиянын Венециясын эске салат, суунун эки жээгинде жомок-тогудай кооз үйлөр курулган. Цюрихте жаз келер алдындагы зехселейтен майрамы өтө популярдуу, массалык мүнөзгө ээ. Адамдар кол өнөрчүлөрдүн байыркы доордогу костюмдарын кийип алып, па-

раддан өтүшөт. Элдик музыка, элдик ансамблдер-дин ыр-күүлөрү жаңырат. Аянтка улуу от жагып, кышты элестеткен самандын каракчысын өрттөп, ой-кырлардагы байчечекей баш баккан жазды ча-кырышат. Кыш менен коштошуунун символикалык салттары аткарылгандан кийин мифологиялык ай-банаттар – беткапчан кишилердин ыр-бий коштогон майрамы түндүн бир оокумуна чейин уланат.

Фрошаугассе кварталында көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурган, эски №4 үйдө Цюрихтеги биринчи европалык мектеп бар. Реформация мезгилин-де ибадаткана, чиркөөлөр мүлкүнөн ажыратылып, оорукана, дан сактоочу кампаларга, акыл-эси соо эместердин үйлөрүнө айландырылган. Кийинчерээк өз калыбына келтирилген, андыктан мындагы чиркөөлөрдүн имаратынын кооздолушунда ар кыл стилдердин айкалышы сезилет. Ылдыйкы кабатын-да дүкөн, күркөлөрү, мейманкана, кафе-ресторан-ары бар, кайсы доордо курулуп, кимге таандыктыгы, ээси так жазылган үйлөрдүн поруму өтө кооз жана табышмактуу. Байыркы доордун жашоо образын көркөмдөп көрсөткөндөй таасир калтырган үйлөрдүн жанындагы илгерки-илгерки кудуктан шаардын жашоочулары суу алышкан. Ноймарк көчөсү баш-калардан таптакыр кеңдиги, Орто кылымдарда тур-гузулган скульптуралык группанын эстелиги менен өзүнө тартат. Бала – өмүрдүн башаты, кумдан саат-көзгө көрүнбөгөн убакыт, гүлдөр-түбөлүктүүлүк эмес, баштын куу сөөгү жана таажы (корона), ким кандай чечмелесе өз эрки. Так ушул кварталда өтүкчүлөрдүн корпорациясы жайгашкан. Сол та-рабында гүлгө оронгон, гүлдөрдөн бир башкача ди-зайнда жасалган терраса аркылуу ресторанга алып барат. Анын жанында байыркы доордун интерьерле-

рин сактап калган, байыркы кол өнөрчүлүктүн мыкты үлгүсүн айгинелеген мебелдер сатылган дүкөндөр бар. Антиквардык көптөгөн күркөлөр, лавкалар баш катырган сырдуулугу менен азгырат. Лейенгассе көчөсүндө фонтан жана эски доордогу үйлөр кыркалекей жайгашкан. Пролетариаттын жол башчысы, Коммунисттик партиянын улуу көсөмү Владимир Ильич Ленин так ушул көчөдө бир жыл жашаган, 1917-жылы Улуу Октябрь революциясын жетектөө үчүн банкка салган акчасынан болгону беш франк калтырып, шашылыш түрдө жөнөп кеткен. Алыстан көз чаптырасызбы же шаарды аралап басасызбы, кай тарабынан карабаңыз, Мюнстергассе көчөсүндөгү протестантизмдин сыймыгы болгон, бийиктен-бийик эки мунарасы эгиздей жанаша тургузулган, алыстан ачык көрүнгөн Гроссмюнстер кафедралдык мунарасы заңкаят, бул ибадатканаңы XI–XIII кылымдарда Улуу Карл курдурган. Мюнстербрюке көпүрөсү аркылуу өтүп, Цюрихтеги дагы бир эски Фраумюнстер ибадатканасын көрүүгө болот. XII–XV кылымдарда буга шаардагы өңчөй мартабалуу, байлыгы менен аты таанылган, бакубат жашаган үй-бүлөлөрдүн, кыскасын айтканда, ак сөөктөрдүн айымдары келишкен.

МОНТРЕ – БЕЙИШТИН ӨЗҮ

Монтре – Швейцариянын Батышындагы мөлтүрөгөн кашка суудай таптаза, жапжашыл, жазгы назик, үлбүрөк гүлдөй сүйкүмдүү шаар. Женева көлүнүн жээгинен орун алган. Цивилизациянын жаңылыктарын тез кабыл алган, прогресстин, интеграциянын темпинен калышпаган заманбап шаарда 20 миңдей адам жашайт. Европалыктар Швейцариянын Ривьери деп ооз толтуруп аташат. Женеванын бир ныптасында жайгашып, көркөмдүү Лозанна менен Вильнев көлдөрүнүн ортосунда менменсинип турат. Кышы-жазын дебей, климаты жумшак, бети-башыңды эреркеген назик жел аймалап, көңүлүң сергип ырдагың эле келет... Фрибург Альпысынан соккон айдарым жел Монтрену бешикке салып термелткендей, Женева көлүн алаканына абайлай ууч-тай чайкагандай сезилет.... Күн бүркөлүп, аба ырайы бузулуп, жамгыр челектеп куюп, көлдө алай-дүлөй өкүм сүрө буркан-шаркан түшүп жатса да, белгисиз күч шаарды калкалап турат деп калышат. Жараткандын ырайымы түшкөнбү, баткак-кирде жылтырап билинген асыл таштай кайсы мезгилде болбосун, жадырап-кулпуруп тургансыйт... Жылдын төрт мезгилинде бир дөбөгө чыгып алып, ак кар, көк муз баскан Альпынын мүнөт-саат сайын өзгөрүп-кубулган белгисиз улуу художник тарткан полотнолорун карап

отура бергенге эмне жетсин!.. Анчалык бийик эмес дөңсөөдө куурчактай кулпурган калаа этек-жеңин желге желбиретип, тээ ылдыйды көздөй чуркап баратқан селкидей көгүлтүр көлгө токтойт да, чалкыган сууга бой таштагансыйт.... Сууга жетип-жетпей кол булгалаган жапжашыл чакан аралдар фантастикалык сулуулукка бөлөйт. Булуң- буйткасы тынч көлдүн. Жээгин аралап баскан сайын биринен бири өткөн кооз үйлөр, хан сарайлар (особняктар), XVII кылымдын ратушын жана пальма, кипарис, магнолия жана лаврдын калың жалбырагы жайкалган аллея, бульварларды, жапжашыл чөлкөмгө чумкуган, керемет кооздукка оронгон Рюмине сарайын, виллаларды, чатырынын шпилдери көктү чапчыган Нотр-Дам мунарасы көзгө урунат. Жазында ылдыйдан дөңдү карай жайнаган үлбүрөгөн назик, наристе нарциссten килем төшөлүп, тебелеп алуудан аярлайсың. Жылдын кайсы мезгилинде болбосун, көлдө кайкып учкан, моюн-башын койкойтуп кербезденген ак кууларды, канатын калдайтып кайкыган өрдөк-каздарды жана көлдүн бой тумары саналган ак чардактарды көрөсүз. Дөбөдөн ылдыйды көздөй шаардын ар кайсы аймагынан ар кыл формадагы, дизайндеги тепкичтер жарышкансып, туптуура көлгө жетелеп келишет.

Дүйнөгө аты чыккан бир канча Батыш Европанын жана Россиянын көрүнүктүү акын-жазуучу, композитор, актер, кыскасы, чыгармачыл инсандарынын өмүр-тарыхы ичкертен Монтре менен байланышат. Илгери-илгери мындан бир канча кылымдар мурда бул жер балыкчылар менен вино өндүрүүчүлөрдүн чаканыраак кыштакчасы болуптур. Бүгүнкү күндө вино өндүрүүчүлөрдүн борборуна айланган. Кийинчерээк өнүккөн Орто кылымдарда монархтар менен

аристократтардын жыргап эс алган сүйүктүү жайына айландырылган. Императрица Екатеринанын башы ооруганда эле ушул бейиштей болгон шаарга келген. XIX кылымда Европадагы эң бир кооз, эң бир сулуу биринчи эл аралык курорт деп таанылган. Ушул кезде да дүйнөнүн булуң-бурчунан акчасы капчыгына батпаган бай адамдар, олигархтар, миллиардерлер, ири концерндин ээлери, кино, театр жана искусство, эстрада жылдыздары мында келип эс алганды жакшы көрүшөт. Францияга атагы чыккан модельер, атырдын өзүнчө коллекциясынын жаратманы атактуу Коко Шанель жыл сайын бир ирет шаарга келбесе, бир нерсесин жоготкондой кайсалактап, качан болбосун кайрылууга аргасыз болуптур. Композиторлор Петр Ильич Чайковский, Игорь Стравинский, орус адабиятынын дөө-шаасы Лев Толстой, Христиан Андерсен, Эрнест Хемунгуэй, Николай Гоголь жана актер, режиссер «комедиянын атасы» Чарли Чаплин жашап-иштеп, чыгармачылыгына азык алып турушкан. Он жети жыл так ушул Монтреде жашаган орустун көрүнүктүү жазуучусу, көркөм сөз чебери Владимир Набоков өзүнүн мыкты чыгармаларын жараткан. Аялы Вера менен эртели-кеч Женева көлүнүн жээгинде сейилдеп басып, жаза турган чыгармасынын сюжети жөнүндө ой бөлүшкөндү жактырган. Шаардын сулуулугуна жетине албаган жазуучу: «Эгерде эки дүйнөдө бейиштин бар болгону чын болсо, бул – Монтре» деген. Көзү өткөндөн кийин аялы экөөнүн сөөгү шаардагы кичинекей көрүстөнгө коюлуп, эстелиги тургузулган. Монтре менен чыгармачылыгын байланыштырып, дүйнөлүк атак-даңкты багындыргандардын катарын биринчилерден болуп, П. И. Чайковский толуктайт. 1877-жылы карөзгөйлүктүн каарын тартып, ал аз келгендей жеке турмушунун азабынан ка-

туу стресске кабылган композитор Монтрего келет да, чайга салып жутуп жиберчүдөй кооздугуна суктанып, эч жакка кеткиси келбей, Женеванын жээгиндеги дачалардын бирин ижарага алып, жашап калат. Ук. муштуудай таза абасы, чалкыган көркөмдүү көлдүн пейжазы тез эле депрессиядан чыгарат, композитор мурун-соң болуп көрбөгөн, демге шыктанып, жан. дүйнөсүнө тынчтык бербеген таң каларлык илхам ме. нен көптөгөн чыгармаларын биринин артынан бирин чыгарат. Скрипка үчүн оркестрдин коштоосундагы биринчи концертин аншлаг менен өткөрөт. Маэстро. нун аты Батыш-Чыгыш Европаны аралап, океандын ары жагындагы континенттерге тарала баштайт.

1912–1913-жылдары композитор И. Стравинский Монтреде абдан жемиштүү иштеген. Чыгармачы. лык чөйрөдө жылуу кабыл алынган «Жаз ыйык» («Весна священная») балетин жазган. Чыгарманын философиялык маңызы адам менен жаратылыштын органикалык биримдигин, табияттын адамга тартуу. лаган керемет демин, ырахатын, рухий байлыгын так ошол шаардын фонунан көрө алгандыгы, аны музыканын тили аркылуу сезимдерге жеткиргенди. ги менен баалуу. Орус адабиятындагы классикалык чыгармалардын катарын байыткан таланттуу жазуу. чу Феодор Достоевскийдин «Көк мээ» («Идиот») ро. маны ушул шаарда жазылыптыр.

Монтренун дагы бир артыкчылыгы жыл сайын эки жумадай джаз музыкасынын эл аралык фести. валы өткөрүлөт. Бул салтка айланган музыка майра. мынын урматына Монтре джаз кафеси жана «Мон. тре-Палас» оттели ачылган.

Дүйнөнүн булуң-бурчунан келген джаз музыкасын сүйүүчүлөрдүн моокумун кандырган эң көрүнүктүү, белгилүү артисттер жана жаңы эле тушоосу кесил.

ген жаш музыканттар жеке программасын тартуу. лашат. Айрыкча, бразилиялык жана африкалык джазчылардын концерттик кечелери дүркүрөгөн кол чабуулардын авациясы менен өтөт.

Биз Кыргызстанды туризмдин өлкөсүнө айлан. дырабыз деп аракет кылгансыйбыз. Төгөрөктүн төрт бурчунан кездешпеген көгүлтүр Ысык-Көлдү бешене. бизге карманабыз. Бирок ар кандай жөндүү-жөнсүз себептерге шылтоолоп, ойлогон ойду кыстаган тур. муш жеңет болуп келатабыз. Ааламдаштыруунун арааны ачылып келаткан кылымда адам баласын таңыркатуу кыйын болуп калды. Менин байкоомдо еврапалыктарды, жапон жана өнүккөн өлкөлөрдүн азиаттарынын көңүлүн өзүбүзгө бурдуруу үчүн улу. тубуздун жеке өзүнө таандык буюм-тайымдарын, мисалы, боз үйдүн ички жасалгаларын, аяк каптан тартып, шырдак, кийизине чейин, чаначты, ат жаб. дыктарын кол менен жасап, колдун энергетикасына жуурулуштуруп, кол эмгегинин түйшүгүнөн качпай, көздүн майын сарптаганда гана баасын алат. Муну «Шоро» компаниясынын суусундуктары жана бор. бор шаарыбыздагы «Супура» деп аталган тарыхый-этникалык комплекси-ресторан менен далилдеп берди. Жасалма нерселерге алар карап да койбойт. Анан чүйгүн, таза тамак-ашыбыз менен микробу жок тоолорубуз, көк кашка булактын суусу жана ак мөңгүлүү муздарыбыз менен тартабыз. Улуттук та. мактарды алардын көзүнчө жасап, ага кеткен уба. кытын секунд-мүнөтүнө чейин эске алып, ашка. набыздын улуттук беделин таанытып, татымынын нукуралыгын профессионалдык, эл аралык деңгээлге көтөрө алганыбызда кызыгуусун арттырабыз. Мисалы, чаначка коюлган кандай суюктук болбосун оңой менен бузулбайт. Европалыктар дүйнө кыдырганды,

альпинизм менен туризмди жанындай көрөт. Артка асынып көтөргөнгө ылайыктуу (рюкзак) баштыктай колдонгонго ыңгайлуу кылып жасап, дизайнына ай рыкча маани берсе, кимди кызыктырбасын. Кадимки курутту же биздин эл жомокторубуздагы гүлазыкты жандандыруунун мезгили келди. Кыргызда боорсок тун эле канча түрлөрү бар дейсиз. Туристтерди кый набаш үчүн трассаларды, табияттын баалуу белектери (тоо, көл, шаркыратма, жайлоо, жайыт жана башка) жайгашкан жерлердин ички жолдорун оңдош керек. Жолдор оңолду дегиче, башка иштер арбыйт. Өмүр өткөнчө алып-сатармандык менен алектене бербей, ата-бабалардан берилген шык-талантты иштетип, чы гармачылыкты, жаратмандыкты өнүктүрсөк, улуту буздун ар-намысы болбойбу...

Кадам сайын көз күйгүзгөн соода борборлору, архитектуралык жасалгасы мезгилдин таскагы на жуурулушкан, өзгөчө бир мазмунду камтыган дизайны менен таң калтырган мейманканаларды, италиялыктардын духундагы ресторандарды, кым бат нарктагы кафелерди кездештиресиз. Жол жээ гиндеги, тротуарлар жана чакан бакчалардагы өстүрүлгөн декоративдүү даректарды чеберчилик менен кыркып, аялдын кайсы бир сулуу мүчөсүн, жан-жаныбарлардын, жомоктун каармандарының образына куюп койгондой окшоштуруп коюшкан. Шаарды аралап баратып, эбегейсиз чоң аянттагы «Нестле» концерндин штаб-квартирасынын има ратын көрөсүз. Бүткүл дүйнөдө швейцариялык бренд катары таанылган «Нестле» шоколадының негиздөөчүсү Анри Нестле (1814–1890) өзүнүн про дукциясын өмүрүнүн акырына чейин өнүктүрүүдөн чарчабаган. Ал биринчи жолу шоколаддан балдар үчүн ар түрдүү таттууларды жасап чыгарган. Өзүнүн

лабораториясында алгачкы жолу консервацияланган сүттү ойлоп таап, анын негизинде сүттүү шоколадды жасаган. Өз мезгилинде анын татымы жана курамы табигыйлуулугу жана даамынын өзгөчөлүгү менен таңыркаткан. Бүгүнкү күндө аталган шоколаддын, таттуулардын, кофенин бир канча түрлөрү эл аралык базарда өз аты менен сүймөнчүккө ээ. Дагы бир таанымал, легендарлуу фирма «Нивеанын» мекени –Монтре. Фирманын ээсинин жалгыз Варвара атуу аябай сулуу, татынакай кызы болот. Турмушка чыккандан кийин төрөт учурунда кара басып, көз жумат. Кызынын кайгысынан мүңкүрөгөн атасы акыры кайгыны эмгек менен жеңип, жаңы ойлоп табылган продукциясын дүйнөгө таанытат. Кызынын элесинин урматына эбегейсиз чоң, кооз сепил да курдурат. Кезегинде англиялык атактуу акын Жорж Байрон да так ушул шаарга келип жашап, тарыхый жайларына кызыгып, чыгармачылыгына кандайдыр бир деңгээлде руханий азык алып кеткени тарых баракларында айтылып жүрөт.

Биз сиз менен аралап жүргөн Монтре, мындан ары саякаттай турган Веве жана Лозанна шаарлары Швейцариянын Во кантонунун Веве районуна карайт. Аянтынын чоңдугу, жүзүмзарларынын кеңдиги жана көлдөрдүн көптүгү менен айырмаланат. Кантондун айтып бүткүс сыймыгы бул – Женева көлү. Көлдүн туш-тарабында Веве, Вильнев, Лютри, Ньон, Вернье өндүү жайнаган курорттору бар. Женева көлүнүн узундугу 72 км, туурасы 13 км, эң терең жери 310 метрди түзөт. Канча мезгилдерден бери курорттук зоналар болгондуктан андагы тейлөө, түзүлгөн шарттар жана эң жогорку категориядагы сервистен кам санабай эле койсоңуз болот. Курорттор ортосунда атаандаштык аябай күч болгондуктан, эч

кимиси өзүнүн кадыр-баркын, рейтингин түшүргүсү келбейт. Көл демекчи бир окуя эсиме түштү... Журналисттик кесибиме байланыштуу Аксы районуна командировкага барып, Сары-Челекти көрө кетмекчи болдук. Туңгуч Президентибиздин иштеп турган мезгили. Эки күн бою райондун жетекчилери, чарбанын атка минерлери чакчелекей түшүп, борбордон болгондо да Ак үйдөн келе турган конокту күтүп жатышты. Карагайдан тегиз кыналып салынган кооз мейманкананын конок бөлмөсүндөгү стол үстүндөгү дасторконго эмнелер гана коюлбады.... Кекилик, эликтин этинен шишкебек, бөдөнөнүн жумурткасы да бар... Урматтуу конок бешбармакты жакшы көрөт экен дешип, камырды үч-төрт жолу кайра-кайра жасатып, чачтай ичке болсун же камыры чайналбай жутулсун деп ашпозчулардын шайын кетирди. Жолдо келатканда дароо көз ачып-жумганча кесе койгула деп, эмелекисин жаратпай, жаңы камыр ийлеттирди. Же конок өз убагында келсе, кокуй, чоңдорду кечикти деп айтууга болбойт, алар маанилүү жумуш менен кармалышат да. Түндүн бир оокумунда Президенттин аппарат башчысын «коюнан койчусу көп» дегендей, чоңдун оозун тиктеп жүргөндөр бу-ту-бутуна тийбей, жолдон тосуп келишти. Эртеси күн көтөрүлүп калганда, жападан жалгыз моторлуу кайыкка салып алып, Сары-Челекти айландырып көрсөттү. Четтен келген туристтер же башкаларды деле бир кайык менен кантип тейлесин? Бир адам өзү бир колхоз тоюна турган тамак-ашты кантип жей алат? Көп эле биздин ашкере меймандостугубуздун пайдасынан зыяны ашыкчараак болсо да, көз жумуп коёбуз. Конок тойсун деп эмес, конокко жагынып-жасакерленип, жеке кызыкчылыкка жол табыш үчүн чачып жатканды моюнга албайбыз...

Бутка тура албай иче турган күн...

Веве районунун көпчүлүк бөлүгүн жүзүм бактары ээлейт. Женева көлүнүн жээгине чейин созулган плантациялардын көлөмү ар кыл. Жердин кыртышына карап, кыян же катуу жаан жууп кетпесин деп таш дубалдарды уруп коюшкан. Жээктен өйдөңкү кырларга көтөрүлгөн сайын жүзүмдөр коюуланып, жыш отургузулган. Тээ бийигинен карасаңыз, көлдөгү толкундун агымындай шамалга жайкалат. Жүзүм багынын бою бир жарым, эки метрден ашпайт. Мөмөсү бышканга чейин жалбырагын утуру-утуру кыркып турушат. Машина менен тербейт, этияттап кол менен үзүлөт. Мөмөсүн канаттуулар жеп кетпеш үчүн майда ийненин көзүндөй торчолуу этектерди жаап сакташат. Күздө түшүмү жыйналып бүткөндөн кийин оо-о,кеч күздө түшүм майрамы өткөрүлөт. Ал атайын жасалгаланган көлдүн өтө кооз, көркөм булуңдарында орун алган дыйкан-фермерлердин базарында өтүп, Швейцариянын бүткүл аймагынан-кантондордон вино өндүрүүчүлөр чогулат. Муну вино аукциону деп аташат. Базарга киришириз менен бир чөйчөк сатып аласыз. Базардын башынан-аягына чейин коюлган шараптардын ар кыл сортунан татып көрүңүз... Бирөө бир франк албастан, чөйчөгүңүздү толтуруп берет. Кечке кыдырып ичип жүрүп, бутка тура албай калган күндү сагынгандар да бар...

Вевенин тарых-таржымалы байыркы римдиктер менен байланышып кетет. Римдиктер, кельт уруулары жана варварлардын алемандары, кийинчерээк франктар ушул шаарга издерин калтырып кетишкен. Орто кылымдын гүлдөп турган мезгилинде эле Веве өтө маанилүү стратегиялык пункт катары саналган.

Савой династиясынан кийин 1536-жылы берндик-
тердин башкаруусуна өткөн. XVII кылымдын баш
талышында француз протестанттары келе баштайт
Эски кварталдарынан өткөн кылымдардын элес
чагылып турат. 1530-жылы курулган Сен-Мартен
чиркөөсүнүн мунарасы өзүнчө бөлүнүп көрүнөт.
Байыркы Поль-Серезоль деп аталган проспекти өте
кооз, кадам баскан сайын кафе, ресторандар, банк-
тар жана дүкөндөр кездешет. Шаарда жеңил маши-
на чыгарган завод, «Нестле» шоколад фабрикасы,
жана сыра заводу, италиялыктардын белгилүү «La
Drange» ресторану бар.

Дагы бир белгилеп кетчү нерсе, шаардын чо
көчөсүнүн бирине Жан-Жак Руссонун ысмы берил-
ген. Атактуу личносту швейцарец же француз деп
талашкандар көп. Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн так
ушул Веведе өткөргөн Руссонун минтип жазганы
бар: «Мен ушул шаарды сүйүп калдым, бул сезим ар
дайым бардык сапарларымда мени коштоп жүрөт».
Жазуучунун өмүр-тарыхы татаал жана катаал бол-
гон. Эркиндикти жактаган идеялары үчүн бийлик-
тин кара тизмесине илинип, куугунтукка алынган.

Жан-Жак Руссо 1712-жылы Женевада саат уста-
сынын үй-бүлөсүндө туулган. Энеси төрөттөн каза
таап, кичинекей Руссону атасынын бир тууганы
тарбиялаган. Өзүнүн атасы көп убактарда эмигрант
болуп, четте жүргөн. Анын атын таанытткан, өз мез-
гилинин алдыңкы интеллигенттеринин арасында ка-
дыр-баркка бөлөгөн эмгеги «Илим жана искусство
жөнүндөгү ой толгоолор» деп аталган. 1750-жылы
аталган эмгеги Дижон академиясынын конкурсунда
алдыңкы сыйлыкты жеңип алат. Анын кийинчерээк
жарыкка чыгарган «Жаңы Элоиза», «Эмиль» жана
«Коомдук келишимдер» аттуу эмгектери эркиндик-

ти, теңчиликти жактаган ойлору кызыгууну жарат-
кан, бирок бийлик төбөлдөрүнө жакпай, сары изине
чөп салышкан. Эл эң көп чогулган аянтта анын эм-
гектерин көз көрүнө өрттөп жок кылышкан. Фран-
циядан Швейцарияга келсе, өз Мекенинде да тынч
койбой куугунтукталып, Англияга кеткен. Жазуучу,
социолог жана коомдук ишмер, Агартуу эпохасынын
эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Руссонун Англия-
да жүрүп, белгилүү эмгегинин « Ички сырларынын»
(«Исповеди») көп бөлүгүн жазган. Бүгүнкү күндө
айтылуу Женева шаарынын көрүнүктүү аянтына
Жан-Жак Руссонун образдуу эстелиги тургузулган.

Биз өзүбүздүн улуттук адабият, маданият жана
искусствобуздун пайдубалын түптөгөн, өнүктүргөн
жана классикалык деңгээлге көтөргөн таланттуу ин-
сандарыбыз менен сыймыктанууга акылуубуз. Бир
гана алардын өмүрүнө, чыгармачылыгына түздөн-
түз байланышкан тарыхый-даректүү фактыларды
чогултуп, иретке салып, хронологиялык тартипке
келтирүүдө аксап турабыз. Тарых өтө өжөр, өтө ка-
лыс тараза. Тоо булбулу Токтогулдун Сибирге барып-
келген жолун, өмүрүнүн урунтуктуу учурун, алгач-
кы автобиографиялык чыгарма Мукайдын «Узак
жолун», Касымалынын «Каныбегин» жана башка
ушул өңдүү көптөгөн чыгармалардын жаралыш-жа-
зылыш тарых-таржымалын тактап берсек кана...

Батыш адабиятынын классиги Виктор Гюго көз
мончоктой аздектелген Вевеге көп жолу келгендик-
тен: «Тазалыгы, климаты жана чиркөөсү таптакыр
эстен кетпейт» – деп айткан. Актер жана сценарист
Чарлз Чаплин өмүрүнүн аягына чейин жашаган. Са-
якатты өтө сүйгөн, жер кезгенди жактырган орус
адабиятынын классиги, «Өлүү жандардын» автору
Николай Гоголь, композитор Петр Чайковский жана

орус падышасы Романовдордун үй-бүлө мүчөлөрү да болушкан.

Николай Васильевич Гоголь 1809-жылы Украинанын Улуу Сорочинцада дворяниндин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы театрда ролдорду аткарып, водевилдер жана ырларды жазган. Атасынын таасиринен уламбы, кичине кезинен эле театрга кызыккан, спектаклдерде комикалык ролдорду аткарган. Нежиндеги жогорку илимдер гимназиясын бүткөндөн кийин, 1828-жылы Петербургга келет. Ал он алты жашынан тартып, сатира, ыр, повесть, трагедияларды жаза баштаган, бирок анын алгачкы чыгармалары ийгиликсиз болуп, көңүлү калган жигит 1831-жылы чиновниктик кызматка кирет. Ошол кездеги адабий салондорго катышып, Пушкин, Жуковский лер менен таанышат. Анын «Диканькага жакын хутордогу кечелер» аттуу аңгемелери публикада чоң ийгилик алып келип, ал турсун сынчылардын да көңүлүн өзүнө бурат. Гоголь Петербург университетине профессордук кызматка тапшырат да, тез эле таштап коёт. «Миргород», «Арабески» аттуу петербурдук аңгемелер жыйнагын басмага тапшырат. Анын чыгармаларында мистика, философия, элдик даанышмандык бири-бири менен жуурулушуп, жаңыча ой жүгүртүү, жаңы өң-түсү жана маңызы менен айырмаланып, реалдуу жана фантастикалык образдарынын жандуулугу, турмушка жакындыгы менен айырмаланган. Табиятынан турмушка жакын калемгер жер кыдырып, элдин турмушун өз көзү менен таанып, көкүрөгүнөн өткөргөндөн кейипкерлери да турмуштагыдай ишенимдүү чыккан. Жазуучунун «Текшерүүчү» жана «Өлүү жандар» деген роман-поэмасы адабий чөйрөдө чоң кызыгууну жаратып, күлкү менен сатиранын күрч калемпи-

рине чыланган, философиялык ой-мазмундун чебер кайырмагына илинген, маңызынын терендиги жана негизги мазмундун чордонунда падышачылык Россиянын «күлкү менен көз жаш аралашкан» турмушунун жүзүн таасын ачып берет. Ал эми «Достор менен кат алышуунун тандалган орду» деп аталган чыгармасында философиялык-диндик идеялар камтылып, улуу орус сынчысы Белинскийдин талаш-тартышууну жана куйкумдуу сөздөр менен образдуу жазылган кайрылуу катынын жазылышына түрткү берет. Художник бул чыгармасында жаркын ойлорду жана жарык сезимдерди козголоп: «Өлүү жандар болбогула, жандуу жана жарык жандүйнөлөр болсун» – деп чакырык таштагансыйт.... Анын даанышмандыгынын бир мисалы катарында «Жиндинин кол жазмалары» деген чыгармасында каарманы чиновник Поприщин мындай деп белгилейт: «Мартобря, 96-число. Күн менен түндүн ортосунда...» Айткандай эле 1917-жылы мартта падышанын бийлиги кулатылат да, октябрда буржуазиялык революция жеңет. Орус элинин нравасын, адеп-ахлагын жана турмушун Гоголдой терең, ишенимдүү жана реалдуу турмуштагыдай чагылдырган чыгармалар ошол кезде саналуу болгонун белгилеп өткөнүбүз оң. Орус адабиятынын классиги Н. В. Гоголь өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн бейиштин бир үзүмүндөй болгон Веведе өткөргөнүнөн чыгармачылыгына таасир- шыкак, дем бергенин танууга болбойт.

Веведе таң калтыра турган тамак-аштардын музейи бар. Тарыхый доорлордун сыноосунан өткөн ар кайсы өлкөлөрдүн тамак-аштарынын рецепттери, жаралуу тарыхы, канча мезгилдерден бери жасалып келаткандыгы жөнүндө кабардар кылат жана ар түркүн экспозициясы коюлган. Алар ошол мам-

лекеттердин маданий жана этникалык салттары, кө
караш жана ой жүгүртүүлөрү менен байланышы
турат. Дагы бир кайдыгер калтырбаган жай – тарых
музейи. Веведеги көөнө сепилге жайгашкан шаардык
тарыхый музейи. Андан шаардын азыркы мезгилге
чейинки тарыхы, вино өндүрүүчүлөрдүн кийим-кө
чеси, костюмдары, идиш-аяктары, эски эмеректери
ошол мезгилдерге эмнелер таандык болсо, баары бар
Түшүм, тагыраак айтканда, вино майрамына карат
бул жерде шаан-шөкөттүү оюн-зооктор уюштурулат
Женева көлүнүн жээгине жакын узуну сеги
метрлик айрыны (вилька) көлгө матырып тургузу
коюшкан. Скульптор, искусство таануучу жана ху
дожник Жон Пьер Цойук өзгөчө сүймөнчүк менен
жасагандыктан, керемет көлгө башкача бир фо
тарттуулагансыйт....

Олимпиялык музей-парк – Лозаннада

Лозанна сулуулугу жана көркөмү жагынан кошу
на Монтре менен Веведен кем калышпаган, турист
тер арасында өтө популярдуу, эски менен жаңының
синтезин айкалыштыра өнүккөн космополит шаар
Шаарга барсаңыз, «күндө майрам, күндө той» деген
дей эле сезимде каласыз, анткени калаанын мада
ний турмушунда тыныгуу, эс алуу деген болбойт. Эл
аралык фестиваль, концерт, спектакль, опера жана
балет, музыкалык кечелер, дүйнөлүк атак-даңкты
багындырган скрипач, пианисттердин жеке кон
церттери байма-бай өткөрүлүп турат. Шаар жээкке
жакын, көлдүн кырында, Женева көлүнө бой салып
тургандай туюлат. Көл менен шаар коюн-колтук
алышып, кол кармашып тургансып кетет.

Шаардын тарыхый казууларында Байыркы Римдин калдыктары табылган. VI кылымда Лозанна епископство болгон. Диний көз караштар өнүгүп, мамлекеттин укуругу катарында кызмат кылган. Ал гана эмес динге кызмат кылгандарга орден, медалдар чыгарылган, ушул жерде негизделген. Орто кылымдарда архитектурасы менен тарыхый курулуштары болуп көрбөгөндөй өнүккөн. Палю аянтында Рург, Сен-Пьер, Сент-Франсуа жана Сен-Лоран кварталдары өсүп чыккан. Князь-епископ Гийо Шамвон өтө бийик, өтө кооз, ички жасалгалары таң каларлыктай аземдүү, диний көз караштарга, ырым-жырымдарга байланган мунара курдурган. Ошол кездеги Папа Григорий X жана император Рудольф I өзү катышкан. 1536-жылдары берндиктер басып алып,(протестанттар болгон) кантондогу католиктердин чиркөөлөрүн, ибадатканаларын аёосуз өрттөп, жок кылышкан. Кандай болгону белгисиз, ошонун ичинде азыркы Сент- Франсуа мунарасы аман калган.

Азыркы Лозанна мезгил менен жарышкансып өнүгүүдө. Отелдердин көптүгүн айтыңыз. Шаарга өзүнчө көрк берген Сициллия отели, спорт үйү, баскетбол боюнча эл аралык комитет, бир нече эл аралык уюмдардын штаб-квартирасынын имараттары, лозанналыктардын сүйүктүү жайы – метросу, бир канча архитектуралык ансамблинин ажайып курулушу менен таңыркаткан тоннелдери, дүйнө жүзү боюнча жападан жалгыз, биринчи табылга кораблдер үчүн механикалык булундун башкарылышы баш катырат. Дагы бир белгилүү компания «Майкрософт» компьютердин чычканчасы менен клавиатурасын жасап чыгарат. Швейцарияда туризм өз апогейине жетип өнүккөндүктөн, отелдерди башкаруучулар менен тейлөөчүлөрдү даярдай турган жо-

горку окуу жайы бар. Мейманкана – отелдин серви
си өзүнчө эле комплекстүү, мезгил талаптаган илим
мындай бизнестегилер акча табуунун жолун ган
өздөштүрбөстөн, тейлөөнүн маданиятын, эстетика
лык табиттүүлүктү жана эстетика-этиканын жогорк
нормаларын даңазалашат. Айткандай, билесизби, Ло
заннада эмне көп?... Кооз да, кызыктуу да, сырдуу д
музейлер көп, ондон ашык ар түрдүү тематикадагы
функциядагы музейлер бар. Шаардын тарыхый му
зейинде Лозаннанын байыркы, илгерки, өткөн жана
азыркы турмушу, XVII–XVIII кылымдардагы саясий
жана экономикалык абалы, банктардын өнүгүшүнү
Орто кылымдагы өнүгүү этаптарын жана бүгүнкү
турмушун айтып берет. Археология жана тарых му
зейинде Женева көлүнөн табылган тарыхый эстелик
тер, чопо доорунан тартып, XXI кылымга дейре ушул
аймакта кайсы уруулар, элдер жашаса, алардын тур
мушу, колдонгон буюмдары, жашоо-тиричилигине
иштеткен эмгек куралдары, Орто кылымдын жашоо
образын чагылдырган экспонаттар коюлган. Баары
нан кызыгы бир залда заңкайып, Марк Аврелийдин
алтын бюсту турат. Марк Аврелий 161-жылы Рим
империясынын императору болгон. Ал грек ойчулда
ры Гераклит менен Сократтын ойлорун жактап эле
калбастан, Эпиктеттин «Чыда жана өзүңдү өзүң тый»
деген эрежесин колдогон. Ал башкалар үчүн эмес, өзү
үчүн эрежелердин жыйындысын «Ой жүгүртүү» (Раз
мышления») деген эмгегинде калтырып, өзү да эң
кыйын мүнөттөрдө кайгы менен кубанычта сабырдуу
лукту көрсөткөн. Ал адамдагы сергек акыл-эсти, көз
караштын бекемдигин, кайраттуулукту, чынчылдык
ты, сабырдуулукту жана курчап турган дүйнөнү, эң
башкысы өзүн өзү таануну баалаган. Ал өмүрүнүн
акырына чейин философия менен алектенип, жашоо-

нун чиеленген табышмагынын жандырмагына өз жо-
обун берүүгө аракеттенген. Лозаннанын антикалык
доордогу кебетеси, көрүнүшү, турмушу эмне менен
жашап, кандай күн көргөндүгүн Рим маданияты де-
ген музейден таанышасыз.

Адам деген кандай керемет жан! Мен бир нерсе-
ге аябай өкүндүм... Лозаннанын психикалык оору-
лар менен ооруган бир клиникасында практикасын
өтөп жүргөн бир жапжаш врач пациенттери менен
жакшы мамиле түзүп, алардын жандүйнөсүнөн
жол тапканга аракеттенет да, оорулуулар тарткан
сүрөттөрдү чогултуп жүрө берет. Психикасы бузул-
ган адамдын көзү менен турмушту кароонун, таану-
унун өзү кызык да... Сүрөттөр жөн эле тартылбап-
тыр... Мазмун, ой, идея жана сюжеттин жаңылыгы
соо адамдарды аябай кызыктырат. Бүтүндөй бир кол-
лекцияда мындай ой айтылат: «Не все такие здесь,
все не такие здесь». Ушул сүрөттөрдүн катарында
түрмөдө жаткандар, камактагылардын да тарт-
кан сүрөттөрү Көркөм галереяга коюлган. Шаарда
бүткүл дүйнөгө атагы чыккан бир канча клиникалар
бар. Көрүнүктүү гинеколог, профессор Л. Р. Роша
негиздеген Моншуази клиникасында жалпы жана
эндоскопиялык хирургия өнүгүп, акыркы жылдары
ар кандай аспектидеги пластикалык операцияларды
жасоо боюнча таанылып калган. Шаардын өзүндө
Федералдык политехникалык мектеп жана Жогорку
инженердик мектеп, бир канча коллеждер бар.

Биз кайрадан жүзүмзарларды аралайбыз... Антке-
ни Лозаннанын дээрлик бардык аймактарын жүзүм
бактары ээлейт.. Эмнеге европалыктар винону көп
ичишет? Эртели-кеч тамактануусунда ууртап ичүүнү
адатка айландырышкан? Атайын винонун адам ор-
ганизмине тийгизген пайдасын изилдеп-иликтеп

чыгышкан Базел университетинин окумуштуулары
Шаарда винону сатып-өткөргөн, экспортко чыгарга
ондон ашык фирмалар бар. Кызыл жана ак винону
көптөгөн сортторунун калориясы, кубаттуулугу, ку
рамындагы элементтердин, азыктардын сан-өлчөм
эң башкысы сакталуу мөөнөтүнүн көп жылдыктагы
сы, нукуралыгы, эки-үч жүз, беш жүз жылга, анда
ары үй-бүлө мүчөлөрүнүн урматына сакталган ша
раптар бааланат. Тактайдан жасалган чоң-чоң боч
кедеги винону сактаган жер төлөнү көрсөңүз өзүнч
эле кампа. Сактоонун атадан балага калган купу
сыр сыяктуу эреже-талаптары бар. Кандай темпе
ратурада кармоо керек, кайсы мезгилдин, кайсы
күндүн саат-мүнөтүндө чайкап-аралаштыруунун ык
малары катуу сакталат. Кеп винонун сортунда дел
эмес дешет. Күңгөйдө бышкан, күндүн нурун канык
канча сиңирген, күндүн маал-маалдагы: эртең ме
ненки, күн көтөрүлгөндөгү, түшкү, бешимдеги жан
кечки иңирдеги чыңалган энергетикасына тойго
мөмөсүнүн калориясы эттин калориясы менен бара
бар болот. Ал эми тескейиндеги, же жамбашындагы
же жалбырагынын арасындагысы да бири-биринен
кескин айырмаланат. Жүзүмдү мителерден, климат
ка байланышкан илдеттерден сактоо негизги ролго
ээ. Аны аңдыган душмандары канаттуулардан кор
гобосо, чокуп жеп, майкандап таштары айдан ачык
Илгертен бери кирешелүү тармак болгондуктан
швейцариялыктар өздөрүнүн продукциясы менен
өтө сыймыктанышат.

Биздин Кыргызстанда акыркы он беш-жыйырма
жылдын аралыгында пилла өндүрүүгө, жибек кур
тун багууга таптакыр көңүл бурулбай калды. Баш
ка даректарга караганда жибек куртунун баалуу та
магы тыт өсүмдүгү анчалык деле чыгашаны талап

кылбайт. Талааларды тилкесинин четине, арык бойлоруна тигип койсо, бат өсөт, шактары барпайып мөмөгө тез кирет, эч кандай ашыкча түйшүктү талап кылбайт. Бизден мурунку муундар отургузган тыт даректарын кесип, отун үчүн аралап жок кылдык. Жибек курту байлаган пилладан не деген сонун натуралдык, солкулдаган жумшак, назик, денеге жагымдуу жана эч кандай синтетиканы боюна илештирбеген жибек кездемелери токулат. Нукура жибектен тигилген кийим-кечени музейден же байлардын аукционунан көрүп калабызбы деп корком. Биздин аймактарда канча жерлер, тыт көчөттөрүнө ылайыктуу аянттар бош жатат...

Сиз менен биз эми Олимпиадалык парк менен музейге чыгабыз. Эл аралык Олимпиадалык комитеттин штаб-квартирасы да Лозаннада жайгашкан. Женева көлүнүн жээгинен жогору карай дөбөдөгү аянтта фасады бир башкача, форма менен мазмунду айкалыштыруунун өзгөчө стилинде курулган Олимпиялык музей орун алган. Тепкичтер менен көтөрүлүп баратып, антикалык доордун спорттук оюндарынын статуяларын ар кандай позада көрөсүз. Ар бир образ, ар бир легендарлуу статуялар чоң чеберчилик менен жасалган. Спорт – сулуулук, спорт – ден соолук, спорт – өмүр, спорт – достук, спорт – тынчтыктын, достуктун элчиси деген таанымдардын бекер жеринен айтылбаганына ынанасыз. 1993-жылы музей ачылып, Олимпиядалык оюндардын антикалык доорунан баштап, бүгүнкү күнгө чейинкисин чагылдырган фотосүрөттөр, документалдуу фильмдер, аудио-видео тасмалары, тарыхый даталардын фактысын айкындаган экспонаттар коюлган. Имараты өтө чоң, өтө кеңири болгондуктан ар бир кабатындагы биринен бири өткөн кызык, маанилүү фактыларды көңүлгө түйүштүн өзү кыйын.

Этап-этапка бөлүнгөн музейдеги антикалык доорду
духун чагылдырган фрескилер, грек мифологиясы
нын каармандарынын элеси түшүрүлгөн дубалдар
айрыкча Промотейдин иллюстрациялары көңүлд
калат. Ар бир төрт жылда өткөрүлгөн олимпиаданы
коло, күмүш жана алтын медалын жеңүүчүлөрдүн
өмүр-тарыхы, алардын эрдигин, жеңишин, спорт
тук чегин жана баатырдыгын даңазалаган бүт ма
териалдар бар. Тарыхта Олимпиадалык оюндарды
негиздөөчүсү Пьер Кувертиндин ысмы сыймык мене
айтылат. Көрсө, Лозаннаны Олимпиядалык оюнда
дын катализатору деп атоонун өзү ушундан тура. Му
зейге жаңаша Олимпиялык парк отургузулган. Ко
менен эринбей-тажабай чыгармачылык эргүү мене
жасалган сулуулуктан, кооздуктан толкунданып, се
табылбайт. Сейил бактын ылдыйында көп түрдү
фонтандар, түркүн түстөгү павильондор, жээкке ка
катар кыналышкан кораблдер токтогон булундарды
пейзажы көңүлдү элеп-желеп кылгандай делдире
тет... Көлдөгү кемеге отуруп, тыптынч суунун агы
мында чайпалып бараткандай кечки иңирдин би
башкача аурасынын кучагында термелип, мом шам
дын бүлбүлдөгөн жарыгында сүйүктүү адамың мене
романтикалык кечти өткөргөнгө не жетсин!...

Веведе киноактер, режиссер, продюсер, сценарис
жана композитор Чарлз Чаплин өмүрүнүн акырына
чейин жашаган. Анын уулу да бүгүнкү күндө искус
ствонун адамы. Чарлз Спенсер Чаплин 1889-жылы
лондондук мюзик-холл артисттин үй-бүлөсүндө туул
ган. Ал өтө эрте жашында сценага чыгып, артисттик
шыгынын бөтөнчөлүгүн көрсөткөн. 1907-жылы труп
(артисттердин тобу) менен АКШга гастролго барып
киного тартылууга чакыруу алат да, бат эле эч бир
образга окшошпогон «кичинекей кишинин» образын

түзүүгө жетишет. Кийинчерээк ал ошол образ жөнүндө мындай деген: «Менин ишим катуу стилдештирилгенине карабай, ар дайым адамгерчиликке (адамзаадалык) чакырат. Ал башталышында таптаза фарстан башталып, бара-бара нормалдуу адам мүнөзүн түзүүгө жетиштим». Анын кыска метраждуу «Малыш» аттуу фильмдери чоң кызыгууну жараткан. 1923-жылдан баштап, өзүнүн киностудиясында «Парижанка», «Золотая лихорадка», «Цирк», «Огни большого города» деген фильмдерди жараткан. Ал чыгармаларында жандүйнөсү жайдак, кунарсыз, акчанын артынан кууган капиталисттерди шакабага алган «Диктатор» деген фильминде. Ал өзүнүн «Диктатор» деген фильминде А. Гитлер, Г. Геринг жана Б. Муссолини эң сонун, куудулдук шыгы менен күлкүлүү кылып туураган. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Америкада аны коммунисттердин тарапташы катары (эч кайсы партияда болбогонуна карабастан) куугунтукка алынган. Ал аргасыздан Швейцарияга келет. Согуштан кийинки чыгармалары «Месье Верди», «Король Нью-Йоркто», «Гонкондук графиня» деген чыгармалары өтө популярдуу болуп, өзү эпизоддук ролдорду аткарган, музыкасын жазган. 1944-жылы жазуучу Илья Эренбург мындай деп баа берген: «Батыштын жогорку институттары эмес, философ-даанышмандары эмес, комедиячы чыныгы адамды алып чыкты. Аны маскарапоз катары кабыл алышты. Чындыгында, ал эр көкүрөк рыцар болчу».

Бул кичинекей жан казанчадагы адам, мурутчасы бар, кап өндөнгөн шымчан, өзүнө чак келбеген чоң таман чокойчон, күлдүргүч киши адилеттүүлүк үчүн, адамдын ар-намысы жана эркиндиги үчүн күрөшкөн. Ал жараткан образдар арык, кедей, эпсиз болгону менен жеңил, элестүү, күлкүлүү кыймылдын техникасы

жана жогорку баадагы талантынын жардамы мене
толук кандуу адамдардын образы болчу. Чоң талан
тын көптөгөн артисттик табылгаларын, трюктарын
манерасын, мимикасын жана кебете-кепширинде
жестикуляциялык кыймылдарын режиссерлор жа
артисттер пайдаланышса да, Чаплин ар дайым акыл
курч, чукугандай сөз тапкычтыгы (образы аркылу
жана жаңылыгы менен күлкү аркылуу сезимдерди т
заланууга, агарууга жана түшүнүүгө чакырып тура
Тагдыры Чаплинди эркелеткен эмес. Бийликтегиле
ден, полициядан качып, жашырынып жүрүп кан
өмүрү азапта өткөн. АКШнын борбордук чалгында
башкармалыгы «америкага каршы» ишмердиги үч
сары изине чөп салып турган. Батыштын чыныгы п
манисти Советтер Союзунун идеясына ишенип: «М
коммунист эмесмин, бирок коммунисттерди чы
жүрөгүм менен колдойм» – деп айткан. Анын чыга
маларындагы башкы идея буржуазиялык коомдо
адеп-ахлаксыздыкка (нравасыздык), мыйзамсыздык
ка «жөнөкөй адамды» кордоого-басынтууга карш
күрөшүүгө үндөп, цивилизациядагы адамгерчили
сиз адамдын трагедиясын көрсөткөн. Чарлз Чапли
дин жараткан жандуу, кайталангыс образдары ар б
жаңы муун үчүн түбөлүктүү бойдон калат. Жене
көлүнүн жээгиндеги анын эстелиги азилкеч, ку
дул талантуу актердун жөнөкөй, бала кыял, нази
жүрөк, момун мүнөзүнөн кабар берип турат. Ал 197
жылы Веведе жарык дүйнө менен коштошкон.

Жогоруда биз сөз кылган үч шаардын күндөлү
турмушу кымгуут, жандуу, ар кандай маданий-а
алуу иш чаралары тынымсыз өткөрүлүп турганы
карабастан, жергиликтүү тургундары эрте жаты
үй-бүлөлүк коломтосунун тегерегинде жай жана ж
гымдуу эс алганды каалашат.

РОЙС – ЛЮЦЕРНДИН ТАРЫХЫЙ ТАКАНЧЫГЫ

Люцернди экиге бөлүп турган көркөмдүү Ройс дарыясы. Биз экскурсияны шаардын тарыхый бөлүгүнөн баштоону туура көрдүк. Шаардын кантип негизделгени жөнүндө эл оозунда мындай уламыш айтылат. Тээ өткөн кылымдарда көлдүн жээгиндеги балыкчылардын кичинекей шаарчасы болуптур. Колуна от кармаган периште асманда учуп баратса аны карап турушкандар каерге токтосо, ошол жерге ибадаткана куруп, VIII кылымда бенедиктердин монастры пайда болуптур. Люцерндиктер өздөрү монастрь курулганга чейин эле Фирвальдштедский көлүнүн жээгинде отурукташкан великан урууларынын урпактарыбыз деп эсептешет.

1220-жылы айбаттуу да, коркунучтуу да Сен- Готард ашуусу ачылгандан кийин тогуз жолдун тоомунда турган чөлкөмдүн Италия менен Филандрияны байланыштырган соода жолунун кесилишиндеги Люцерндин гүлдөгөн доору башталат. Ошол мезгилде шаарда биринчи крепостной чептери көтөрүлөт. 1291-жылы Габсбургдардын бийлигине баш ийдирилип, алардын династиясына каршы күрөшүү үчүн 1332-жылдары коңшулаш кантондор менен бириге т. Ошол союз швейцариялык Конфедерациянын негизделишине чыйыр салат. Көз карандысыздык

үчүн болгон күрөштүн аягы 1386-жылы Австри
мамлекетинен бөлүнүп чыгуу менен бүтөт. Шаа
католицизм борборуна айланып, жака белинде к
шуна жайгашкан кантондордун өсүп-өнүгүшүнө
маанилүү роль ойногон. Ал өзүнүн географиялы
жайланышы боюнча кубаттуу жана ыңгайлуу болг
нуна карабастан, Швейцария мамлекетинин борбор
боло алган эмес, анткени протестанттык кантондо
менен күрөштө жеңилгенден кийин жогорку стату
ыйгарылбаган.

Шаарга көз чаптырсаңыз, жыгачтан салынга
Капелла көпүрөсүндөгү Ройс дарыясынын эки жа
гин бириктирген, XIV кылымда коргонуу чебине а
ландырылган сегиз кырдуу, чокусу өзүнчө бөлүнү
турган Wasserturm мунарасы урунат. XVII кылы
да курулган көпүрөнү анын түркүктөрүндөгү ж
зуулар, оймо-чиймелер ушул шаардын жана аны
тургундарынын жашоо-турмушунун эпизоддору ч
гылдырылган өзүнчө бир көркөм галереяга айла
дырылган. Ошол жазууларда шаардын өткөн турм
шундагы «Бугулар аянты», «Арстан аянты», «Да
базары» өндүү кызыктай аталыштарын, барокко ст
линдеги жасалгаланган католик дининдеги храмдар
ды, үйлөрдүн фасадындагы ачык, кыйкырып турга
кыпкызыл, сапсары, жапжашыл ж. б. түстөр мене
кооздолгон интерьерлерди көрүүгө болот. «Өтүкчө
мышык» деген жомоктогудай илгери-илгери кре
стьяниндин үй-бүлөсүндө атасынан калган мүлк
байлык чоң уулуна гана тийген. Калган балдар
өздөрүн багуу үчүн туш-тарапка иштеп кетишкен
Ошол жерден XV кылымдагы байыркы шаардын
чептерди жана мунараларды учуратасыз. Алардын
көөнөлүгү эмес, кандай курулуш материалдарынан
кандай таштардын породаларынан курулгандыгы

бекемдиги жана архитектуралык ансамбли кызык-
тырат. Ошол байыркы доорду элестеткен жайда
шаардын ратушу орун алган жана коло металл ме-
нен көркөмдөлгөн, жогорку фантазия менен курул-
ган эски оргума турат. Денмаркштрассе көчөсүндө
аябагандай чоң аскалуу таштын бооруна «Өлүм ал-
дындагы арстан» аттуу монумент орнотулган. Аска-
га тулкусу оюп жасалган айбаттуу арстандын желке-
синен найзанын учу чыгып, куйругу чубалып жатат.
Көздөрү жумулуп баратса да, башын өйдө көтөргөн
өлүм алдындагы арстандын сунулган таманында
Франциянын лилиясы сеңселет. Дат скульптору
Альберт Торвальдсен өзүнүн бул чыгармасын Тюиль-
рини басып алуу үчүн революциялык толкундоодо
өзүлөрүнүн королу Людовик XVIны коргоо үчүн тай-
манбай салгылашкан швейцариялык гвардиячылар-
га арнап жасаган. Аллегория да, каармандык дух
да, баатырдык да ширелишкен бул чыгармадагы ар-
стан өзүнүн эбегейсиз чоң турпаты (денеси) менен
француз королун коргоп турат. Согушка катышкан
800 гвардиячыдан болгону он төртү тирүү калып,
өздөрүнүн каражатына ушундай мекенчил духтагы
эстелик тургузушат. Атактуу жазуучу Марк Твен:
«Бул жарыкчылыктагы эң эле кайгылуу, жүрөктү
титиреткен скульптуралык чыгарма» – деп айткан.

Шаардын эски бөлүгүндө беш кылымдан бери бу-
зулбай турган бүтүндөй жыгачтан болгондо да дуб-
дан салынган шаардын байыркы мунарасы Ротен-
бургхаус көңүлдү өзүнө тартат. Жогоруда айтылган
уламыштагы периштенин каалоосу менен курулган
монастрдын ордуна Люцерндеги эң байыркы Фран-
цискан жана Иезуиттердин барокко стилиндеги
чиркөөлөрү, жыш кварталдардын ар биринен саат
саткан салондор, чоң жана чакан типтеги супермар-

кетти, түрдүү ассортименттеги товарлары жайнаг
дүкөндөрдү, банктарды кездештиресиз. Шаардан
мекеме, маркет, мейманкана же болбосо кайсы га
имараттардын, үйлөрдүн дубалдарында Люцернд
өзүнүн жана Швейцариянын желеги илинген. Т
риттер көп келгендиктен кайсы шаар эмнеси м
нен атагы чыкса, ошол брендиде, сувенир, беле
бечкектеринде ошол артыкчылыгы чагылдырылга
Дүкөндөрдүн кире беришине эмчегинен сүт тамы
кетчүдөй болгон таргыл уйдун статуясын тургузу
коюшкан. Швейцариянын шоколаддарынын даам
таптакыр башкача, оозго салсаңыз жагымдуу, н
зик, бир башкача табитти, тонусту көтөргөн шир
сын сезесиз. Дүкөндөрдө аларды татып көрүү үчү
сындырып-майдалап атайын текчеге коюшка
Баш бакканыңызда эле кандайдыр бир көңүлд
көтөргөн жытка аралашкан даам табитти ачы
шилекейиңизди жуттурат. Ар бир түрүнөн граммда
же килограммдап аласызбы же коробкасы менен с
тып аласызбы сизди тейлегендер өтө эле илберенки
Сааттын кандай гана түрлөрү бар дейсиз. Дубалд
илинген сааттардын дизайны өзүнчө эле жомокту
сюжетин айтып турат. Үйдүн терезесинен сааттын
жебесин каккан күкүк баш багып турат же токой
догу жалгыз тамдын терезесинен убакытты билгис
келген селкинин образы өтө кылдат, чебер иштел
ген. Колдо токулган, кол менен көздүн карегин та
лытып сайылган миң түркүн, миң кыял, миң кербе
сезимдин ички кылдарындай назик, колго кармал
бай төгүлчүдөй үлбүрөк жана кооз, аземдүү кешт
ленген саймалар түшүрүлгөн кол жоолук, стол жа
кыч, айнек жана жаздык пардалар, кыскасы, ко
өнөрчүлүгү өтө бааланат, наркы да кымбат. Дарыя
дагы өрдөк менен ак чардак, ак куулар башын чул

гуп, үмүттөнгөндөй жээкке жакын келген адамдардын колун карашат.

Шаарды аралап баратып, XIV кылымда курулган ак сөөктөрдүн, аристократтардын гильдиясын, дубалында рыцарлардын элеси түшүрүлгөн Орто кылымдагы аянтка туш болосуз. Эски типтеги бир үйдүн терезесинин жанына «Сүйүүнүн дарысы жок» деп, кичинекей тактайчадагы жазуу илинип коюлган. Кимдир бирөө бул табышмактуу, сырдуу жана татаал, айтканга жеңил, көтөргөнгө оор, жандүйнөнүн жыргалынан жана азабынан жаралган сезимдин жандырмагын өмүр өткөнчө таппай, мукураганда ушинтип жазып койгондур.... Лирик акын Эгемберди Эрматов: «Кыямат кайым учурунда жер үстүндө жалгыз акын калган болсо, ал байкуш да жанын сабап махабат деп ырдап өтөрү шексиз» – деп, ашыктыктын миң түрлүү даргөй-дүйнө сырларын төмөндөгүдөй ырга салганы бекеринен эмес.

Жиндимин же бир акмакмын – анык билбеймин.
Эмне үчүн сени сабырдуу, салкын сүйбөймүн?
Эмне үчүн өндөн керсары болуп аздым мен,
Эмне үчүн жанга мынчалык батты даргөйүң?

* * *

Сыйкырдуу бир күч, балээси бар го сыягы,
Акылым жетпейт, ааламга сыйбайт ыргагы.
Жек көрүп бир күн кетейин десем, кайрадан
Жылаажын болуп шыңгырайт сүйүү кылдары.

Дегеле европалыктар сүйүү маселесине өтө жогору маани беришет. Турмушунда биринчи планга коюп жашайт. Алар үчүн сүйүү жашоонун маңызы, негизи. Биздин элде айтылган: «Сүйүү – жаш-карыны

ылгабайт» деген макалды туу тутуп жашайт. Сүйү
калса ата-тегине, социалдык абалына, жашына, ул
туна, өң-түсүнө, кызматына жана башка критери
лерге карабайт. Көп жыл бирге жашап, бала-чака
чоңоюп калганда мыйзамдуу жубайлар деп, никеп
тургандары бар. Жашы бир топко барып калса да
жалгыздыктан өзүнүн бактысын тапкандары кезде
шет. Үй-бүлөсү болсо, коломтонун отун өчүрбөй, ба
арынан үй-бүлөнү жогору коюп, бир келген өмүрд
бири-бирине эриш-аркак болуп, бирин бири толук
тап жашаганды артык көрүшөт.

Нике кагазын бетине кармап, үй-бүлөсүнө, өзүн
чыккынчылык кылуу (ойноштук, никесиз эки-үч
аял алуу, жаш кызга көз артып, токол алуу сыяк
туу) бизде кадыресе көрүнүшкө айланып калбады
бы. Эгер өмүр көчүндө мүнөздөрү келишпей, бир
бирине жакпай калышса, эки жакка бөлүнүп кет
беришет да, балдарынын сезими, тарбиясы, келе
чеги үчүн бирин бири жеришпейт, кыр көрсөтүп
энесинин же атасынын мээриминен кур жалак кал
тырышпайт. Моралдык, адеп-ахлактык бир катар
маселелеринде биздин менталитетке туура келбеген
жактары да арбын.

Өз доорунда орустун улуу жазуучусу Лев Нико
лаевич Толстой да Люцернге келип, байыркы доор
менен заманбап шаардын келбетине, турмушуна,
жайы-кышы жапжашыл майсаңдан кол үзө алба
ган пейзажына, көл жээгиндеги ажайып сулуулук
ка суктанып, бир нече күн бою бир мейманканада
жашап, Швейцариядан алган таасирлерин жазып
калтырган. Ырас, бул мамлекеттин сырткы душ-
мандардан согуш көрбөгөнү, дүйнөлүк масштабдагы
апааттан сыртта калганы дүркүрөп өнүгүп-өсүшүнө
негиз болгону айкын. Ички-тышкы мыйзамдарынын

кылдат, турмушуна шайкешип, жарандарынын жана өлкөнүн кызыкчылыгы үчүн иштеп, бекем тартип-тин, мыйзамдардын катуулугу, аларды урматтоого болгон ынтызарлык, адам укуктарынын корголушу жана улуттук духтун күчтүүлүгүн айкындайт.

Люцернде атагы алыска тараган бир нече музей-лер бар. Шаардын негизделген доорунан тартып, бүгүнкүсүнө чейинки тарых-таржымалын айкын-даган тарыхый музейи, өзгөчө туристтердин кызы-гуусун туудурган Мөңгүлөр багы. Таң калыштуусу, шаардын өткөн доолорунан ушул кездеги табигый геологиясына сапарга чыккандай болосуз. Субтро-пиктерден тартып, (20 млн жыл кийин) өсүмдүктөр жана жаныбарлар (20 млн жыл мурун) дүйнөсүн көрөсүз. Алгачкы общиналык түзүлүштөгү тур-муш, адам менен табияттын таттуу мамилесин ай-кындаган алгачкы коомдогу аңчынын үңкүрүнө ки-рип чыгасыз. Шаар канча доор, канча кылымдарды баштан кечирсе, ар биринен из калган мекен таа-нуу боюнча экспозициялар коюлган. Кайсы доордо жашаган адамдардын турмуш образын чагылдырган үй буюмдары, мебелдери, кийим-кечеси ж. б. Суу-ларга жана мөңгүлөргө бай өлкө экенин билдир-гендей, жаратылыштын түбөлүк байлыгын көз ка-региндей сактоого үндөгөн Муз сарайына киргенде чындап таңыркадым. Дагы бир кызыктуу жай Табигый тарыхтар музейи кадимки зоопарктагыдай ви-триналарда жапайы жаныбарлар токойдо ээн-эркин жашагандай таасир калтырат. Буларда музейлерге айрыкча маани берилип аянбай, бүжүрөп-кысылбай чоң каражат жумшалары байкалып эле турат. Ошол чөлкөмдө кайсы жапайы жаныбарлар жашаса, би-рин да калтырбай Кызыл китепке киргендерин ого бетер аздектеп багып, чоң камкордук менен музей-

ге алып келгендей. Тээ байыркы-байыркы доорло
до так ушул шаардын ордунда тоолордун чалкыг
мекенинде динозаврлар, эволюциялык өйдө-төме
шарттарда тукум курут болуп кеткен жапайы жан
барлар жашаган экен.

Көзүнүн тирүүсүндө: «Мага музейди бергил
анын ичин толтурам» – деп өзүнүн мээнеткечтигин
жаңычылдыгына ишенген жана талыкпай издени
өткөн Пикассонун музейинде атактуу художникти
эки жүздөн ашык эмгектери: картинасы, гуаш мене
тартылган сүрөттөрү, гравюралары, фотосүрөттөр
жана өмүрүнүн акыркы жылдарындагы иштери к
юлган.

«Жакшы художниктер көчүрөт, улуу художниктер уурдайт»

Европанын менменсинген шаарларынын дээрли
көпчүлүгүндө XX кылымдын көркөм искусствосун
эбегейсиз эмгек сиңирген, бүткүл өмүрүндө жыйыр
ма миңден ашык эмгектерди жараткан испаниялык
художник, график, скульптор, керамист, театралдык
декоратор, дизайнер жана сүрөт өнөрүндө биринчи
лерден болуп, кубизм методун негиздөөчүсү Пабло
Пикассонун музейлери бар. Дүйнөлүк эксперттердин
баасы боюнча ал «эң кымбат» кыл калемгер катары
таанылган, 2008-жылы официалдуу сатылган эмгек
тери 262 млн долларды түзгөн. Акыркы жүз жыл
дыкта анын полотнолорун уурдагандардын ичинде
да «эң популярдуусу».

Пикассо 1881-жылы 25-октябрда Испаниянын
Малага шаарында туулган. Испандардын салтына
ылайык ал эки фамилияны өзүнө энчилеген, атасы –

Руис, энеси –Пикассо, бирок ата-эне тегинин аттарынын өтө узундугунан апасынын фамилиясы боюнча Пабло Пикассо деген аты менен дүйнөгө таанылган. Ал бала кезинде эле сүрөт тарта баштаган. Атасы Хосе Руис Бласко сүрөт мугалими болгондуктан, атасынан көркөм чеберчиликтин алгачкы сабагын эрте жашында алган. Апасы дайыма жатаарда ага кызыктуу, өзү ойлоп чыгарган жомокторун айтып берип уктатат. Келечектеги атактуу сүрөтчүдө бала кезиндеги укkан жомоктору көркөм ой-кыялын, фантазиясын чабыттатып, жаратуучулук талантына түртkү берет. Сегиз жашында май боёк менен тарткан анын биринчи картинасы «Пикадор» деп аталат. Ошол чыгармасын абдан жакшы көргөндүктөн, өмүрү өткөнчө өзү менен кошо алып жүргөн. Атасы да чыгармачылыгынын үстүнөн талыкпай иштеп жүрүп, 1891-жылы Испаниянын түндүк тарабындагы Ла-Корунеге сүрөт боюнча окутуучулук кызматка чакырылат. Ал ошердеги жергиликтүү сүрөт мектебинде окуйт. Үй-бүлөсү менен Барселон шаарына көчүп келишкенде, Ла-Лонхадагы көркөм искусство мектебине тапшыруу үчүн жашы жете элек, эң жаш талапкер болот. Он төрт жаштагы Паблону ата-энеси мектепке конкурстук негизде сынак тапшыруга көндүрөт жана талап коюшат. Сынактарын эң жакшы бааларга тапшырып, мектепке кабыл алынат. 1897-жылы Мадридге барып, Сан-Фернандодогу Королдун көркөм искусство академиясына тапшырат. Академияда сабактар классикалык традицияда окулгандыктан, Пабло үчүн көңүлсүз жана тажатма болоор эле... Ал өзүнө жаңы таасирлерди, жаңы бир көркөм усулдарды кабыл алалбагандыктан, кызыгуусун ойгото албаган окуусун таштоого мажбур болот. 1898-жылы Барселон шаарына кайтып ке-

лип, ошол маалда аты чыга баштаган «богемно
кафе» деп аталган художниктердин коомуна кире
да, аталган кафеде өзүнүн алгачкы эки көргөзмөсү
уюштурат.

Пикассо өзү «Адамдар арасында оргиналдууларг
караганда окшоштору көп» дегендей, ал бала кези
нен эч кимге окшобогон, эч бир жанда жок оригинал
дуулукка умтулган. Анын турмушунда 1900-жылы
күтүлбөгөн бурулуш жүз берет. Ал өзүнүн Касахе
мас деген художник досу менен Парижге барып
Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө катышат. Ал жерде
жаңыча көз караштагы импрессионист художник
тердин чыгармачылыгы менен жакындан таанышат
да, жандүйнөсүнө тынчтык бербеген ойлоруна жоо
ачылгандай болот... Таланттынын түйшүгү бир жак
тан, экинчиси жакын досунун өзүн өзү өлтүрүшү
абдан катуу таасирлентет. Жаш Пикассо турмушка
башкача көз караш менен карайт да, айлана-тегере
гиндеги болуп жаткан окуя-көрүнүштөрдөн «өзүнүн
темасын» таап алат. Анткени ал «ким кайгылуу бол
со, ал чын жүрөгүнөн» деп эсептеген. Мурун-соң кез
дешпеген стилде сүрөттөрүн тарта баштайт. Андагы
негизги тема кайгы жана меланхолияга баткан, жа
кырчылыкты чагылдырган «Шиньончон аял», «Жо
лугушуу», «Кедей чал баласы менен жана Кайгы»
деп аталган эмгектеринде карылык менен өлүмгө ба
гышталат да, алардын кыймыл-аракетинде, турган
турпатында өзүнө өзү аңдоо, издөө сезилгенсийт...
1903–1904-жылдары художниктин чыгармаларынын
ошол мезгили «көгүлтүр» деп аталат. Художник
адамдын ички кайгы- касиретин чагылдыруу менен
негизги өзөктү көгүлтүр түстөргө берип, көбүнчө со-
кур менен жакырлардын, ичкичтер менен сойкулар-
дын турмушун тарткан. Анын «көгүлтүр» агымдан

«кызгылтка» көчүшү Парижге келип, Бота-Лавуар-
дагы кедей художниктер үчүн берилген монмартр-
дык жатаканага жайгашканда башталат. Кайгы ме-
нен жакырчылыкты театр менен цирктин жандуу
турмушуна алмаштырып, кызгылтым, алтын сымал
ачык, жарык түстөргө басым жасайт. Анын негиз-
ги персонаждары: маскарапоздор, акробаттар менен
бийчилер эле. Жер кезген күлкүчүнүн турмушунан
алынган «Акробаттын үй-бүлөсү маймылы менен» де-
ген чыгармасында кай жерге барбасын өнөрү менен
жан баккан, көрүүчүнүн көңүлүн бурган каармандар-
ынын романтикалуу турмушу чагылдырылган.

1907-жылы ал Жорж Бракону жолуктурат да,
таптакыр жаңы жанрдын үстүнөн иштей баштайт.
Традициялык натурализмден баш тартып, көлөмү
жагынан да жана чагылуунун жаңы кырларынын
ачылышы жагынан да айырмаланган искусствонун
көркөм-таануу функциясына жаңылык алып кел-
ген кубизм методун иштеп чыгат. Жаңы эксперимен-
тинин ийгиликтүү чыкканы «Авиньондук кыздар»
(«Авиньонские девицы»), «Фернанд Оливьенин пор-
трети» («Портрет Фернанды Оливье») жана «Орта-
де-Эбродогу фабрика» («Фабрика Орта- де- Эбро») де-
ген картинасында форманы геометриялык блокторго
айлантып, көлөмүн чоңойтуп же сындырып, пали-
трасы көп түстөрдүн аралашпай (монохромность)
өз-өзүнчө мааниге ээ экени менен тандандырат. Эки
художник жаңыча ыкмада тартылган картинала-
рындагы сюжетти реалдуулук менен байланыштыр-
ган типографиялык шрифттерди катуу материал-
дардан: гезиттин айрындысын, ширеңкенин данын
ж. б. ал эми натюрмортторго нота, тамеки, винонун
бөтөлкөсү сыяктуу элементтер менен коштоп, ком-
позициясында «кубистикалык жашыруун жазмалар-

ды» сүйүшкөндөрдүн аты жазылган, жарым-жарты-
лай тытылган каттар, көчөнүн, үйдүн, телефондун
номуру билинип-билинбеген өндүү атрибуттарды
өтө чебер, өтө кылдат колдонгон. Коллаждын тех-
никасын өркүндөтүү менен кубистикалык призма-
нын көп түрдүү, чар-тараптуу штрихтери аркылуу
чыгармадагы айтайын деген ойго философияны, ди-
дактиканы, юморду да камтый алган. Анын «Гитара
жана скрипка», «Үч музыкант», «Кыздын портре-
ти» деген чыгармаларында таасын байкалат.

1945-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин
Пикассо Франсуаз Жилого үйлөнүп, андан эки ба-
лалуу болот. Анын чыгармачылыгын үй-бүлөнүн
турмушуна арналган көп сандаган картиналар то-
луктайт. Ал Парижди таштап, түштүк Франциянын
деңизге жакын аралда жашап, табияттын сулуулу-
гунан, күндөн, пляждан, деңизден өзүнө боёкторду
табат. Анын полотносунда Жер ортолук деңиздин
духу, турмушу жана антикалык доорго мүнөздүү
белгилер, штрихтер басымдуулук кылат. 1947-жылы
Валлориседеги «Мадура» фабрикасында иштеп, кол
өнөрчүлүктүн көп кырдуу түйшүгүн баштан өткөрөт
да, өз колу менен декоративдүү тарелкаларды, ай-
бандардын сөлөкөтү түшүрүлгөн кумура жана ста-
туэткаларды «Кентавр», «Кош бойлуу аял», «Май-
мыл баласы менен», «Эчки» деп аталган жана башка
бир катар ассамблюжтехникасынын шедеврлерин
жаратат. 1953-жылы өзүнүн сүйүктүү Франсуазы
менен Пикассо ажырашат, бул коштошуу худож-
никтин өмүрүндөгү моралдык кризистин, көңүл
чөктүргөн этаптын башталышына чыйыр салат. Би-
рок жигердүү кыл калемгер өкүнүч-кайгысын чы-
гармачылыктын түйшүктүү түндөрүнө алаксытып,
бар күчүн түркүн-түстүү гаммадагы живописten чы-

гарат. Арадан бир жыл өтпөй ал айжамалы келиш-
кен сулуу, интеллекти терең, искусствону айрыкча
сүйгөн Жаклин Рокту жолуктурат да, экөө бирге
өмүр кечирет, ага жубайы статуардык портреттер-
дин көптөгөн сериясын жаратууга түртkү берет.
Өмүрүнүн кийинки он беш жылы да чыгармачылык-
тын башкаларда кездешпеген көп түрдүүлүгү жана
сапаты боюнча да кескин айырмалангандыгы менен
өзгөчөлөнүп, ошол кездеги Франциянын түштүгүнө
мүнөздүү коррида агымынын тарапкери катары бир
нече эмгектерди жараткан. Чыгаан, сейрек кездеш-
кен таланттын «Сена дарыясынын жээгиндеги кыз-
дар. Курбе боюнча» (1950-ж.), («Девушки на берегу
Сены, По Курбе); «Алжирдик аялдар. Делакруа бо-
юнча» (1955-ж.) («Алжирские женщины. По Дела-
круа»); «Чөптөгү эртең мененки тамак. Ман боюнча»
(1960-ж.) («Завтрак на траве. По Мане») деп аталган
атактуу картиналарындагы ойдун, манеранын сыр-
дуулугу, композициясынын табышмагы менен ушул
кезге чейин сүрөт өнөрүнүн сынчыларынын башын
катырып келет. Пикассо өмүрү өткөнчө изденип-
түйшүктөнүп, оригиналдуу иштеп-жашап, XX кы-
лымдагы эл аралык көркөм сүрөт искусствосунун
өсүп-өнүгүшүн жаңы көркөм каражаттар, усул-та-
былгалар менен байыткан кайталангыс талант. Чы-
гармачыл личностторго мүнөздүү сапаттардын бири
дейбизби, айтор, Кайра Жаралуу доорунун классик-
терinin бири Рафаэлди чаныпбы, же теңсинбейби:
«Мен Рафаэлдей эле сүрөт тарта алам, бирок мага
бала тарткандай тартыш үчүн бүткүл өмүрүм керек-
телет» – деп, кескин ой айткан мастердин сөзү тек-
ке кетпегени, өзүнө ушунчалык ишенгенин мезгил
тастыктады. Убакыт өткөн сайын анын жолун жол-
доп, чыгармачылыгын туурап тарткандардын ката-

ры азайбай келатат. Бүткүл дүйнөгө белгилүү мастер Пабло Пикассо 1973-жылы 8-апрелде Франциядагы Нотр-Дам-де-Ви деген өзүнүн вилласында жарыкчылык менен кош айтышат.

Мен Пикассонун чыгармаларын карап отуруп, өнүккөн өлкөлөрдөгү тематиканын чексиздигин, ой айтуу ыкмасынын ачылбаган катмарга байлыгын, таланттын шык-эргүүсүндө чыгармачыл чөйрөнүн жана устаттын таасири, атаандашуу, тытыныш изденүүнүн акыбетинде эмне деген көркөм дүйнө жараларына баш ийдим...

СУЛУУНУН КАРЕГИНЕ КАДАЛТКАНДАЙ – ИНТЕРЛАКЕН

Таң эртелеп, тыптынч Берндин «Бризоль» мейманканасынан чыгып, ак кар, көк мөңгүсү кашкайып алыстан көрүнгөн бийик тоолуу районго бет алдык. Шаардан алыстаган сайын чет жакасы аскалар менен тосмолонгон, бооруна мелмилдеген мейкиндикти кучактап тургансыган баш-аягы билинбеген тоолордун мекенине туш болгонсуйсуң... Жолдору тептегиз асфальтталган бир канча метрге созулган туннелдерден өтүп, бирде жарык, бирде караңгынын кучагында термеле каерде баратканыңды да сезбейсиң. Табияттын кучагына сүңгүп, тоонун дал өзүндөй тунгуюк, сырдуу, тоонун дал өзүндөй кебелбеген, айбаттуу жаратылыштын жапайы пейзажына туш болосуз. Биз көлдүн жээгин бойлоп, көк менен арбашкан, көктөн көрк талашкан, көктүн көз ирмемдеги көрүнүшүн сиңиргиси келген ар кыл көрүнүшүн көздөн өткөрүп бараттык. Көлдүн жээги кырлуу же жайык, же болбосо тоолорго этегин жая салгандай булуң-буйткалуу, айрым жерлери туюңгуюк. Ошол жайык өңдөнгөн жээгинде тыкан, компакттуу бир кабат, ашып кетсе эки кабаттуу жомоктогудай кооз, тыпыйган үйлөр. Швейцариянын жергиликтүү тургундары шаарда эмес, так ушундай табияттын койнунда жашаганды жактырышат. Шаарда көбүнесе

эки жактан келип иштегендер жашайт. Үйлөрдүн чатырына, балконуна гүл өстүргөндү, короосунун алдына кичинекей чакан-чакан гүлбакчаны тик. кенди жактырышат. Ал жерде шаар менен кыш. тактын биздегидей айырмасы деле жок. Мезгил де. кабрь болгонуна карабай, жапжашыл тулаң чөптөр сеңселип, арча-кайыңдардын түр-түспөлүнөн кол жуубаганына тээтигиндеги боор-кырлардагы, кап. чыгайдагы ак кар жамынып, чатыры араң көрүнгөн үйлөрдүн көрүнүшү контраст берип, кыштын келге. нин кабарлагансыйт. Эң кызыгы, Швейцарияда бир эле күндө жылдын төрт мезгилин кездештирүү таң калтырбайт. Аба ырайы тез-тез өзгөрүлүп, жайда жамгыр көп жаайт. Жазда же жай айында айбаттуу да, коркунучтуу да Сен-Готард капчыгайына чыгып баратканда, «шайтандын көпүрөсүнөн» өтүп, жети. миш беш метрлик туннелдерди артка калтыргандан кийин ар кандай кызыкка, күтүлбөстүктөргө даяр болушуңуз шарт. Кечириңиз, жүрөктүн үшүн алган капчыгайдын тээ байыркы кылымдагы тарыхынан бир-эки ооз сөз кыстара кетейин... XIII кылымдын башталышында Сен-Готард ашуусу аркылуу жолдун ачылышы, ушул мамлекеттин коңшулары Италия, Германия менен алыш-бериш алакасын жакшырт. пастан, «токойлуу кантондор» Швиц, Унтервальден, Ури, Габсбургга эң ыңгайлуу соода жолунун өсүп. өнүгүшүн шарттаган. Жараткандын жан тартканын айтсаңыз, ошол мезгилдеги Швейцария тогуз жол. дун томунда турган. Жайдын башталышында он беш градуо ысыкка жан жыргатып баратып эле ашуурга чыкканда минус алты градуска аба төмөндөп, кал. чылдап үшүтөт... Ашып барса жыйырма километр аралыктан кийин мээлүүн күздүн желаргысы бети. башынды аймалап, алтын түспөлдөнгөн айлана-те.

ребел көңүлүңө бүлүк түшүрөт. Кыскасы, үч саат. тын ичинде жайда жолго чыккан болсоңуз, кышты өткөрүп, күздө жайыкка келип түшөсүз да, келген жагыңызга эмне кийип кайтарыңызды билбей ал. дастай түшөсүз. Тоолордун, көгүлтүр көлдөрдүн ку. чагынан суурулуп чыгып, айтылуу Интерлакенге жеттик. Айлана-тегереги бүтүндөй Альпы тоолору менен курчалып, жаңы туулган айдай менменсин. ген, көркүнө көз нуру арбалгандай эки тарабында. гы сулуунун карегиндей эки көлдүн кучагында жай. гашкан аты белгилүү курорт. Швейцариялыктар жакшы көрүппү же эркелетиппи «Швейцариянын жүрөгүнүн так ортосу» деп коюшат. Берн кантону. нун Меккеси деп атагандар да бар.

Интерлакен байыркы мезгилдерде соода пульту катары кызмат кылган. Тогуз жолдун тоомундагы пульт аркылуу Альпыга бара жатышкан миссионер. лер, зыяратчылар, караванчылар бажы төлөмдөрүн төлөп, сапарын улантышкан. Берн кантонунун бийик тоолуу аймагы Берн Альпысы же болбосо Оберланд (бийик жер) деп аталат. Мында Гштад, Адельбоден, Гриндевальд, Венген жана Интерлакен курорттору бар. Абасы кашкайып таза, айлана-те. гереги бүтүндөй тоо массивдерине чулганган, тээ алыстан ак карлуу чокулары, мөңгүлөрү кашкайып, тоо-ташты жарып чыккан булактай мөлтүрөгөн көл. дарыяларга бай регион. Таң каларлык нерсеси, мын. да саат сайын эмес, мүнөт-секунд сайын жарату. лышы өзгөрүлүп, табияттын көзгө көрүнбөгөн, аты белгисиз «сүрөтчүсүнүн» кыл калеминен жаралган миң түрлүү полотнолоруна өзүңүз күбө болосуз. Жа. ратылышынын тумсак абалында тартуулаган баа. луулуктарынын байлыгынан, пейзажынын ажайып кооздугунан улам швейцариялыктар Европадагы

биринен бири өткөн кооз, эл аралык маанидеги ку-
рорттук зонага айландырышкан. Бул жерге жылдың
кайсы мезгилине карабай альпинисттер келип, чо-
куларга чыгып кумарын кандырып турушат. Адам
баңгизатына, тамекиге же болбосо алкоголдук ичим-
дикке кандай көз каранды болсо, чокулардын чал-
гынчылары так ошондой кумардан баш тарта албай,
каалаган мезгилинде ак мөңгүлүү чокуларга чыгып
турушат. Бүткүл дүйнөнүн альпинисттери глобалдуу
мелдештерин, адам буту тийбеген сүрдүү, катаал чо-
куларды багындырууну так ушул Оберланддын түнт,
жалама аскасынан баштаган. 1858-жылы 4970 метр-
лик Айгер чокусуна англичанин Чарльз Баррингтон-
дун буту жеткен. 1874–1876-жылдары аталган чоку-
нун Түштүк, Түштүк-Батыш аскасы багындырылса,
Түндүк чокусуна чыгуу өтө кыйынчылыкты туудур-
ган. Ал альпинисттердин кол жеткис, кыялындагы
бийиктиги болуп калган. Анткени Түндүк тарабы-
нан жыл мезгилинин ар күнү тынчсыз, рельефи ка-
таал, көз ачырбаган катуу, тынымсыз шамал жүрүп,
бороондуу бурганак ызырына ышкырып жүрөктүн
үшүн алып турган. Тез-тез көчкү жүрүп тургандык-
тан, таптакыр чыга алышпаган. Бирок көздөгөн
максатынан кайтууну каалабаган альпинисттер ара-
кетин токтотушкан эмес. 1935-жылы германиялык
эки альпинист ошол жерде көз жумган, бир жыл-
дан кийин үч альпинисттин сөөгү аскада калып кет-
кен. Берн өкмөтү ошондон кийин так ошол багыт
боюнча Айгерге чыгууга тыюу салган. Ошого кара-
бастан, 1937-жылы австриялык Хиас Ребич жана
немец Людвиг Верг аракет кылышкан, бирок жолу
болбойт. Л. Верг тынчып калбастан Андерлем Хек-
майрон менен жашыруун даярданып, жүрүшкө ка-
туу камылга көрүшкөн. Көрсө, экөөнөн башка дагы

бирөөлөр арзуу кылган максат Айгердин Түндүк та-
рабын багындыруу идеясы австриялык альпинист-
тер Фриц Касперек менен Генри Харрердин оюнан
кетпей, сапарга чыгышат. Эки австриялык бирин-
чи чыгып, жалама аскада жолугушуп калышат да,
жүрүштү биргеликте улантып, адам буту тийбеген
каардуу, өтө катаал, оор асканы бирге багындыруу-
ну чечишет. Кар бурганактап, бороон озондой улуп,
ар бир кадамдын шилтениши чоң кыйынчылыкты
туудурат. Жаны оозуна кептелип, буту тайып жы-
гылып кетчүдөй же күтүлбөгөн кокустуктан жара-
тылыштан жеңилип калуу коркунучу жанын алкы-
мына келтирет. Өтө жай кыймылдап, кыбыраган
биттин жүрүшүнө салып отурушуп, кар күрткүсү
көздүн майын, нурун шимирип алат. Көз ачырбаган
бурганактын соккусуна жан отун берген альпинист-
тер сөз менен айтып жеткире алгыс тоскоолдуктар-
ды жеңип, араң дегенде айбаттуу чокунун борбору-
на жетишет. Бул төрт адамдын ар бир кыймылын
бүткүл Европа айрыкча швейцариялыктар демин
ичине катып, үнсүз-сөзсүз көз салып турушкан...
Ошентип, канча адамдын канын ичкен каргашалуу
чоку айласыз багынып берген. Адам эркинин канча-
лык күчтүүлүгүнө тан бербеске айла барбы. Бирок
төртөөнүн көз майы түгөнүп, түбөлүккө эки чырагы-
нан айрылышы кандай аянычтуу!...

Интерлакенди Швейцариянын жүрөгү деп коюшат. Тун менен Бриенцский көлдөрүнүн ортосунда жайгашкандыктан, аты да «Көлдөрдүн ортосу» дегенди түшүндүрөт. Жайкы-кышкы каникул болобу же кыска мөөнөттүү эс алууга чыккандардын дээрлик бардыгы ушул жерге келип эс алганды жактырышат. Отел, түрдүү категориядагы мейманканаларынын көптүгүнөн сырткы көрүнүшүнүн кооздугунан

эле ал жердеги шарттардын кандайлыгын баамдо-
ого болот. Шаарды аралап баратып, байыркы мез-
гилдеги бир канча ибадатканалардын имараттары,
чиркөөлөр жана башка тарыхый эстеликтер менен
катар азыркы заманбап доордун архитектурасына
аралаша түшөсүз. XII кылымда монах-августин-
диктер ушул жерди аббатство кылып, христиан ди-
нин өрчүтүшкөн. XVI кылымда чиркөөнүн ордун
жергиликтүү регионду башкаруучулардын резиден-
циясы кылышкан. Хардер тоосунун түбүндө жаны-
барлардын парк-коругу орун алган. Ошол чөлкөмдө
кандай жапайы айбанаттар жашаса, ошолордун баа-
ры жапайы кой-эчкиден тартып, жырткыч жаны-
барлардын түрүн көрсөнүз болот. Жапондор менен
швейцариялыктардын карым-катнашы, мамилеси
жакын. Жапониянын Оцу шаары менен Интерлакен
дос шаарлар катары таанылган. Паркка жанаша ти-
гилген жапондордун сейилбагы экзотикалык коозду-
гу менен өзүнө тартып турат.

Биздин тыт даректары сыяктуу, бирок бутагының
сөңгөгү бири-бирине чырмалыша, оролушкан жылан
сымал чачтай өрүлүп, бийик эмес даректар жол бо-
юнда каз-катар тигилген. Аллея, тротуарлардын ара-
лыгы бүтүндөй жапжашыл майсаң. Интерлакенди
кыдыруу өзүнчө эле жан жыргаткан жыргал. Поезд-
ге түшүп алып, эки миң метр жогору чыкканда, ал
жерден кере-кере дем алып, өпкөңүздү кубандырып,
көңүлүңүз чайыттай ачылып, жөө басып жүрсөңүз
нак кереметтин өзүнө туш болосуз. Бир жарым сат-
тык жөө жүрүш менен Шиниге Платте багыты боюн-
ча көөдөнгө сыйбай атып чыккан апкаарууну, дел-
дейген нес сыяктуу оозуңдан сөзүң түшүп, көргөн
көзүңө ишенер-ишенбесиңди билбей, нес болосуң...
Ошол бийиктиктен айланаңа көз чаптырсаң, Берн

Альпысынын Айгер, Менх жана Юнгфрау чокула-
ры алаканга салгандай сизге жакыныраак, сизге ку-
чагын жайгандай тааныш да сезилип кетет. Биздин
Ала-Тообузда деле ушуга окшогон кооз тоолор, ас-
ман челген чокулар бар эмеспи... Бул көрүнүштөр
канчалык таасирлентпесин, өзүңдүн үйүңдү, өз
жериңди ойлоп бушайман жейсиң... Колдо болгон-
дун баркына жетпей кор кылып биз жүрөбүз. Суу-
самыр, Ак-Сай, Арпа, Кызарт, Кожокелең, Соң-Көл,
Өзгөрүш, Жети-Көпүрө, Төө-Жайлоо, Ай-Көл, Коро-
сон, Ажыке, Кара-шоро, Сары-Челек өндүү көптөгөн
жайлоолордун баарынын атын санап отурууга тап-
такыр мүмкүн эмес. Биздин жайлоолорго сарамжал
мамиле, камкордук, эң негизгиси каражаттын тар-
тыштыгы, жокко шылтоологон өзүбүздүн кайды-
герлигибиз себеп. Биринчи кезекте жолдорду оңдоо
зарыл. Автомобилдер кыйналбай-чайналбай жете
турган жолдорду куруш керек. Боз үйлөрдү ти-
гип, тамак-ашын белендеп, санитардык тазалыгына
көңүл бөлүп койсо, тартип менен тазалыкты жолго
салып алсак, ким кызыкпайт. Ат, эшек, төөлөрдү
минип алып сейилдөөгө койсок, улуттук оюндар
менен катар спорттук оюн- зооктордуу ойноого, мел-
дештерди өткөрүүгө шарт түзсөк, ата-бабалардын
мурасы мүнүшкерликти, саяпкерликти да таанып-
та алсак, чет жактан келгендер жыргабайбы.... Ту-
ризмди өнүктүрүүнүн жол-жоболорун окуп үйрөнүү
үчүн атайын курстарды ачып, зарылчылыгына жа-
раша чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларын колдонсо бо-
лот. Жайлоо-жайыттардагы эң биринчи зарылдык
«хандар жөө басып барчу жерди» куруп, суусу ме-
нен самын өндүү зарылдыгын белендеп койсо, ага
анчалык деле чыгым кетпейт. «Колдо бар алтындын
баркы жок» – деп зарлагандай эле болуп турабыз.

Так ошол жерден жапжашыл майсаңга оронгон Гриндевальд менен Лаутербруннен өрөөнүнүн баш. аягы жыйналбай уйкусурап жаткансыган көрүнүшүн көрөсүз. Ушундай сулуулукту, ушундай керемет ааламды адам баласы кантип таштап кетет деп баш чайкайсың.... Тээ ылдыйында күзгүнү бооруна басып алгансыган айнектей жаркырап, күнгө чагылышкан Тун жана Бриенцск көлү жатат. Көл өзүн өзү та. залап-агартып турат деген чынбы, көгүлтүр көкмөк ажары көктөн көрк талашкандай суналат. Эки миң метр бийиктиктеги кызыктардан моокум канбай, биринен бири өтүп кербезденген сулуулукка тоюп. тойбой келатканыңызда ботаникалык бакка кирсем. би же кирбесемби деп кыйылып турасыз. Анткени так ушул бакта өсүмдүктөрдүн миңге жакын түрү, жаратылыштын көп түрдүүлүгүнүн канчалык орду менен маани-маңызына баа бересиз.

Уяң, наздуу «Кыз тоо»

Интерлакендеги эң эле көзгө сүйкүмдүү, сүймөнчүк менен аты оозго алынган тоо, эң эле белгилүү, көрүнүктүү чоку Юнгфрау деп аталат. Немец тилинен которгондо «Кыз тоо» дегенди түшүндүрөт. «Кыз тоо» жаратылыштын купуя белеги. Бой жетип келаткан кыздын көкүрөгүнө окшошот же улуу акын Барпы апыз айткандай «бөдөнө тумшук мамакты» элестетет. Кудум кыздын аялуу, кол тиелек назик төшүндөй тирсейип, жумуру, таза, купуялыгы менен башкалардан бөлүнүп турат. Анткени «Кыз тоо» эки тарабы тең тоолор менен курчалып, ар кыл формадагы, ар кыл түзүлүштөгү тоолордун фонунан өзүнчө бажырайып көрүнөт, анын

жака-белиндеги сансыз көлдөрдүн мекени он сегиз километрге созулат. Элестетип көрүңүз, тоо орточиркешип, бири-бири менен кол кармашып алышкан жаш балдардай чубалышып кеткен. Тоо бооруна соймондоп бараткан жыландын элесиндей темир жол курууга кантип батынышты? Ушул идея кайсы адамдын башына келди экен дедим. Тоолордун жонунан сойлоп чыгып жалама асканын, жаканды карматкан зоолордун боорунан жылмышып, бир таман араң баткыдай кууш белдерден темир жол өтөт. Юнгфраубан деп аталган темир жол 3454 метр бийиктикте жүргөндө, адамдын ой-санаасын калчап, жүрөк үшүн алчудай коркуп да, кооптонуп да кетесиз... Бирок поездге отурарыңыз менен жанагыдай ойлорду башкача бир жагымдуу, жан жыргаткан сезимдер бийлеп, жеңип кетет. Европа өлкөлөрүнүн ичинде чоңдугу, узундугу жана бийиктиги, уникалдуулугу боюнча да мындай поезд жол жок. Юнгфраубан Швейцариянын сыймыгы, поезд жолдун курулушу XIX кылымдын аягында башталып, он алты жыл бою тынымсыз курууну токтотпогон. Аталган темир жол поезди күн-түн дебей каттап, мүнөт-секундунан жаңылбай, Юнгфрауйох деген эски лыжа станциясына алып барат. Лыжа тебүү, кышкы спорттун түрүнө кирген сноуборд, фристайл швейцариялыктар үчүн көнүмүш адатка айланып калган. Ансыз алар турмушун элестете алышпаса керек. Алар үчүн атайын аянттар ажыратылып коюлган, ал эми эр жүрөк, тобокелчиликке бел байлаган кишилер туристтер үчүн атайын маршруттагы бобслея спорту үчүн жолдор курулган. Темир жолдун дагы бир артыкчылыгы Айгер мөңгүсүнө саякат жасап, түбөлүк мөңгүлөрдүн мекени эмне менен жашап, кандай аба-

дан дем алып жатканын өз көзүңүз менен көрсөңүз болот. Башка өлкөлөргө салыштырмалуу Швейцарияда суунун запасы мол, так ушул Айгердин мөңгүсүнө окшогон мөңгүлөрдүн эсебинен кармалып турат. Дагы бир кызыктуусу Альпы тоолорунун эң бийик чокуларынын бирине Сфинкс аскасынын панорамасына обсерваториялык лабораторияны карооналгындоо аянтчасы менен бирге курушкан. Сергек турмуш образына баш-оту менен берилип алган европалыктар жыл сайын эң татаал, эң оор деп эсептелинген деңиз деңгээлинен 565 метр бийиктиктеги Интерлакен жана Клейн-Шайдегг жолун басып өткөн Юнгфрауда чуркоо боюнча эл аралык марафон өткөрүп турушат. Кышкы спорттун модага айланган түрлөрү; карвинг, фрирайдинг жана цюбинг, виндсерфинг үчүн мелдештер байма-бай уюштурулуп, жаңы үйрөнчүктөр үчүн атайын машыктыруучулар иштешет.

Юнгфрау регионунун дагы бир өзүнө магниттей тарткан өзгөчөлүгү бар, ал өткөн тарыхый инсандын өмүр тагдыры, чыгармачылыгы менен байланышып кетет. Англиялык атактуу жазуучу Артур Конан Дойлдун аялы Луиза кургак учук оорусу менен ооруп, дарыланыш үчүн ушуерге келишет. Отелдердин бирине токтоп, көпчүлүк мезгилин саякаттоо менен өткөрүшөт. Укмуштуудай кооз, абасы таза, эртели-кеч көк кашка сууга чайынып, ооруккчал аялы процедураларын алып бүткүчө, жазуучу Майринген кыштагынан анчалык алыс эмес жайгашкан Райхенбах шаркыратмасынын жанында айланчыктап көпкө жүрүп, өзүнүн персонажы атактуу тынчы-агент Шерлок Холмстын аракеттери жөнүндө баш катырат. Анын «Холмстын акыркы иши» деп аталган аңгемесинин чечүүчү кульминациясы да так ушул

жерден табылат. Жогоруда аты аталган аңгеменин башкы каарманы профессор Мориарти (аны англиялык мафиянын «чокундурган атасы» деп аташкан) менен Шерлок Холмстын Райхенбах шаркыратмасынын жанындагы аянычтуу эпизодду тынчынын көз жумардын алдындагы акыркы кармашын сүрөттөп жазган. Чыгарма жарыкка чыккандан кийин көптөгөн окурмандардан кантип эле көпчүлүктүн сүймөнчүгүнө ээ болгон тынчыны өлтүрүп коёт, кандайча акыркы чыгарма болуш керек деп наразыланган, тынчсызданган каттар жазуучуга тынымсыз келе берет, алардын арасында королдун үй-бүлө мүчөлөрүнүкү да (айтууга караганда королева Виктория өзү да кызыгат) болот. Алар жазуучудан атактуу тынчы-агенттин окуяларын жандандырып жазууну, кайра улантууну талап кылышат. Ошондуктан европалыктар буерди сыйлоо жана урматтоо менен мамиле кылышканы бекеринен эместир. Так ошол эски Майринген кыштагында Шерлок Холмстын музейи бар, жогоруда айтылган адабий эпизод ушул жерге музей ачууга түрткү берген. Музейдин имаратына баш баксаңыз, Холмс менен Ватсондун Лондондогу атактуу батиринин дал өзүндөй жасалганган, дареги: Бейкер-стрит, 221в киргендей болосуз..... Кыштактын борбордук аянтында коңгуроо кага турган кааналары байыркы роман стилинде курулган чиркөө турат.

Артур Конан Дойл 1859-жылы 22-майда Шотландиянын Эдинбург шаарында искусство жана адабиятта аты таанылган, чыгармачыл ирландиялык католиктердин үй-бүлөсүндө туулган. Балага атасынын бир тууганы, художник жана адабиятчы Майкл Конандын ысмын беришет. Атасы Чарльз Олтемонт Дойл архитектор жана адабиятчы, жыйырма үч жа-

шында китеп окуганды абдан жашы көргөн, аңгеме айтканга өтө шыктуу он жети жаштагы Мэри Фоулиге үйлөнөт. Болочоктогу жазуучу энесинен рыцарлардын салт-санаа, эрдиктери жана жоруктарына болгон кызыгууну кичинесинен энчилеп алат. «Адабиятка чыныгы болгон сүйүүм, ойлоп жазууга болгон шыгым апамдан өткөн деп ойлойм. Менин кичине кезимде ал айтып берген тарыхый окуялар, улам-мыштар балалыктагы эскерүүлөрүмдү толук ээлеп алган «деген жазуучу өзүнүн өмүр баянында. Анын балалыгындагы турмуштун оош-кыйышы кайсы бир деңгээлде адабий шыгынын ойгонушуна да таасир бергенин тануу болбойт.

Артурдун үй-бүлөсү ичкиликке берилип кетип, психикасын бузуп алган атасынын айынан олуттуу финансылык кыйынчылыкка дуушар болушат. Анын кичине курактагы окуган жылдары Годдердеги даярдоо мектебинде өтөт. Артур тогуз жашка чыкканда, анын бай, оокаттуу туугандары окуу акысын төлөөну өз мойнуна алышып, жети жылга Стонихерстеги жабык типтеги иезуттик мектепке жөнөтүшөт. Ал жерде болочок жазуучу диндик жана катмардык бөлүнүү-жиктелүүнүн көрө албастыгына жана жан кейиткен жазалоосуна дуушар болот. Анын балалык жүрөгүн кейиткен мезгилдерде бир гана нерсе, көпкө созулбаган бактылуу мүнөттөр апасына кат жазып, болгон окуяларды саймедирең берген учурлары сооротор эле... Интернатта окуп жүрүп, спорт менен айрыкча крикет менен тынбай машыгат. Өзү теңдүүлөрдү айланасына топтоп алып, өзү ойлоп чыгарган кызыктуу нерселерди айтып берип, таланттуу аңгемечиге айланат. 1876-жылы Артур коллежди бүтүрүп, үйүнө кайтып келет. Ал атасынан калган кагаздарды өзүнүн атына көчүрүп

жазууну колго алат. Анын медицинага болгон кызыгуусу апасы өздөрү жашаган үйдүн бир бөлмөсүн ижарага берген жаш дарыгер Ч. Уоллердин таасиринен болот. Доктор Уоллер Эдинбург университетинен билим алган, Артурду да ошол жакка тапшырууга көндүрөт. Келечектеги калемгер ошол жерден жазуучулар Джеймс Барри жана Роберт Льюис менен таанышат. Төртүнчү курстан баштап, Дойл өзүнүн калемин адабият майданынан сынап көргүсү келет. Анын биринчи «Сэсасс өрөөнүнүн сыры» («Тайна Сэсасской долины») деген аңгемеси ошол кездеги авторлор Эдгар Аллан По жана Брета Гартанын таасиринде жазылган аңгемеси университеттин журналында жарык көрөт. Ошол эле жылы анын экинчи «Американын тарыхы» («Амерканская история») аңгемеси басылып чыгат. 1880-жылы Дойл артикалык киттерди кармоочу «Хоуп» кемесинин судносунын бортунда дарыгер катары сегиз ай иштейт. «Ошол кеменин бортуна мен тарбайган, эч нерсеге эби жок өспүрүм катары кирсем, а-а траптан күчтүү, эр жеткен эркек болуп кайттым» деп жазган өмүр баянында. Анын «Капитан», «Полярдык жылдыздар» («Полярной звезды») деген аңгемелеринде артикалык сапарынан алынган таасирлер жазылган. Кийинки эки жылын Ливерпул менен Африканын Батыш жээктерине багытталган «Маюмба» кемесинин бортунда өткөрөт.

1881-жылы университеттин дипломун жана медицинанын бакалавр даражасын алган Конан Дойл дарыгерлик практика менен алпуруша баштайт. 1891-жылы Артур биротоло адабиятты өзүнө кесип кылып алууну чечет. 1884-жылы «Хебекука Джефсондун билдирүүсү» («Сообщение Хебекука Джефсона») деген аңгемеси журналга басылып чыгат. Дал

ошол күндөрү ал келечектеги аялы Луиза Хокинс менен таанышат, бир жылдан кийин алар баш кошушат. Биринчи жубайынан эки балалуу болот, кийинчерээк 1906-жылы Луиза кургак учук оорусунан каза табат. Бир жыл өткөндөн кийин 1897-жылы таанышып, жашыруун сүйүп калган Джин Леккиге үйлөнөт. 1884-жылы жазуучу социалдык-турмуштук теманын үстүндө иштеп, криминалдуу-детективдүү сюжеттин негизинде «Гердлстондогу соода үйү» («Торговый дом Гердлстон») деген романын жазат. Сынчылар белгилегендей, 1890-жылы жарыкка чыккан бул роман улуу жазуучу Диккенстин таасиринде жазылганын белгилешет. 1886-жылдын март-апрель айында «Этюд в багровых тонах» деп аталган романын жазып бүтүрөт. 1889-жылы анын үчүнчү романы басмадан чыгат. Үч буддалык монахтардын өч алуу үчүн «өлгөндөн кийинки» тарыхына кайрылуусу автордун паранормалдык көрүнүштөргө астейдил кызыгуусун айкындайт, анын спиритуализм агымынын аныкчы, ишенимдүү жактоочусу экенин күбөлөйт. 1888-жылы жазуучу король Яков IIни тактан кулатуу максатында көтөрүлүшкө чыккан Монмутту баяндаган «Михея Кларктын окуялары» («Приключения Михея Кларка») деген романын жазып бүтүрөт. Чыгарманы окурмандар жана сынчылар жылуу кабыл алышат. Так ошол чыгармасынан кийин жазуучунун чыгармачылык жолунда конфликт башталат. Бир тарабынан окурмандары менен басмаканалар жазуучудан Шерлок Холмс жөнүндөгү жаңы чыгармаларды талап кыла башташат. Экинчи жагынан автор өзү олуттуу чыгармаларды (мисалы, тарыхый) жазууну көздөйт.




Берн тынч, пейзаждуу кооз шаар.





Крамгосе көчөсүндөгү 1542–1545-жылдары курулган оргумалардын бири.




Түнкү Берн.



Берндеги № 49 үйдүн 3-кабатында 1903–1909-жылдары А.Эйнштейн жашаган.



Рождествого карата балакай балатыларды үйлөрдүн терезесине отургузушат.



Лимат дарыясы Цюрихти экиге бөлүп турат.



Гроссмюнстер кафедралдык мунарасы.





Дүйнө агылып
келип-кеткен
Швейцария.




Түнкү Женева.



Марк Твен: «Бул жарыкчылыктагы эң эле кайгылуу, жүрөктү титиреткен көркөм скульптура».



Интерлакен – сулуунун карегиндей...





«Кыз тоого» баратканда...



«Wasserturm» мунарасы өзүнчө эле көркөм галерея.



Люцернди экиге бөлгөн Ройс дарыясы.





Швейцариянын Ривьери, бейиштин өзү – Монтре.





Кышы-жазы климаты жумшак Монтре.





«Комедиянын атасы»
Чарлз Чаплиндин айкели.




Олимпиялык музей жана парк Лозаннада.




Реформациянын бешиги – Цюрих.





Цюрих – эң стилдүү шаар.




Сааттын наркы арзан же кымбаттыгында эмес...





Шильон сепили.



Сепилдин кире бериши.



Гордон Байрондун изи калган.

Шерлок Холмстын укмуштуу окуялары

Артур Конан Дойл англиялык атактуу жазуучу, көптөгөн укмуштуу окуялуу, тарыхый, публицистикалык, фантастикалык жана юморлуу чыгармалардын автору. Ал детективдүү классикалык персонаждын, илимий-фантастикалык жана тарыхый-окуялуу адабияттын түзүүчүсү, анын гениалдуу англиялык тыңчы-агент Шерлок Холмс жөнүндөгү таң каларлык окуялары, укмуштуудай чеберчилигин, ойго келбеген тапкычтыгын, ар кандай криминалдуу кылмыштын кандай болгонун ийне-жибине чейин аныктап берген окуяларын тизмектеп, таамай, ишенимдүү жазып, өз кезегинде адабий чөйрөдө чоң сенсация жасаган. Шерлок Холмс – адабий персонаж. Анын прототиби Эдинбургдагы королдун госпиталында автор менен бирге иштеген доктор Джозеф Белл болгон. Ал кичинекей, болор-болбос, майда деталдар аркылуу адамдын мүнөзүн, өткөнү кандай болгонун билип алганы менен атагы чыккан. Жазуучу өзүнүн чыгармаларында Холмстын туулган датасы, каерлик экени тууралуу бир да жолу айтпаганына карабастан, анын окурмандары дарыгер Джозеф Беллдин өмүр баянына кызыгып, ким болгондугун тактоого көптөгөн аракеттер болгон, адабий коомчулукта ар түрдүү версияларды айтышат. Тыңчынын ар бир окуясын, кезектеги ачылышын чыдамсыздык менен күтүшкөн, авторго күн сайын окурмандардан каттар жамгырдай жаап турган. Шерлок Холмс жөнүндө баш-аягы элүү алты аңгеме жана төрт повести бар. Атактуу детектив жөнүндөгү биринчи чыгармасы «Этюд в багровых тонах» деп аталат. Ал эми акыркысы «Архив Шерлока Холмса» 1927-жылы жарыя-

ланат. Эң эле кызыгы, тыңчынын жакын досу жана жолдошу доктор Ватсондун айтуусундагы окуялар нак турмуштун өзүнөн алынгандай, окуясынын ишенимдүүлүгү, фактыларынын жандуулугу, жашоодогу ар кандай кырдаалдар менен дал келиши, камырдан кыл сууругандай криминалдык деталдын майда-баратына чейин маани берилиши окурмандарга өтө жаккан. Артынан сая түшүп, кууп окугандардын чөйрөсү пайда болгон. Шерлок Холмс өзү биохимик болгон Ватсон менен таанышкан учурда Лондондогу ооруканалардын биринде лаборант болуп иштеген. Ал анатомияны мыкты билген, медицинаны системалуу түрдө такай окуп, изилдеп-үйрөнбөсө деле биринчи класстагы химик болгон. Ал көп кырдуу талант, ар тараптуу личность, өз кесибинин өтө такшалган, алмашкыс профессионалы болгондуктан, бүткүл өмүрүн жеке детективдин кызматына арнаган. Анын өзүнүн турмуштук принциптери болгон, анын ою боюнча жасалган кылмыштардын бети ачылса, аны жазалоонун деле кереги жок. Ал өзүнүн ишин эч качан акчага баалаган эмес, эгер кезектеги кардалынын колунда жок кедей болсо, андан символикалык түрдө алган же болбосо таптакыр баш тарткан. Ал өтө оор, уюмдашкан кылмышкерлердин изи билинбеген кылмыш иштеринин бетин ачууга өтө ынтызарлык менен киришип, өзүнүн ийгилигине эч качан манчыркабаган. Анын турмуштагы принциби профессионализм, өзүнүн кесиби, ал эч качан ишсиз отура албайт. Ар бир ачылган кылмыш иштерине жараша кардарлары тарабынан сыйлыктарды алат. Холмс – викториандык Англиянын тургуну, өзүнүн шаарын эң сонун билген лондонец. Ал үйдөн деле чыкпайт, зарыл болуп калса шаардын четине чыгып келет. Батири да Бейкер көчөсү 221-в үйүндө отуруп

алып, кылмыштардын ийне-жибине чейин талдайт, ойлонот, түйшөлүп отуруп акырында табат. Доктор Ватсон жазуучу менен биринчи кездешкенде улуу тыңчыны, агентти мындайча сүрөттөйт: «Бою алты футтан да бийигирээк узун бойлуу, арык чырай, көз карашы курч, өткүр тиктеген, бүркүттүкүндөй мурууну анын жүзүнөн күчтүү энергияны жана чечкиндүүлүктү сездирет. Бир азыраак алдыга чыгып турган жазы маңдайы анын тайманбаган, чечкиндүү жана чукул мүнөзүнөн кабар берип турат». Холмстын туруктуу көнүмүш адаттары бар, ал аземдүү, сонун турмушка кызыкпайт, бөлмөсүндөгү шартка маани деле бербейт. Өтө тобокелдүү химиялык эксперименттерди бөлмөсүндө отуруп жасай берет, дубалга ок атып көрөт. Ал бойдок, бир да жолу өзүнүн сөзүндө романтикалык сезимин билдирбеген. Бир канча жолу аялдарды жакшы көрбөсүн айткан, бирок аларга өтө сылык мамиле жасап, жардамдашуудан баш тартпаган. Ал күчтүү тамекинин күйөрманы, тынбай чылым тартуудан тажабайт да. Акыл эмгегине күч келген мезгилде болсо тынымсыз түтөтүп, биринин артынан бирин чегет. Анын трубкасы менен тамеки тартып турган образы, улуу тыңчынын жеке өзүнө таандык турпаты бир канча кинотасмаларда тартылган. Холмс өзүн атайын издеп келген кардарларын үйүндө кабыл алганды жактырат. Алардын арасынан өтө бай, мартабалууларын да көрүүгө болот. Англиялык королдун кандаштары, ал эле эмес премьер-министрдин өзү анын кабыл алуусуна келет. Тыңчынын дагы бир артыкчылыгы искусствого жакындыгы, опера-балет театрынан калбайт, опералык чыгармаларды жакшы талдайт, италия тилин билет, Лондондун эң көрүнүктүү ресторандарынын бири «Симпсонста» түштөнөт. Баш-

калар анын тыңчылык талантын башка европалык кыйын профессионалдарга салыштырганына ичи тарыгандай жактыра бербейт.

Жазуучунун өзү да, публикада да олуттуу деп эсептеген чыгармасы «Актар отряды» («Белый отряд») деп аталат. Автор анда феодалдык Англиянын кризистик этабына кайрылып, 1366-жылдагы реалдуу тарыхый эпизоддун негизинде Жүз жылдык согуштагы өз эркы менен жалданма «актардын отрядынын» келип чыгышы жана түптөлүшү алардын Франция аймагындагы согушту улантып, Испания тактысынын талапкерлиги үчүн күрөштө чечүүчү роль ойношконун таасын жана көркөм сүрөттөп берет. Ошол кездеги белгилүү басмакана ээси Джеймс Пенн чыгарманы «Айвенгодон» кийинки эң мыкты тарыхый роман» деп атаган. Атактуу Конан Дойлдун «Стоундук туугандар» («Родни Стоун»), «Бригадир Жерардын окуялары жана эрдиктери» («Подвиги бригадира Жерара»), «Богемадагы жаңжал» («Скандал в Богемии») жана башка көптөгөн чыгармаларды калтырып, 1930-жылы 7-июлда Кроуборо-до дүйнөдөн кайткан.

Швейцария мамлекети мейманкана жана ресторан бизнесин өнүктүрүүдө бай тарыхка ээ. Андыктан так ушул тармакты өнүктүрүүнүн тарыхы унитарыхый музейге кирсеңиз, швейцариялыктардын калдуу гастрономиялык музейде орун алган. Анын фондунда беш миңге жакын томдуктар бар. Эң негизгиси дүйнөдөгү ар түрдүү улуттун тилинде жазылып, эң эскилери, эң көөнөсү XI кылымга таандык. өткөн дооорлордогу турмуш образынан кабар аласыз. Рыцарлар залы экспонаттарга бай, эски гобелендер, штандарттар, сандыктар – аскер трофейи бургундарды жеңгенден кийинки швейцариялык конфеде-

раттарга берилген. Оберландын элдик искусствосун чагылдырган эски мебелдер, керамикадан жасалган буюм-тайымдар, кол өнөрчүлүгүнүн эстеликтерин жолуктурасыз. Ал эми искусство музейинде болсо ар түрдүү доордо, мезгилде, кылымдагы искусство коллекциясы жайгаштырылган. Бугулардын сөлөкөттөрү тартылган музейде дүйнө тарыхындагы жүз элүүгө жакын сюжеттер коюлган. Альпы тоолорундагы нукура флора менен фаунасын көрүү үчүн Интерлакендин жаратылыш коругуна кирип, алардын жашоо шарты, жашоо образы менен кененирээк таанышууга болот. Менин бир байкаганым, бейиштегидей болгон бул өлкөдө өткөн тарыхка болгон астейдил мамиле жасалып, кадырлап- барктап, көз карегиндей сактап, кийинки муунга салтанат менен өткөрүүнү салтка айландырган. Ар бир региондо, кантондо, шаарда кала берсе чакан кыштактарда да түрдүү тематикадагы музейлер, коруктар четтен табылат.

ШИЛЬОН СЕПИЛИНИН ДАҢКЫН ЧЫГАРГАН КИМ?

Швейцариянын тамакайды так кылган Женева көлүнүн көркүн, ажайып көрүнүшүн айтып, сүрөттөп берүү мен үчүн кыйын. Аны көз менен көрүңүз, жүрөктүн пр́измасынан өткөрүп, укмуштуудай таң каларлык кооздугуна балкыган көкүрөктөгү таасирлерди түбөлүк кармап калуунун өзү да керемет. Абасы бир башкача таза, жаңы төрөлгөн наристенин жытындай жагымдуу, мээ сергитип, жандүйнөңдү жыргаткан, жашоого кумарланткан башкача бир жагымы, таасири бар. Касиеттүү Альпы тоолорунан агылган абанын агымы саат сайын эмес, мүнөт сайын тазарып-аруулана жыпар жыттарды аңкытканы бир гана Европанын Швейцариясына энчиленгендей туюлат. Япония бермети Фудзияма, Италия бермети Ривьер, Кыргызстандын бермети Ысык-Көл, Оштун бермети Сулайман тоосу менен дүйнөгө таанылгандай, жылдын төрт мезгилиндеги сулуулук-көркүн миң түркүн түскө кубулткан заңкайган, кебелбеген Альпы тоолору Швейцариянын асыл бермети, түбөлүк бактысы шыбагасындай сезилет. Көркөмдүү Женева көлүнүн жазын, жайын, күзүн көргөнүм жок... Жыл тогошоор маалындагы кеч күзү менен кышкы желаргыга ичиркенгендей келберсиген келбетин көрүп, жаздын пейзажын коё бергиси келбеген жапжашыл теребелин, суукта ачылган түркүн түс гүлдөрүнө карап, не деген сезимдерди көөдөнгө каттым. Көк менен түспөлдөшкөндөй, учу-кыйыры көз талыткан көлдүн чар-тарабында аркайган асказоолордун, төөнүн өркөчүндөй чубалган тоолордун панорамасы кашкаят. Так ошол тарапта жомоктогудай кооз, жомоктогудай табышмактуу, жомоктогудай сюжетке бай, жомоктогудай сыйкырдуу Монтре шаары бар. Ошол шаардан эки жарым километрдей аралыкта Шильон аскасынан пайдубалы түптөлгөн, дубалы аска таштарынан кыналып курулган, кара менен күңүрт түстөрдүн гаммасына чулганган Швейцариянын сыймыгы да, даңазасын арттырган, атактуу Шильон сепили орун алган. Алыстан карасаңыз, деңизде сүзүп бара жаткан кемеге да окшошуп кетет. Жанына келсеңиз, айрыкча жертөлөсүнө түшкөндө, денени үркүткөн муздак аурадан, камсыккан сыздан чыйрыгып да кетесиз... Сепил деп айтууга батынганым аябагандай чоңдугу сом таштардын тегиз, ырааттуу, бир кылка, колдо жогорку чеберчиликте кыналганында деле эмес, өткөн тарыхтын элесин, датын, кээрин, азабын жана жыргалы менен кубанычын ичине катып мисирейип, а канча мезгилдер өтсө да сырдуу, табышмактуу жана сүрдүүлүгү, айбаттуулугу менен таң калтырат. Ар жак, бери жагын эсептегенде, жүз метрдей аянтты ээлеген комплекстин жыйырма бештей өзүнчө курулуштары, алардын тарых-таржымалы, аткарган кызмат-милдети болгон, чатырындагы төрт мунарасынын эң бийиги 25 метрден ашкан сепилдин сырткы көрүнүшү өткөн доорлордун элесин чагылдырган искусство чыгармасы болсо, ички объектиси, деталдары жана интерьери, буюм-тайымдары тарыхтын жандуу жана кымбат эстеликтери. Болгондо да канчалаган сансыз

жылдар, кылым менен дооpлорду ичине камтыган сырдуу, купуя дүйнө өзүнчө... Тарыхчылар, археологдор, геологдор, зоологдор, палеонтологдор, этнографтар жана башка адистиктеги кылым кыйырын казышкан окумуштуулар ар кандай жаш беришет. Бул сепилди казып-изилдешкен окумуштуулардын археологиялык табылгалары коло доорунан кабар берерин, сакталган тарыхый кол жазмаларга таянып, 1160-жылга таандык дегендер да бар. Ал эми IX кылымдарда Европанын түндүгү менен түштүгүнүн ортосундагы атайын көзөмөлдөнгөн өтмөк, стратегиялык маанидеги милдет аткарып, душмандардан коргонуунун фортификациялык чеби катары кызмат кылган дешет. Эң кызыгы, Шильон жергесиндеги аркайган жалама аскалуу, түнт жана каардуу аралды түбөлүк мекендеп, ушул турушу, көркөм форуму жана табышмактуу архитектурасы менен көздүн кагындей сакталышы, ким келсе да бир кайрылып кетүүгө аргасыз кылган эмнеси бар дейсиз. Ким билсин, аты таанылгандан бери канча доорлор, муундар агылып кетсе да, Швейцарияга баргандарды жылына 100 миңдей туристтерди магниттей өзүнө тарткан сепилди кыдырып көрүүнүн алдында бир тарыхый окуяга саресеп салып өткөнүбүз оңдур...

Сепилдин атын чыгарган кишинин аты-жөнү, жылы тарыхый дата катары так ошол түрмөкананын төрүнө төрт бурчтуу металл тактайчага жазылып коюлган, кеп ошол таланттын чыгармачылыгынын кудурети менен ай-ааламга таанылып-таралган, бүгүнкү күндөгү популярдуулугунан сепил Байронго милдеттүүбү же Байрон сепилге милдеттүүбү деген ой жаралат.

Жорж Гордон Байрон

Жорж Ноэл Гордон Байрон 1788-жылы Шотландиянын Абердино шаарында тектүү, бирок кийинчерээк жардыланган үй-бүлөдө туулган. Ымыркайлыгында эле чолок туулгандыктан, жалгыздыкты жакшы көргөн. Жараткандын каргышы бутума тийген деген ойдон улам кичине кезинен баштап бунтчул (албууттанган) мүнөз күткөн. Эки бир тууган агасынан лорд деген титулду жана жерди (чарбаны) мен чиктеп алган. Балалыгы туулган шаарында өткөн, аристократиялык мектеп жабылгандан кийин Кембридж университетинде окуп, билим алат. Студент кезинде ыр жаза баштайт. Ал саякаттаганды аябай жакшы көрөт. Окуу жайын бүтүп, Жакынкы Чыгыш менен Түштүк Европаны кыдырып чыгат. Англияга келгенде анархисттик көз карашты колдоп, элдерди бөштондукка чыгаруу кыймылынын жактоочусу жана адам личностун эркиндиги үчүн кудайга каршы турууга чакырган. Өзүнүн ой-сезимдерин «Гяур», «Лара», «Корсар» жана «Осада Коринфа» деген поэмаларында цивилизациядан жана буржуазиялык баалуулуктардан көңүлү калган бунтчулдун образын түзүүгө жетишкен.

Айрым убактарда анын (чудачество) келесоо чалыштыгынын акыл-эске сыйбаган фактылары да болгон. Тагдырын тобокелге салып, 1810-жылы Дарданелли куймасында өзү жалгыз сүзүп өтүп, ошол мезгилдин ченеминде рекорддук сууда сүзүүнү багындырган. Муну менен ал физикалык жактан күч-кубаттуулугун өзүнө өзү далилдеген. Ал лордлор палатасынын мүчөсү катары өндүрүшкө техника киргизүүгө жана жумушсуздукка каршы көтөрүлүшкө чыгышкан луддиттердин күрөшүн кол-

догон. Швейцарияда жүрүп «Манфред» жана «Каин» деген баатырдык поэмаларын жазган. Ал сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө чыныгы баатыр болгон. Италиядагы карбонарийлердин улуттук-боштондук кыймылына катышкан. Көтөрүлүшкө чыгуу кутумунун бети ачылып калганда, Грецияга кетүүгө мажбур болгон. Ал өзүнүн «Коло кылым» деп аталган сатиралык поэмасын жана «Дон Жуан» ыр түрүндөгү эпикалык романын жараткан. Грецияда жүрүп, түрктөрдүн ээлик кылуусуна каршы күрөшкө активдүү катышкан. 1824-жылы көзү өткөндөн кийин анын сөөгү Англияга алып келинип, Вестминстер аббатствосуна жакын жердеги маданияттын улуу ишмерлер жаткан күмбөзгө коюлган. Ал поэзиядагы акыйкатчылык, чынчылдык жана маанилүүлүк үчүн өмүрү өткөнчө күрөшүп, поэзиянын жаратуучулук жана түзүүчүлүк кудуретине терең ишенген. Ал поэзиядагы калпычылыкка, эки жүздүүлүккө караманча каршы чыгып, эгер ошондой болсо итке ыргытып таштоо керек же Платон сыяктуу республиканын чегинен кууп чыгуу зарыл деген.

Жалын жүрөк, революциялык духтагы англиялык акын Байрон өз өлкөсүнөн куулуп, Швейцариянын Женевасынан башпаанек таап, жашап жүргөндө акын жана белгилүү коомдук ишмер Шеллини менен жолугуп, көңүлдөрү жакын болуп калат. Англиядагы буржуазиялык-аристократиялык түзүлүшкө каршы чыгышкан эки акындын поэзиясынын негизги карапайым адамдардын кызыкчылыгын, мүдөөсүн көздөө менен революциялык-романтикалык идеяны даңазалоо эле. Экөөнүн бекем достугу, идеялаш болушу мезгилдин күрөө тамырын сезе билип, бир максатты көздөп, эркиндикти жана теңдикти даңазалаган поэзия үчүн талыкпай күрөшүүсүндө болгон.

Күндөрдүн биринде эки дос Женева көлүндө кайык менен сейилдеп жүрүшүп, бир оокумда күтүүсүздөн аба ырайы бузулуп, теребелди туман каптап, көлдө толкун пайда болот да, бара-бара толкун күчөп, туш-тарапка чамына долуланып, айбатуу жаалданганда каерге качарын билбеген эки жаш жигит Шильон сепилине араң жетип, ичине кирип, баш калкалоого аргасыз болушат... Тарыхчы, адабиятчылардын айтымында 1815–1816-жылдардын жай мезгили эле. Аба ырайынын өтө катаалдыгынан, толкундардын тынчый албаган сүрүнөн тайсалдашып, эки күн сепилде кармалып калышат. Ошондо сепилдин жер төлөсүндө (болжолдуу алганда 1530-жылдан 1536-жылга чейин) алты жыл бою бутуна темир тор салынып, жылчыксыз караңгыда камалган швейцариялык республиканчы, жазуучу жана философ Франсуа Боннивар жөнүндө угат. Жер төлөнүн сыз, караңгы, төрт тарабынан муздак таштын илеби курчап, кыйноодон азап тартышкан туткундардын онтогонуна, жан ачыткан кыйноолорго чыдабай ачуу, жапайы кыйкырыгынан кулак тунуп, азаптан жаны кыйылган сөөктөрдү, тирүүлөй өрттөлгөн мүрдөлөрдү түндөсү көлгө ыргытылганына жана кыйноонун миң-түркүн амалына чыдап, духун өчүрбөй, акыры боштондукка чыгарылган эр жүрөк, тайманбас Боннивардын тагдыры акындын жүрөгүнө Эркиндиктин туусун кадап өткөндөй болот... Бир айга жетпеген убакыттын ичинде «Шильон туткуну» деген поэмасын жазып, 1816-жылы 5-декабрда жарыкка чыгарат. Мурун-соң көңүлгө алынбаган, кеп-сөзгө деле илинбеген Шильон сепили Байрондун атактуу поэмасынан кийин оозго алынып, атагы Европанын булуң-бурчуна чейин жетет. Байрон кийинчерээк улуттук баатыр, эркиндиктин

Промотейи Боннивар жөнүндө толук маалымат алгандан кийин «Шильонго сонетин» жазат:

Свободной Мысли вечная Душа,
Всего светлее ты в тюрьме, Свобода!

Франсуа де Боннивар Сейселя тегинен чыккан Луи де Боннивардын баласы тектүү, Люна жергесин ээликтеген байдын, мартабалуу адамдын уулу болгон. Ал 1496-жылы туулуп, Туринде окуйт. 1510-жылы анын атасынын бир тууганы Жан Эме Де Боннивар Женеванын дубалына жакын жайгашкан, ири өлчөмдөгү пайда түшүп турган менчигин татуулайт. Франсуа жаш кезинен өтө терең билим алат, латын классиктеринин чыгармаларын мыкты өздөштүрөт, динди таануу жана тарых боюнча фундаменталдуу билимге сугарылат. Ал өзүнүн эмгектеринде адам эркиндиги жөнүндө омоктуу ойлорун айтып, Женеваны сүйгөн, Женеванын бөштондугу, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн, духу күчтүү, мекенчил позициясы менен эркиндикти сүйгөн ойлору менен замандаштарынын урматына татыган. Ал республиканын бөштондугу үчүн эч нерсесин аяган эмес, бар байлыгын, каражатын жумшаган. «Женеванын тарыхы» деген эмгегинде элдин тарыхый басып өткөн доорундагы чоң жетишкендиги бул эриндик, теңдик жана көз карандысыз экенин таасын белгилейт. Ал жаш экенине карабай, Женеваны ачык коргогон, жаңы реформалардын колдоочусу катары герцогдордун чеңгелинен Женеваны куткаруу керек деп, Пьер II Савойскийдин династиясына каршы чыгат. Герцог Савойский беш жүздөй желдети менен Женеваны басып алганда, анын ачыктан-ачык каршылашы, реформаны жактаган Француа жөнүндө жакын

адамдары сатып коёт. Герцогдун каарынан айбыккан Франсуа жашырынып жүргөн жеринде колго түшөт да, эки жылга түрмөгө кесилет. Ал канчалык кыйынчылык көрсө да, идеясынан кайтпайт, урууларнын каршы колунда болгон каражатынан айрылса да күрөшүн уланта берет. Артынан аңдыгандар кармап алып, каардуу герцогдун колуна кайрадан салып беришет. 1530-жылы ал Шильон сепилине камалат. 1230-жылдардан баштап, тагыраак айтканда, XII кылымда Шильон сепили герцогдор династиясынын официалдуу резиденциясы болгон. Арадан алты жыл өткөндөн кийин Берндин аскерлери герцогдорду кууп чыгып, Боннивардны түрмөдөн чыгарат. Эркиндикке чыккан Француаны кайрадан түптөлө баштаган, көз карандысыз, прогресске умтулган Женева кучак жайып тосуп алат. Женеванын аргорку өлчөмдөгү пенсия чегерет. Эки жүз Кеңешине мүчөлүккө шайланат. Боннивар жазуучу, философ жана окумуштуу катары өзүнүн эмгектерин жана өмүр бою чогултканжеке китепканасын шаарга тартуу этет, анда-санда кезиккен баалуу жана табылгыс XV кылымдагы шедеврлер, адабият жана искусство чыгармалары болгон... Мекендин чыныгы уулу өзүнүн мурасын көзү өткөндөн кийин республикага мындай шарт менен ошол мезгилде долбоорлонуп жаткан коллежди курууга жумшалсын деген келишим менен калтырып кетет. Өз мезгилинин чыгаан уулунун өмүр-таржымалы тарых баракчарында өчпөй сакталып калат.

«Шильон туткуну»

Байрондун «Шильон туткуну» поэмасынын негизги мотиви адамды туткун кылып камап, денесин жанчып, кыйноонун түрдүү амалдары менен жанын өлтүрүүгө болот, бирок анын эркин, эркиндикти сүйгөн жүрөгүн, кан тамыры аркылуу агып турган духун өлтүрүүгө болбойт деген идеяны даңазалайт. Башкы каармандын монологу аркылуу айтылуу Шильон түрмөсүнүн чыныгы турмушун, туткундардын оор абалын, өмүр менен өлүмдүн бүтпөгөн күрөшүнүн кайгылуу картинасын тартып берет.

... Алар алты бир тууган болчу. Үч агасы түрмөгө түшүп, чеги жок азаптан «көөдөй караңгылыкка» сүңгүп кеткен. Темир тордун азабы бир, дубалындагы нымдан кээде баткактуу сормо саздагы учкундай жылжыган жарык көздүн кубатын кетиргени эки азап. Ортоңку бир тууганы күч-кубаты толгон кезде бутуна темир кишен салынып, зындандын түпкүрүнө жаштыгын алдырып тынды да, эң кенжеси, ата-энесинин эркеси асмандагы асан-үсөн нурларындай бир көрүнүп, жок болду. Шильонду Леман (азыркы Женева көлү) төрт тарабын курчап турат, анын терендигин ченеп болбойт. Күн-түн дебей, жаалданган толкундун шарпасы угулуп, баш-мээни көзөгөн айбаттуу үндөн жүрөк үркөт. Каарданган толкундан аска титиреп, өлүмдү күтүүнүн өзү азап, акыркы көз ирмемде соңку дем чыгып баратканда да үмүт өлбөйт, үмүт көзүн жылтыратып, деминди суутпайт... Караңгылыктын туманында өлгөн агамдын акыркы мүнөттөрүн көрбөй турам, колумду суна албай, анын денесиндеги жылуулуктун кандай өчкөнүн сезип жаттым, а бирок ирмелбеген кирпигин жаап коё албайм... Деги ал ким үчүн ушунчалык

азап тартып, адамды адам кордогон, кыйнаган, азапка салган тозокко түшүп, түрмөнүн көөдөй караңгы гөрүндө камалып жатат?

Башкы каарман бир туугандарынан айрылганына карабай, аларга дем, күч-кубат берүү үчүн таштай катып, « муздак ташка» айланат да, минтип ырдайт:

«Из нас троих я старший был;
Я жребий собственный забыл,
Дыша заботою одной,
Чтоб им не дать упасть душой»

Поэманын акыркы түрмөгүндө чыгарманын башкы пафосу «жарк» этип атырылып чыгат. Күндөрдүн биринде караңгылыктын көкүрөгүн «болк» эттирип, түрмөнүн темир кулпун «шарт» ачып, мукамдуу сайраган куштун үнүн угат. Туулган жердин түбөлүк ак кар, көк муз кетпеген Альпы тоолорун, анын көркөмдүү шалбаасын, кооз көлдөрүн, кыз күлкүсүндөй шыңгыр булагын көз алдыга тартып, бир куш безеленип сайрады. Ал эркиндиктин, азаттыктын кушу болчу.

И люди наконец пришли
Мне волю бедную отдать.

Атактуу акын Байрондун жогорудагы поэмасы өз доорунун талабына үндөшүп, адамдагы патриоттук духту, майтарылбас эркти, өчпөс сезимдерди даңазалагандыгы менен баалуу. Ал эми чыгарманын түбөлүктүүлүгү адамды эзүүгө, ырайымсыздыкка, кулчулукка, деспотизмге, жеке личностту алсыратууга каршы күрөштүн бүтпөстүгүн жар салат, доордон доорго, муундан муунга алып өткөндүгүндө.

Биздин улуттук адабиятыбызда кайсы бир деңгээлде ушул чыгармага үндөшүп кеткен, кайсы бир деталдары менен кызыгууну жараткан, мекенчил духту кызыл туудай желбиреткен Жолон Мамытовдун «Сепил» поэма-драмасы бар. Поэманын жазылышына эл ичинде айтылып жүргөн, өзүнүн туулуп-өскөн айылындагы Коргон-Дөбө жөнүндөгү легенда түткү болгон. Байрондун Шильону бул тарыхый факт, ал эми Мамытовдун Коргон-Дөбөсү уламыш катары эл ичинде жашап калган, бирок анын орду бүгүнкү күнгө сакталган калдыктарынан, коргондун урандыларынан легендага айланып кеткен. Акындын туулуп-өскөн жери Төлөйкөн айылына кире бергендеги сол тарапта «Автодорожник» эс алуу жайынын жанындагы дөбө «Коргон-Дөбө» деп аталат. Жергиликтүү эл айланасы коргон, ортосундагы дөңдү Кан-Шырылдандын ордосу деп айтышат. Атактуу Байрон поэмасында адам духунун өлбөстүгүн, майтарылбастыгын даңазаласа, таланттуу Жолон бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган биримдикти, бир муштай түйүлгөн ынтымактыкты ырга салат. Анткени уруу-урууга, кокту-колотко бөлүнгөн майда кыргыз хандыктарын биригүүгө чакырып, тышкы душманды ынтымак, достук, тилектештик, бир туунун алдындагы биримдиктин натыйжасында жеңүүгө чакырат. Драма либреттого айландырылып, «Сепил» аттуу операсы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында чоң ийгилик менен коюлат. Кептин ачуусу өзүбүздө деле маңыз-маани жагынан терең, жогорку идеядагы жакшы чыгармалар казынабызда турганына карабай, ар кандай шылтоолор менен театрлардын репертуарына киргизилбей, экинчи өмүрүнө ээ боло албай жаткандыгы. Сулуу, кооз кептер менен ынтымактыкка чакыруу оңой, бирок чыгарманын таасири менен көкүрөккө адамгерчиликти, адамзаадалыкты сыйдыруу, мекенчил духту сиңирүү андан жакшы. Каражат жок, тыйын жок деп жүрүп, улуттук адабият менен искусствобуздун кашыктап чогулткан казынасын какшытып албасак эле... Түбөлүктүү идеянын өлбөстүгү кайсы мезгилде жаралганына карабай, кайсы доордун ырын ырдабасын, ал убакыт өткөн сайын жашарып-жаңырып, жаңыча ойүнүнө төп келе берет. Муну Байрондун «Шильон туткуну» эң сонун далилдеп берген. Чындыгында, тиричиликтин көйгөйүн тартып жүрүп деле карангы эки жүздүүлүктүн, абийирсиздик менен ариетсиздиктин туткуну болуп калуудан коркуу абзел. Байрондун революциячыл-төңкөрүшчүл, романтикалык поэзиясынын жалындуу духунун касиети менен түбөлүктүүлүккө эн тамгасын басылган сепилге ичкери кириңиз да, өз көкүрөгүңүздөн өткөрүңүз...

Сепил – доорлордун таш күзгүсү

Сезип турам, сиз да эмне болгон сепил деп кызыгып турасыз. Бүгүнкү күндө сепилдин жанынан стратегиялык маанидеги бийиктиги элүү метрлик асфальтталган жол салынган. Жолдон өтүп, чепке бет алганыңызда көлдө матырылып тургандай сезим калтырган имараттын сырткы көрүнүшү, чатыры, дубалы, архитектуралык түзүлүшү да өзгөчө, декоративдүү элементтери таң каларлык доорго туш келгендей сезимде каласыз. Муну белгилүү бир мезгилде курулган деп айтууга болбойт, анын курулуш-

татарын ар кайсы дооpлордо кеңейтилген, ар кайсы мандардын мөөрү басылган,бир канчалаган жылдар бою реставрациялашкан. Сепилдин өткөн тарыхы, негизинен, үч доорду ичине камтыйт:

1. Савойский мезгили (12-кылымдан 1536-жылга чейин);
2. Берн мезгили (1536–1798-жылдарга чейин);
3. Водуаз мезгили (1798-жылдан ушул мезгилге чейин).

Таштан салынган сепилдин жогору же ылдый түшкөндө тепкичтери да кууш, ийри-буйру, айрым жерлерден араң өтөсүң тыгылып. Биринчи эшиктен баш бакканда эле сепилдин макети менен таанышып, XV–XVI кылымдардагы дүркүрөп өнүгүп-өскөн Орто кылымдын турпаты менен амандашкандай болосуз. Жер төлөсүнө түшкөндө ушунчалык мупмуздак, өз мезгилинде муздаткыч катары эт, балык, туз, вино жана тамак-аш азыктары коюлган кампага туш келип, төрт бурчтуу тепкедей терезеси чакан, шыбы готикалык стилде жасалгаланган, дубалы да, полу да таштан, кадимки жердин рельефиндей одур-бодур жаза басып тайгаланып кетишиң да мүмкүн. 1530-жылдарда граф Савойскийдин династиясы бул жерге ээлик кылып, өзүнүн резиденциясында бийлигин жүргүзгөн. Кабыл алуу, конок бөлмөсү, ашканасы, герцогдордун эс алган бөлмөлөрү, мейманканасы да ошол доорго таандык модада готикалык жана роман стилинде жасалгаланган. Эбегейсиз чоң, төрт гигант, жасалгасы бири-биринен өткөн табышмактуу залдарындагы жана кааналарынын шыбындагы жазуулар, чиймелер, бийликтин символдору өтө кылдат, чебер иштелген. Өчпөй-оңбой ушу кезге чейин көөнөрбөй сакталышында бир мандем бар. Ал эми берндиктер басып алышкандан кийин кампанын

орду XVII–XVIII кылымдарда армиянын флотунун арсеналына айландырылган. 1536-жылы швейцариялыктар, тагыраак айтканда, берндиктер Во жергесин басып алып, Шильондон Савойскийди кууп чыккандан кийин 260 жыл бою сепил чеп, арсенал жана түрмө катары кызмат кылган. 1798-жылга чейин Водуаз революциясы жеңип, Во кантону – мамлекети түптөлүп, чеп анын менчигине өткөрүлгөн. Биз жер төлөсүндө баратпайбызбы... Кампадан өткөндөн кийин түрмөгө түшөсүз. Шильондун атын чыгарган, кийинки муундардын акыл-эсине ташка тамга баскандай сабак калтырган да ушул түрмөдөгү ырайымсыз, азаптуу кыйноолор, миндеген бейкүнөө адамдардын шейит кеткени, мыкаачылыктын культурминациялык апогейи болсо керек... Адам жырткычтан айырмасы жок деп коюшат эмеспи. Буерде үч миңдей коркунучтуу туткундар кармалган. Коркунучтуу дегени граф Савойскийдин режимине каршы чыккандар, тагыраак айтканда, саясый туткундар ошону менен бирге эки миңдей көзү ачык, сыйкырчы аялдарды да камашкан, сепилдин короосунда аларды жүрөк үшүткөн кыйкырык- чакырыгына карабай тирүүлөй өрттөшкөн. Өлүмгө өкүм кылынгандардын акыркы түнү кармалган жайдын дубалдары бүтүндөй жараткандан ырайым тилеген, жаратканга жалынып-жалбарган Дева Мариянын сүрөтү тартылган бүлбүлдөп өчүп бараткан өмүр чырагын жандыруунун айласы калбаган эпизодду элестетүүнүн өзү оор... Кыскасы, инквизиция мезгилинде инквизиторлордун сүйгөн жайына айланган. 1348-жылдары бүт Европаны чума каптаганда, эпидемияны тарткаткан деген шылтоо менен эч кандай күнөөсү жок миңдеген еврейлерди түнү бою өрттөп, эбегейсиз аянттагы чатырап күйгөн жалын-отто чыркыраган-

дардын, жан азабын жегендердин аянычтуу онтоо-
сунан, кайгы-муңунан сепил түнөргөндөн түнөрүп,
жек көрүү менен мыкаачылыктын айлампасында
калган.

Ошонун бир мисалы Франсуа Боннивардын тагды-
ры эмеспи. Боннивар жаткан түрмөнү өз көзү менен
көргөн Байрон «Шильон туткуну» деген жогоркудай
революциялык-романтикалык поэмасын жазып жат-
пайбы.

Жер төлөнүн бүт канаалары түрмөнүн жексур
милдетин өтөгөн, кишини муунтуга даярдалган сы-
йыртмак жип тартылган бөлмөнүн чакан терезеси-
нен Женеванын чалкыган көк көлүнүн соңку эле-
син көзүнө сүрткөн маркумдардын денеси түнү бою
сууга ыргытылган... Потерна деп коюшат, көл та-
раптан ачылган кичинекей дарбаза ал аркылуу ке-
рек болсо көлгө чыгышкан же товарларды кемеге
жүктөшкөн. Ушул дарбазанын жанына «шателен»
аскерий наам алган савойлык офицерлер үчүн ад-
министрациялык жай ажыратылган. Бердиктер се-
пилди багындырышканда так ушул дарбаза жакшы
кызмат кылган. Ал эми XVI кылымда бул жер дарга
асуунун жайына айландырылган. Биринчи эшик ме-
нен экинчинин аралыгы өтө эле кууш болгондуктан,
1836-жылы пушканы батырыш үчүн кеңейтилген.
Сепилдин чатырындагы эң башкы мунарасы XI кы-
лымда көтөрүлүп, күзөт жана чалгындоо иштеринде
көп эле пайдасын тийгизген. Таш тепкичтер менен
жогору көтөрүлгөндө, шателендердин ашканасынын
үстүнөн чыгасыз. Албетте, Орто кылымды кучагы-
на алган залды XX кылымда кайрадан реставрация-
дан өткөрүшкөн. Дубалындагы жазуулар XIII кы-
лымда негизделген темперанын стилинде чийилген.
Шыптын колонналары дубтан жасалып, ичиндеги

сүрөттөр, картиналар Орто кылымдагы гобелендер-
дин көчүрмөсүн эске салат. Ушуердин терезесинде
туруп, Женева көлүнө көз чаптырсаңыз, тим эле
жүрөк козгогон кооздуктан, ажайып сулуулуктан
элеп-желеп болуп кетесиз... Жүрөгү таш, сезими
муздак адам деле мындай сезимдерге көз жумуп
коё албаса керек. А Берн мезгилинде бул жер эки
бөлүккө бөлүнүп, бир бөлүгү ашкана үчүн, экинчи-
си салон үчүн кызмат кылган. Эми ашканадан жо-
горку кабатка чыгабыз. Жаңы зал деп коюшат. XX
кылымда кайрадан реставрацияланганы үчүнбү,
айтор, мурдагы доордо шателенде салтанаттуу жы-
йындарды, рыцарларды сыйлоо, эрдикти даңазалоо
жана меймандарды кабыл алуучу чоң зал. Анын
шыбын 1925–1926-жылдары археолог Альбер Наэф
кайрадан жасалгалап чыккан. Дээрлик дубалдарын-
да герцогдордун гербдери тартылып, жылдары жа-
зылган. Ким бийликте турса, бийлигинин кадырын,
таасирин сездириш, изин калтырыш үчүн гербдерин
түбөлүктүүлүккө ушинтип чегеришкен. Ушул эле
кабатта залдан чыккандан кийин герцог Савойский-
дин жаткан бөлмөсүнө киресиз. Элди башкарган
төбөлдөр колдонгон мебелдер өтө көөнөлүгү, жасал-
гасынын оригиналдуулугу жана декорациялык ой-
мо-чиймелеринин бөтөнчөлүгү, материалынын өлбөс-
житпестиги менен баш чайкатат. Отургучтар жана
кезегинде алтын, күмүш жана баалуу кездеме, бу-
юм-тайымдар, кыскасы, көр дүйнө катылган сандык-
тары жаңгактан жасалган. Эки метрлик Россиянын
падышасы Петр Інин кроватындай болгон кровать
анын жанында эки креслосу да бар. Айткандай, Са-
войскийдин мезгилинде адамдар уктаганда буту-ко-
лун жазып, жатышкан эмес экен. Өлгөн киши гана
ушундай жатат деген ишенимде отуруп укташкан.

Андан өтүп, Берндин уктоочу бөлмөсүнө баш багабыз. Орто кылымдарда уктоочу бөлмө катарында пайдаланылган, айрыкча шыбындагы, дубалындагы өсүмдүктөр, мөмө-жемиштер жана айбанаттардын сөлөкөтү түшүрүлгөн чиймелеринин жыштыгы, обсөлөкөтү раздуулугу жана боёкторунун контрасттуулугу менен өзүнө тартат. Менимче, эки династиянын мезгилинде герцогдордун укум-тукумдарынын бир канча муундары жашап өтөшкөнү Пьер Савойскийдин уулу Пьере Iнин залынан билинет, алардын табитине жараша жасалгалары да ар башкача. Коридор менен баратып, жалаң баалуу, өтө бекем, өтө бышык жыгачтын кесиндилеринен жасалгаланган Савойский династиясынын айымдарынын залына киресиз. Бул залда көп ирет, мезгил-мезгили менен реставрациялангандыгын айтышты. Терезелери көп болгондонбу, залдан туруп көлгө көз чаптырасыз, Монтре шаарынын жака-белинде керилип жаткан Шильондун жүзүмзарларын көрөсүз.

Жүзүмзарлар демекчи, Швейцариянын жүзүмдөрү биздегидей эмес. Сепилдин карамагына таандык өзүнүн жүзүм бактары бар. Сепил виносу, тагыраак айтканда, Кло де Шильон деп коюшат, ак жүзүмдүн шасла деген сортунун жасалып, эң жогорку категориядагы маркасы боюнча айырмаланат. Так ошол сепилдин жанында өстүрүлүп, продукциясы да ошол жерде сатылат, түшкөн кирешеси сепилдин кем-карчына жумшалат. Бир кызыгы, ушул жүзүмзар өстүрүлгөн Лаво району ЮНЕСКОнун Бүткүлдүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген. Швейцарияда жүзүмзарларды өстүрүп-өнүктүрүү өзүнчө эле илим. Жогорку технологиялык жабдуулар-аппараттар кеңири колдонулат, илимий негизде гана мамиле жасалат. Жердин кыртышына, жайгашкан ордунун рельефтик өзгөчөлүгүнө маани берилет. Дөңсөөлүү кырларда өстүрүлгөн аянттардын ылдыйкы бөлүктөрүн таш же плотиналар менен бекемдеп, суу агызып же жамгыр жууп кетпеши үчүн бетосушат. Чакан-чакан карталарга бөлүп, түшүмү үчүн темир мамычаларды орнотуп, добул же жагымсыз аба ырайынан залал тартпас үчүн үстүн клеёнкалар менен калкалап жаап коюшат. Кол эмгеги менен эмес, техникалардын жардамы көбүрөөк керектелет.

Канча доорлор өтсө да, согушка, чабуулга жана баскынчылыкка карабай өзүнүн көөнө турпатын сактап калган сепилдин ибадатканасы. Шыбындагы жана дубалдарындагы эбегейсиз чоң, көлөмдүү XIV кылымдын эң мыкты художниктери тарткан сүрөттөр, жазуулар, картиналардын сыны кетпеген. Ыйык Георгий ибадатканасы герцогдордун менчик ибадатканасы болгон. А Берн мезгилинде амбар катарында, кийин кампанын кызматын аткарган. Сепил кантондук түрмөгө айландырылганда камалгандардын сыйынуучу жайы болгон. Эми үчүнчү эшик аркылуу Чоң залга өтөбүз, Савойский графтары салтанаттуу түштөнүүлөрдү, аземдүү балдарды (балмаскарад), майрамдарды жана сыйлуу конокторду ушерде кабыл алышкан. Аскердик чиндерди тапшырууда, аскердик тартипти бузуп, кылмышына жараша өкүм да ушуерде угузулган. Герцогдор муунуна талап да катуу болгону айтылат, таалимтарбия берүү жагынан өзгөчөлөнгөн. Жаш жубайлардын, тагыраак айтканда, жаңы үйлөнгөндөрдүн бөлмөсүнүн жасалгасы, ырым-жырымы, каада-салтынан кыздын эркек менен болгон биринчи түнүнө коюлган талаптын катуулугунан, эгер кыздык абийирине доо кетсе эл алдында ашкереленгендигинен кабар айтат. Жамандык менен жакшылык эриш-аркак

кармалган залда кылмышкерлерди жана тартип бузгандардын ишин карап, сотко жиберишкен. А кийинчерээк, Берн мезгилинде көбүрөөк тегирмендин жабдуулары орнотулуп, тиричилик багытында колдонулган. Бүгүнкү күндө ушул залды ижарага алып салтанаттуу кечелерди, концерттерди өткөрүүгө болот. Анткени байыркы дооpлордун жана Орто кылымдардын кучагында бүгүнкүнү синтездештирип, эс алууну каалагандар да бар. Артиллериялык кампа катарында колдонулган бөлмө, сурак кылуучу жана жазалоочу камера, башкы корпустан өтүп, төртүнчү эшиктен чыкканыңызда, чындап чарчаганыңызды сезесиз, анткени бир күндө бүт сепилди кыдырып-көрүп чыгууга таптакыр мүмкүн эмес.

Ал эми сепилдин чатырындагы эки коргонуу, күзөт жана кароол мунараларынын өз мезгилиндеги милдет-вазыйпасының орду чоң болгонун белгилеп, эгерде мунарага көтөрүлүп чыгуу бактысы туш келсе, көлдө кайкып сүзүп бараткандай учкул, кыялый сезимдерден канат бүтүп, сөз менен жеткире алгыс ажайып кооздукка кучагыңыз толо түшкөндөй болосуз... Кайда барбаңыз, кай тарапка көз чаптырбаңыз, мухиттей чалкыган Женева көлүнүн көркүнөн бошоно албай арбаласыз да каласыз, чеги жок бактылуулукка магдырайсыз....

ДҮЙНӨ АГЫЛЫП КЕЛИП-КЕТКЕН ЖЕНЕВА

Женеванын эл аралык аэропортунда бир көз ирмемге да тыным болбойт. Аркы-терки агылган адамдардан баш адашат. Жай басып жүргөндү жолуктуруу кыйын, шашкан кайдадыр эле ашыккандардын аягы тынчыбайт. Өнүккөн өлкөлөрдүн аэропортундагы жүргүнчүлөр үчүн түзүлгөн шарттар, ыңгайлуулуктарды айтпаңыз. Жүк көтөрүп деле кыйналбайсыз, атайын эколатор сыяктуу жол бар, ар бир багыт боюнча терминалдар стрелка менен көрсөтүлөт, ар бир залда учуп-конуунун тартибин таблодон көрөсүз. Стамбул – Ош багыты боюнча Ошко келип конуп, кеминде эки-үч сааттай жүгүндү күтүшүң керек. Аны колдору менен аңтарып тытып текшерип, анан өткөрөт. Аэропортто иштегендер: «Мынча берсеңиз, жүгүндү кол тийгизбей эле алып чыгып берем» – деп бетиңе эле айтат. Турциядан соода кылган коммерсанттарга мындай сунуш майдай жагабы, сени тебелеп-тепсеп өтүшөт. Кезек бузулуп, озунгандар түртүп-түртүп чыгып кетишет. Самолеттон түшүргөн жүктөрдү ыргытышканын карап отуруп, бизде качан тартип болот деп маанайың чөгөт... Шаардын борборунан болгону беш километр, ал эми темир жол вокзалынан сегиз километр алыстыкта. Аэропорттун бир жагынан Швейцарияга, экинчи жагынан Францияга чыгат.

Шаар атактуу Женева көлүндөгү Ронанын жээгинде жайгашкан. Абасы ушунчалык мээлүүн, көлдүн шапатасынан серүүн тартып, жайкысын салкын, кышындасы жылуу аба өрдөйт. Шаардын ажарын, сулуулугун сөз менен айтууга кудуретим жетпейт, көз менен көрүш, көкүрөк менен туюш керек... Мага катуу таасир берген биринчи кадамдагы Жан Жак Руссонун аралы болду. Көлдүн капшытынан чыга калган кургактыкка (илгери буерден портко чыккан бастион болгон) бак-дарак тигип, көз жоосун алган гүлдөргө ороп, сейил бакка айландырышкан. Деңиздин үстүндөгү жашыл токойду аралап жүргөндөй сезесиң өзүңдү...

Швейцариядагы Цюрихтен кийинки чоң шаарлардын бири, Женева кантонунун борбору – Женева шаары. Кичинекей өлкө болгону менен өтө өнүккөндүктөн көчүп келүү жана көчүп кетүү күч. Кырк пайызга жакыны жүздөй улуттагы чет өлкөлүктөр жашашат. Расмий тили – француз тили. Шаардын турмушу кымгуут, эл аралык масштабдагы съезд-конференциялар, маданий иш-чаралар тынымсыз өткөрүлүп турат. Женева деген сөздүн келип чыгышы кельт урууларынан калган: «gen – вход устье», «ava – вода» дегенди түшүндүрөт. Биздин заманга чейинки үч миң жылда жашаган адамдардын издери табылган. Б. з. ч. 58-жылдарда Юлий Цезардын аскерлери – легионерлер келип отурукташкан. Байыркы Рим доорунда Женева империянын гүлдөп-өнүккөн борбору болгон. 443-жылдары ал бургунду урууларынын бийлигине каратылып, Швейцариянын калган бөлүгүн алемандар ээлеп турган. Бургундулар герман уруусунун бир бөлүгү болгондуктан, алемандарга караганда римдиктердин тилин, каада-салтын, маданиятын тез өздөштүргөн. 534-жылы бургундулар королдугунан

бошотуп, франк урууларыээлеп алышкан. IX кылымдын аягында бургундулардын жаңы королевствошаарды чиркөөнүн төбөлдөрү князь-епископтор башкарып турган. 1290-жылы герцог Савойский Женеванын катмары өсүп-өнүгүп, соода-сатык аябагандай кеңейет. XVI кылымда шаардыктардын ортосунда карама-каршылык күчөйт, алар эркиндикти жана шаарды адилеттүү башкарууну талап кылышат. Бул күрөш 1530-жылы тынчтык келишимине кол коюу менен аяктайт. Ошентип, Женева автономиянын бир бөлүгүнө жана бир катар артыкчылыктарга жетишет. 1536-жылы Берн шаарынын колдоосу менен Савойскийдин ээлигинен бошотулат.

Женевалыктардын протестантизмге жакын болушунда 1538-жылдагы Реформацияны башкаруучулардан ушул кыймылды негиздөөчүлөрдүн бири Кальвиндин чиркөөлөрдү кайра куруу жөнүндөгү чакырыгы, «тынчтык аскетизмге» үндөөсү себеп болгон. Күнүнө эки жолу чиркөөгө барып, кыздар менен балдарды өзүнчө бөлүп, керелиден-кечке кыйнап, диний окууларды жаттоону, шаардыктардын адеп-ахлагына туура келбеген жорук-жосундарды жасоону талап кылган, идеяны сокурларча туураган, жактаган кальвинисттердин агымы пайда болгон. Кальвинди шаардан куып чыгышып, 1541-жылы анын «Христиан динине мажбурлоо» жөнүндөгү идеясын кайрадан колдоого алып, добуш беришкен. Женевага кайтып келген Кальвин ашкере диктатор чыгып, динди колдоп-таяган мыйзамдары менен элге, айрым прогрессчил көз караштагы катмарга жакпайт. 1602-жылы Карл- Эммануил түндөсү шаарды курчоого алып, диктордун үстөмдүгүнөн биротоло бошотот.

1685-жылы француз королу Людовик XIV «Нантский Эдикт» деген буйругун чыгарганда, көптөгөн француз гугеноттору Женевага келип, жашап калышат. Шаар экономикалык жактан болуп көрбөгөндөй өсүпөнүгөт. Так ошол кылымда Женева дүйнөлүк зергерлер менен саат усталардын борборуна айланат. Ушул кезге чейин Швейцария сааттарды жасоо боюнча биринчи орунда турат. Бүткүл дүйнөгө аты чыккан беш-алты атактуу саат фирмалары бар. Жылына 9 миллард доллар акча каражаты, киреше түшүп турат. Шаардын абдан кооз жерине гүлдөрдөн саат жасашкан. Кадимкидей иштейт. Бул саамалык (өз кезегинде бүткүл дүйнөнү таңдантканы ырас, азыр аны туурап бир канча өлкөдө жасашкан) швейцариялык саатчылардын урматына 1955-жылы 6500 түп гүлдөн куралган. Эң чоң секундунун стрелкасы 2,5 метрди түзөт, циферблатынын диаметри 5 метрлик. Жазында «анютанын көзү, бегония, сантолинаны эгишсе, жайкысын петуня, герань өңдүү көп түрдүү гүлдөрдөн отургузушат. Агартуучу жана революционерлер Жан Жак Руссо жана Вольтердин ысмы шаардын тарыхы менен тыгыз байланышат. Руссонун философиялык эмгектери Француз революциясын даярдоодо эбегейсиз роль ойногон. 1798-жылы Франция шаарды өзүнүн аймагына бириктирип, аны Леман француз департаменти деп жарыялайт. 1815-жылы Женева өз эрки менен Швейцариялык Конфедерацияга кошулат.

XIX кылым Женеванын тарыхындагы өзгөрүү жыл, анткени шаардын борборунда бай буржуазиянын хан сарайлары, көлдүн жээгине өтө кооз виллалар курулуп, шаардын ажары ачылат, бүгүнкү көрүнүшүнүн оожалышы башталат. 1864-жылы Женевада эл аралык Кызыл Крест коомунун өзөгү түзүлөт.

«Сольферино»- жүрөгү ооруган Анри Дюнан

Соодагер жана филантроп Анри Дюнан өзүнүн туулган шаарын Кызыл Крест коомунун борбору, ал гана эмес мамлекеттин гербинде адамзаттын эл аралык символу кылууга жетишкен. Ал 1828-жылы туулган. Анын жаштыгы Алжирде өтөт, ошол жерде эгин соодасы менен байыйт. Өз туулган жерине Швейцарияга кайтып келет. Тарыхтагы эң кандуу согуш Сольферино алдындагы салгылашууда бир күндө 33 миң адамдын көзү жумулат. Ал медсанитар болуп иштеп, мүнөт сайын лазаретке түшкөн жарадар жоокерлердин жанынан жылбай, жардам берет. Күндөп-түндөп ордунан кетпей, онтогон-кыйналган жоокерлердин жан азабынан көз жумганын көрүп, «Сольферино жөнүндө эскерүү» деген китебин жазат. Ошол эмгегинде согуштун апаатын айтып, кыйчалыш кырдаалда адамдарга камкордук көрө турган, жардам берген коом керек деп, өзүнүн мекендештерин нейтралдуу уюм түзүүгө чакырат. Гуманисттин ою ишке ашып, 1864-жылы биринчи жолу Женева Конвенциясына кол коюлат.

Дюнан жаңыдан уюштурулган уюмга өзүнүн бүт каражатын, алжирлик өнөктөш-инвесторлордукун да жумшайт. Бирок анын кызматташтары кайрымдуулук иштерин жасабай, өз кызыкчылыгын көздөп, тескери басып кетишет. Бүт болгон мүлкүнөн ажыраган Дюнан оор кудуретсиздикке учурап, Женеваны таштап кетүүгө аргасыз болот. Арадан жыйырма жыл өткөндөн кийин, 1887-жылы ал жашырыкча шаарга кайтып келип, Хейденде жашайт. 1901-жылы биринчи жолу эл аралык Нобель сыйлыгына татыктуу болот. Анри Дюнан 1910-жылы жарыкчылык менен коштошот.

1920-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун имараты эшигин ачат. Сарайдын бет маңдайында жаңылышпасам узундугу үч же төрт метрлик бир буту сынык, үч буттуу үстөлдүн статуясы бар. Ким кандай түшүнүп, кандайча чечмелесе өзүнө, каймана маани катылган. Ошол дворецтин тегерегинде башаягы билинбеген, деминизди ичке катып, акыл-эсти таңданткан эң бир кооз, эң бир көркөм, жамгырдан кийин кулпурган табияттуу бир артыкбаш эч нерсеси жок Ботаникалык бак бар. Ал жерде беш миллионго жакын өсүмдүктүн түрлөрү, өрдөк-каздар үчүн кооз көлмөлөр, жапайы жаныбарлар кадимдегидей адамдар менен аралашып жүрөт. Кактустун канчалаган коллекциясын илимдин кызыкчылыгы үчүн өстүрүшкөн. БУУнун имаратында ар түрдүү тематикадагы, мамлекеттик жана коомдук, эл аралык миссиядагы конгресс, конференция, илимий симпозиумдар жана башка өңүттөгү иш-чаралар өткөрүлөт.

Көлдүн жээгинде Гиннестин китебине кирген, жасалгасы жана тейлөө маданиятынын артыкчылыгы үчүн беш жылдыздуу Кемпинский отели бар. Шаарда мейманкана, отелдер, эл аралык брендиге айланган модалуу кийим-кече, парфюмерия, идиш-аяк, эмеректер, саатын түр-түрүн саткан дүкөндөр, соода борборлору жайнайт. ЮНИСЕФ, ЮСАИД, ПРООН, ВТО өңдүү көптөгөн эл аралык уюмдар, бир канча дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин элчилиги, Качкындарды коргоо боюнча комитети, бир канча өлкөлөрдүн соода өкүлчүлүгү, 120дан ашык банктар, инвестициялык жана камсыздандыруу коомдорунун имараттары, атактуу фирма-концерндердин штаб-квартиралары жайгашкан, кыскасы, Женева учурда дүйнөлүк бизнестин жана финансынын ири борборуна айланган. Европадагы эң атактуу опера

жана балет «Гранд-театры» жана башка бир нече белгилүү театрлары, ошондой эле шаардын өзүндө отуздан ашык көркөм галерея жана музейлер бар.

Женевага бүткүл дүйнө жүзү агылып келип, агылып кетип жаткандай туюлду мага. Космополитизм шаары деп бекеринен аташпаса керек. Эл кымгуут болгондуктан, акыркы мезгилдерде ар кандай инциденттер, кылмыштуулук да көбөйүп баратканын айтышты, айрыкча, чөнтөкчүлөр – ууурулар байкатпай туруп акыл-эске сыйбаган кылдаттык менен чөнтөгүңүздү кандай тазалап кетишкенин байкабай каласыз. Канткен менен көлдүн көркөмү менен цивилизациянын ордосуна айланган Женеванын тузун татып, топурагын басканга шүгүрчүлүк келтирдим. Өмүрдүн кайсы бир белесинде кайрадан жүз көрүшкөнчө аман бол, сулуулук менен кооздуктун гармониясы – Швейцария!

Ош–Стамбул–Германия–Швейцария
2013-жылдын декабрь айы.

МАЗМУНУ

Алгы сөз....3
Бутка чалынган аюулар, кербезденген Берн....8
Эң стилдүү шаар, реформациянын бешиги – Цюрих....23
Монтре – бейиштин өзү....31
Бутка тура албай иче турган күн....39
Олимпиялык музей-парк – Лозаннада....44
Ройс – Люцерндин тарыхый таканчыгы....53
«Жакшы художниктер көчүрөт,
улуу художниктер уурдайт»....60
Сулуунун карегине кадалткандай – Интерлакен....67
Уяң, наздуу «Кыз тоо»....74
Шерлок Холмстын укмуштуу окуялары....81
Шильон сепилинин даңкын чыгарган ким?....86
Жорж Гордон Байрон....89
«Шильон туткуну»....94
Сепил – дооорлордун таш күзгүсү....97
Дүйнө агыяып келип-кеткен Женева....105
«Сольферино» – жүрөгү ооруган Анри Дюнан....109

Көркөм-адабий басылма

Исмаилова Ризван

Дүйнөсү түгөл Швейцария

Жол очерктери

Бишкек, «Турар» басмасы
Кыргыз тилинде

Редактору Ж.*Теңирбергенова*
Компьютерде калыпка салган *Р.Атабаев*

Басууга 30.06.2014-ж. берилди.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 7 б. т. + 16 б. вкл. түстүү
Нускасы 3000 даана. Заказ № 1211

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көч., 1.





Исмаилова Ризван Ураимовна

Республикалык «Эркин тоо» гезитинин Түштүк аймагы боюнча өкүлү, филология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун доценти. Ал «Жолон Мамытовдун лирикасы» , «Эпикалык чабыттар» илимий-усулдук жана «Европанын берметтери», «Сырдуу Италия», «Ак өрүк», «Кайрымдуу жүрөк карыбайт» аттуу прозалык китептердин автору.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-даражадагы, облустук жана республикалык «Алтын калем» конкурсунун дипломдоруна татыктуу болгон. «Кыргызстан–Сорос» фондунун, ПРООН, ЮНИСЕФ жана ЮСАИД эл аралык уюмдарынын, Улуу Британиянын Эл аралык министрлигинин ММК боюнча республикалык конкурстардын жеңүүчүсү, республикалык К.Бобулов атындагы сыйлыктын лауреаты.